**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Кол жазма укугунда**

**УДК: 398.221 (575.2) (043.3)**

**МАДАНОВА КЫЗБУРАК ЖАПАРОВНА**

# "МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ БАЙЫРКЫ ДИНИЙ ИШЕНИМДЕРДИН ЭПИКАЛЫК МОТИВ КАТАРЫ БЕРИЛИШИ (С.КАРАЛАЕВДИН ЖАНА Б. САЗАНОВДУН ВАРИАНТТАРЫ БОЮНЧА)

**10.01.09-фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация**

**Илимий жетекчи:**
**Жамгырчиева Гүлина Төлөбаевна,**
**филология илимдеринин доктору**

**Ош - 2021**

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**........................................................................................................4

**I ГЛАВА. "МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ КӨӨНӨ МОТИВДЕРДИ ЭПИКАЛЫК АСПЕКТТЕ ИЗИЛДӨӨНҮН ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ**........................................................................................11

1.1. "Манас" эпосундагы көөнө мотивдердин фольклор таануу жана башка илимдерде изилденүүсүнө сереп..........................................................................11

1.2. "Манас" эпосундагы көөнө мотивдерди эпикалык аспектте изилдөө кыргыз фольклористикасынын келечектүү багыты катары...............................18

I глава боюнча кыскача корутунду..................................................................23

**II ГЛАВА. "МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ КӨӨНӨ ДИНИЙ ИШЕНИМДЕРДИ ЭПИКАЛЫК АСПЕКТТЕ ИЗИЛДӨӨНҮН ОБЪЕКТИСИ, ПРЕДМЕТИ, МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МАТЕРИАЛДАРЫ**..........................................................................................25

2.1. "Манас" эпосундагы көөнө мотивдерди эпикалык өңүттө изилдөөнүн объектиси жана предмети........................................................................................25

2.2. "Манас" эпосундагы көөнө мотивдерди эпикалык аспектте изилдөөнүн методологиясы жана методдору.........................................................................32

2.3. Изилдөөнүн негизги материалдарына кыскача адабий-теориялык экскурс......................................................................................................................44

II глава боюнча кыскача корутунду.................................................................48

**III ГЛАВА. "МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ БАЙЫРКЫ ДИНИЙ ИШЕНИМДЕРДИН ЭПИКАЛЫК МОТИВ КАТАРЫ БЕРИЛИШИ**........................................................................................................51

3.1. "Манас" эпосундагы исламга чейинки диний ишенимдердин эпосто эпикалык мотив катары кездешүүсү, тотемизм ишениминин эпосто берилиши....................................................................................................................51

3.2. Анимизм, ага байланыштуу ишенимдин эпосто көркөм чагылышы...................................................................................................................70

3.3. Шаманизмдин байыркы элдик ишеним катарында эпосто берилиши........................................................................................................77
3.4. Фетиштик көз караштардын эпостук сюжетте көркөм чагылышы......................................................................................................90
3.5. Теңирчиликтин кыргыз элинин руханий маданиятынын өнүгүү контекстиндеги орду..........................................................................115
3.6. Эпостогу теңирчилик ишениминин мотивдери.......................................123
III глава боюнча кыскача корутунду...............................................................156
**КОРУТУНДУ**..........................................................................................161
**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**.................................................................167
**АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ**................................................169
**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**...........................174
**ТИРКЕМЕЛЕР**.......................................................................................186

# КИРИШҮҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз элинин улуттук өзүн таанып-билүүсү жана руханий турмушу өткөндүн маданий мурастарын өздөштүрүү жана алардын азыркы учурдагы жаңы мааниге ээ болуусун баалоого байланыштуу залкар сөз чебери Ч. Айтматов белгилегендей, кыргыз рухунун туу чокусу болгон "Манас" эпосундагы руханий баалуулуктар катарында кыргыз элинин көөнө диний ишенимдери айрыкча орунга ээ. Ошондуктан кыргыздардын маданий турмушунун материалдарынын негизинде байыркы диний ишенимдердин дүйнө караштык маанисин тарыхый-фольклордук планда талдоо жана баа берүү зарылчылыгы теманын актуалдуулугун аныктап турат.

"Манас" – кыргыз элинин кеңири белгилүү өзгөчө зор көлөмдүү баатырдык эпосу жана кыргыздардын көптөгөн кылымдар бою өз билгендери менен табылгаларынын алгылыктууларын, басып өткөн жолу менен башынан кечирген окуялар жөнүндөгү маалыматтардын орчундууларын дээрлик бүт чогулткан казынасынын милдетин аткарып, элдин ыйык тутуп, укумдан-тукумга сактап, улам толуктап келе жаткан улуу мурасы, эл турмушунда мааниси, орду боюнча улуттук сыймыгы катары бааланууучу чыгарма.

Жанрдык белгилери боюнча "Манас" – баатырдык эпос. Көп кылымдар бою кыргыздардын эл катары атын сактап, тукум улоо, биримдигин жоготпоо үчүн жүргүзүп келген тынымсыз жана оор кармашын баяндоого арналган бул чыгармадагы башкы тема - элдин эркиндиги, көз карандысыздыгы үчүн күрөш, сырттан басып кирген душмандарга каршы салгылаштарда көрсөтүлгөн эрдиктерди даңазалоо, ынтымакка, биримдикке чакыруу. Ушуга ылайык эпостун мазмунунда түрдүү мүнөздүү чоң жана чакан ар кандай окуяларды баяндоого орчундуу орун берилген. Эпостогу эл турмушунун көпчүлүк бөлүгү согуштарда өтөт. Ал согуштар баскынчыларга каршы күрөш, жайыт үчүн, жер үчүн коңшу уруулар арасындагы чырдашуулар, жортуулчуларга каршы туруу, зомбулук көрсөтүүлөргө,

басмырлоого каршылык көрсөтүү, ата-бабалардын туулуп өскөн жерин, Ата-Журтту баскынчылардан бошотуу аракети, өзү катылган жоонун мизин кайтарып сокку берүү, душмандын талоонуна учурап, кордук көрүп, жабыр тарткан уруулаш же кандаш туугандарына жардам өңдүү согуштар.

Чыгармадагы каарман, кейипкерлердин образдарын түзүүдө негизги сапат катары эрдик көрсөтүү жеке эле айрым баатырлар гана эмес, жалпы эл, эр, бүлөгө бирдей милдет. Бирок, "Манастын" мазмунунда камтылган окуялардын чеги жана алардагы маалыматтардын жыйындысы элдик каармандыкты, башкача айтканда согуштарды, ага байланыштуу иш-аракеттерди, көрүнүштөрдү гана сүрөттөөдөн алда канча кеңири. Чыгарма анын калыптанышынын алгачкы мезгилине таандык болгон көөнө эпикалык мотивдерге да бай.

Эпостогу архаикалык мотивдер диний жана мифологиялык өңүттө болуп, кээде булар синкреттешкен формада да учурайт. Аталган мотивдер жай турмуштук жана согуштук окуялар арасында айтылган чакан кабарлардан гана эмес, элдин абалы, жашоо шарты, үрп-адаты, көз карашы кеңири баяндалган көлөмдүү эпизоддордон, эпостун окуяларынын өнүгүшүндө зор мааниге ээ көлөмдүү бөлүмдөрдөн да арбын жолугат. Эпостун бул мүнөздөгү бөлүмдөрүнүн ар бири калк турмушунун белгилүү бир жагын чагылдырууга арналып, ошол көрүнүшкө тиешелүү ар тараптуу жана терең деталдаштырылган эң бай маалыматтарды ичине камтыйт.

Көөнө мотивдерге мисалы: баласыз улгайган адамдын зарынан тартып, баатырдын укмуштуу төрөлүшү, ага байланыштуу элдик ырым-жырымдар, расмилер, баланын адаттан тыш тез чоңоюшу, койчуманга тарбиялаттыруу "Манастын туулушу жана бала чагы" бөлүмүндө, эрдиктери, эл башкаруу, уюмдашуу, элди бириктирүү, атайын башкарылган топко биригүү жөнүндөгү аракеттер, түшүнүктөр "Манастын кан шайланышында" чечмеленет. Баатырдык үйлөнүү көөнө мотиви, куда түшүү, баласын үйлөөгө байланыштуу каада-салттар, "Манастын Каныкейди алганында" чагылдырылса, адам өлүмү, сөөк коюу үрп-адаттары "Көкөтөйдүн ашы",

“Манастын өлүмү жана ага күмбөз салдыруу” бөлүмдөрүндө баяндалат.

Элдик турмуштун көрүнүштөрүнүн аталган бөлүмдөрдүн чегине сыйбаган, алардын сюжеттик нугунан сыртта калган көптөгөн белгилери, салттык, үрп-адаттык расмилер, түшүнүктөр эпостун көптөгөн башка эпизод, бөлүмдөрүндө, ал түгүл жай турмуш элестери кээде жалаң согуштук окуялар арасында да кыстарылып баяндалган учурлар да аз эмес. “Манас” эпосунун эл турмушунун бардык тармактарын камтыган фактыга өзгөчө бай мазмуну кыргыздардын каада-салттарынан тартып, эл тагдырында чоң мааниге ээ орчундуу окуяларга чейин, башынан өткөргөн ар кыл мезгилдеги эл тиричилигинин көрүнүштөрү, жашоо, жаратылыш, коом, жакшылык-жамандык жөнүндөгү түшүнүктөрү, диний ишенимдери, медициналык ж.б. билимдери жөнүндө бай, баалуу маалыматтар берет.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелер жүргүзүп жатышкан ири илимий программалар, негизги илимий-изилдөөчүлүк иштер менен байланышы.** Ош мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасынын илимий изилдөөчүлүк планы менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты.** Кыргыз элинин исламга чейинки көөнө диний ишенимдерин “Манас” эпосунун негизинде фольклордук дүйнө таануучулук жана социалдык-маданий аспектилерде талдоо, тотемизм, анимизм, шаманизм, фетишизм, теңирчиликтин эпосто эпикалык мотив катары келишин аныктоо, алардын эпостун сюжетин өнүктүрүүчү маанисин ачып көрсөтүү, окумуштуулардын көөнө диний ишенимдер боюнча илимий пикирлерин, алардын мазмунуна жана баалуулуктарына байланыштуу берген бааларын кароо болуп саналат.

**Изилдөөнүн милдеттери.** Буга ылайык диссертацияда төмөнкү милдеттер коюлган:

1. Фольклорист, этнограф жана дин таануучу окумуштуулардын көөнө диний ишенимдер боюнча изилдөөлөрүн, илимий көз караштарын өздөштүрүү;
2. Көөнө диний ишенимдердин “Манас” эпосунда кыргыздардын ачык дүйнө таанымы катары берилишин көрсөтүү жана маанисин ачуу;

3. Кыргыз элинин байыркы диний ишенимдеринин ички мазмунун, структурасын жана атрибутикаларын иликтөө, эпикалык чагылышында көрсөтүү;

4. Кыргыз элиндеги жана башка элдердеги көөнө диний ишенимдерди салыштырып талдоо, эпостун мисалында ачып берүү;

5. Улуттук дин болуп калган же дүйнөлүк диндер менен синкреттешкен айрым салттуу ишенимдердин калыптануу жана өнүгүү тарыхын эпостун мисалында кароо;

6. Кыргыздардын коомдук турмушундагы көөнө диндердин жана анын ичиндеги теңирчилик дининин ролун изилдөө жана баалоо, "Манас" эпосунда салттуу эпикалык мотив катары келүүсүн аныктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы кыргыздардын руханий дүйнө тааным ыкатары көөнө диний ишенимдерге концептуалдык, фольклордук-тарыхый талдоо жүргүзүүгө аракет жасалгандыгында болуп саналат. Тактап айтканда, диссертацияда:

1. Көөнө диний ишенимдер боюнча эпостун мисалында деталдаштырылган талдоо жүргүзүлөт;

2. Көөнө диний ишенимдердин фольклордук аспектилери каралат, алардын мазмуну, структурасы ачылып берилет;

3. Көөнө диний ишенимдердин атрибутикасы классификацияланат, б.а. мифология, жөрөлгөлөр, салт-санаалар, символдор эске алынат;

4. Тотемизмдин "Манас" эпосунун сюжетинде эң көөнө ишеним катары уруунун келип чыгышына байланыштуу көрсөтүлүшү белгиленет;

5. Анимизмдин байыркы аң-сезимдик маңызы эпостун сюжетинин мисалында көрсөтүлөт;

6. Шаманизмдин ритуалдык-фольклордук, культтук-жөрөлгөлүк мааниси эпикалык мотив тутумунда ачылып берилет;

7. Фетишизмдин эпикалык мотив катары эпосто берилиш өзгөчөлүктөрү белгиленет;

8. Теңирчилик ишениминин дин катары келишин тактоого байланыштуу объективдүү тарыхый себептери каралат;

9. Теңирчилик жана исламдын салттуу ишеним жана дүйнөлүк дин катары синкреттешүүсүнүн жана өз ара таасиринин тажрыйбасы эпостун мисалында иликтенет.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси.** Бул диссертациянын илимий тыянактары, табылгалары жалпы эле кыргыз фольклорундагы эпосторду эпикалык өңүттө иликтөө проблемалары боюнча мындан кийин жүргүзүлүүчү изилдөөлөргө теориялык көмөк, багыт болуп бере алат.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Практикалык маанисине келсек диссертациянын натыйжалары жогорку окуу жайларда фольклордук чыгармачылыкты, жеке алсак, эпос жанрын, манастаанууну окутуп-үйрөтүүдө колдонулат. Мындан сырткары, кыргыз фольклору боюнча окуу-усулдук куралдарды, көрсөтмөлөрдү, колдонмолорду түзүүдө пайдаланылат.

Изилдөөбүздүн **негизги объектисин** “Манас” эпосунун канондук тексттери түзөт, иште эпостун С.Каралаев менен Б.Сазановдун айтуусундагы варианттарына басым жасалды. Биз эң ириде ушул материалдарга изилдөө объектиси катары таянуу менен өз изилдөөбүздүн максатын жана милдеттерин ырааттуу түрдө жүзөгө ашырабыз. Ошондой эле, “Манас” эпосун өздөрүнүн изилдөөлөрүнүн объектиси менен предметине айлантышкан абройлуу окумуштуулардын маанилүү илимий-теориялык эмгектерин да илимий булак катары пайдаланып, ылайыгына жараша изилдөө объектисине тартабыз.

Изилдөөбүздүн **негизги предметин** залкар “Манас” эпосунун көөнө эпикалык сюжети, алардын татаал карым-катнашы, көөнө диний мотивдердин айкалышуусу жана чырмалышуусу көрсөтүлгөнү түзүп турат. Изилдөөнүн предметине эпостогу архаикалык мотивдердин алынышы алардын өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн ичкериден тереңдетип ачуу мүмкүнчүлүгүн берет. Мына ушул жагдай бизге “Манас” эпосунда көөнө элдик диний ишенимдердин сюжеттик тутумда дүйнөтаанымдык орду бар

экенин илимий негизде талдоого алууга жана аныктоого, айкындоого шарт түзөт.

**Диссертацияда коргоого алып чыгылган негизги жоболор:**

1. “Манас” эпосундагы көөнө диний ишенимдердин эпикалык мотив катарыкелишин системалуу түрдө иликтеп, алардын эпостун сюжет курулушундагы ролун аныктайт;

2. Окумуштуулардын изилдөөлөрүндөгү көөнө диний ишенимдердин мазмунуна жана баалуулуктарына байланыштуу пикирлерин, берген бааларын карап чыгып, аларда көөнө диний ишенимдердин мифологиясына жетиштүү көңүл бөлүнүүсүнө сереп салынат, алсак, дүйнөнүн жаралышы, ааламдын, адамдын жаратылышы ж.б.;

3. Түрк-моңгол элдеринин маданиятындагы, анын ичинде фольклорундагы тотемизм, анимизм, шаманизм жана фетишизм, теңирчиликтин, айырмасын, эпостогу ордун белгилейт;

4. Теңирчилик айрым диний булактарда бардык түрк-моңгол элдеринин дүйнө таанымыкатары эсептелгени жана анын бул элдерди маданий жана руханий жактан бириктирүүчү универсалдуу кубулуш экендиги “Манас” эпосунун мисалында көрсөтүлөт;

5. Көөнө диндер феномени көптөгөн кылымдар бою түрк-моңгол элдерин уюштуруучу жана бириктирүүчү күч катары болуп келгендиги, айрыкча, орто кылымдардагы буддизм, христиан дини жана исламга караганда эффективдүүлүгүн сыпаттайт;

6. Орто кылымдарда теңирчилик ишениминин дүйнөлүк диндер тарабынан акырындап сүрүлүп чыга башташы белгиленип, бирок, кыргыз элинде ушул күнгө чейин анын салттары жана ритуалдары сакталат;

7. Түрк элдериндеги, анын ичиндеги кыргыз элиндеги теңирчилик жана исламдын синкретизми ачыкталып, мусулман догмасынын жана Көк Теңирдин алдындагы бирдиктүү кудайга ишенүүгө негизделген көөнө ишенимдин айкалышып жашоосу эпостун мисалында көрүнөт.

**Изилдөөнүн методдору.** Диссертациянын темасын ачууда изилдөөнүн салыштырма-типологиялык, салыштырма-тарыхый, сыпаттама методдору колдонулду.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.** Диссертациянын негизги илимий жыйынтыктары жана жоболору темага тиешелүү илимий-теориялык, фактылык материалдарды жана көөнө диний ишенимдердин дүйнө караштык маңызын фольклордук-тарыхый планда талдоого негизделип, кыргыз элинин эпикалык мурасы "Манас" эпосун ар тараптуу изилдөөгө кошулган изденүүчүнүн жекече салым болуп саналат.

**Диссертациянын натыйжаларынын апробациясы.** Республикалык жана эл аралык илимий-теориялык, илимий-практикалык конференцияларда изилдөөнүн негизги мазмуну боюнча конкреттүү баяндамалар жасалган.Ошондой эле РИНЦ (Российский индекс научного цитирования) тутумуна кирүүчү "International Scientific Journal.Theoretical & Applied Science" илимий-методикалык журналына 2019-жылдын октябрь айында эки илимий макала, ал эми Sacred Three as an Archaic Motif in Kyrgyz Epic деген макалаOpen journal of modern linguistics (Web of Sciences) журналына 2020-жылдын декабрь айында жарык көргөн.

**Диссертациянын натыйжаларынын публикацияларда чагылтылуу толуктугу.** Изилдөөнүн негизги жоболору 12 (он эки) публикацияда ачылып берилген. Тема боюнча жарык көргөн эмгектердин жалпы көлөмү 6,2 басма табакты түзөт.

**Диссертациянын түзүмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан, сегиз параграфтан, главалар боюнча кыскача корутундулардан, жалпы корутундудан, практикалык сунуштардан, айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсүнөн, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Иштин негизги бөлүмүнүн көлөмү 167 (жүз алтымыш жети) бетти, адабияттардын тизмеси менен тиркемелер кошулгандагы жалпы көлөмү - 188 (жүз сексен сегиз) бетти түзөт.

# I ГЛАВА. “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ КӨӨНӨ МОТИВДЕРДИ ЭПИКАЛЫК АСПЕКТТЕ ИЗИЛДӨӨНҮН ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. “Манас” эпосундагы көөнө мотивдердин фольклор таануу жана башка илимдерде изилденүүсүнө serеп

Кыргыз элинин миң жылдан ашуун мезгилди ичине камтыган тарыхый жолунун көркөм чагылдырылышы болгон “Манас” эпосу - аны жараткан элдин тарыхын, философиясын, этнографиясын, тилин, көркөм өнөрүн, психологиясын, географиясын, медицинасын жалпы эле рухий жана социалдык турмушунун ар кыл жактарын изилдеп үйрөнүүдөгү өзгөчө бай жана баалуу булак. Эпостун бул өзгөчөлүгү Ч.Ч. Валиханов, В.В. Радлов ж.б. изилдөөчүлөргө эпосту кыргыз турмушунун  көркөм энциклопедиясы катары баалоого негиз болгон. Чет элдик жана орус фольклористикасында бул багытта, фольклордогу диний мотивдерди иликтөө багытында Э. Тайлор, Дж. Фрэзер, К.Г. Юнг, Л.Я. Штернберг, С.А. Токарев, В.Н. Топоров ж.б. фундаменталдык изилдөөлөрүн жаратып кетишти [108; 119; 126; 123; 109; 111].

Кийинки кылымдарда калыптанып өөрчүүгө жетишкен кыргыз фольклористикасында фольклордук жанрлардагы, анын ичинде “Манас” эпосундагы диний мотивдер фольклорист, этнограф окумуштуулар Э.Абдылдаев, С.М. Абрамзон, Р.З. Кыдырбаева, И.Б. Молдобаев, Ш.Б. Акмолдоева, Т.Д. Баялиева, Маничкин Н.А. ж.б. эмгектеринде өз проблемаларына байланыштуу айрым каралган [1; 4; 5; 55; 76; 8; 9; 17, 68].

Аталган окумуштуулардын изилдөөлөрүндө фольклордук, этнографиялык, тарыхый, философиялык ж.б. планда “Манас” эпосунун оозеки эпикалык салттарынын өнүгүүсүнүн өзөктүү маселелери болгон эпостун келип чыгуусу, стадиалдык-тарыхый өрчүшү, поэтикасы жана образдык тутуму, генеалогиялык циклдешүү, айтуучулук өнөр, эпостун

варианттарын салыштырмалуу изилдөө, эпикалык мейкиндик жана убакыт маселеси, архаикалык жана диний катмарлар ж.б. каралган жана бул иштер улам кийинки окумуштуулардын муундары тарабынан улантылууда.

Фольклорист Э.Абдылдаевдин пикири боюнча “Манас” эпосу өрчүү жана калыптануу жолунда абдан байыркы жана көп катмардуу экендиги эскертилет. Окумуштуу тарабынан эпостогу жалпылап алганда ири үч катмарды бөлүп көрсөтөт, алар байыркы, ортоңку жана соңку тарыхый катмарлар болуп саналарын,байыркы катмарда архаикалык, мифологиялык тариздеги ажыдаарлар, жалгыз көздүү дөө, мифологиялык жаныбарлар – аркарлар, түлкүлөр, өрдөктөр, адамча сүйлөй билген, канатчан аттар, сыйкырдуу көрүнүштөр, дарымдоолор ж.б. болсо, ортонку тарыхый катмарда көп тарыхый идеялар күчтүү эпикалык образдарга айланып, эпикалык жанрдын мыйзамына баш ийдирилгендиги, ал эми соңку тарыхый катмарга ислам дининин таасири мүнөздүү болуп, мифологиялык образдар менен катар эле кээде мусулман дининин мотивдери да учурары белгиленет [1,78-б.]. Фольклористтин бул пикирине толук кошулуу мененэпостун байыркы мифологиялык катмары кыргыз элинин эң көөнө тарыхын – элдин калыптануу этабын чагылдырарын баса көрсөткүбүз келет. Эпостун байыркы катмарын баяндаган тили табышмактуу метафораларга жана символдорго бай. Ошол түшүнүксүздүгүнө жана табышмактуулугуна карабастан ал адамды өзүнө тартып турат.

Окумуштуу Р.З. Кыдырбаева эпостун доорлорду, кылымдарды басып өткөн жолунда пайда болгон катмарлануулары баса белгилөө менен анын оозеки табиятына байланыштуу келип чыккан бул өзгөчөлүктөргө кеңири токтолгон. Ошондой эле айтуучулук өнөрдүн эпостун жоголбой сакталып, биздин күндөргө жетип келүүсүндөгү маанисин ачып көрсөткөн. Ал эми эпостогу көөнө диний мотивдер алгачкы адамзаттык ой жүгүртүүнүн бир салаасы катары келерин белгилеген. Илимпоздун пикири боюнча “Манас” эпосундагы көөнө катмарлар эпостогу көөнө мотивдердин, сюжеттердин, образдардын жана көркөм туюнтуу каражаттарынын системасынан түзүлөт.

“Манас” жанрдык-стадиялык жагынан  негизинен тарыхый-баатырдык эпоско жатса да, анын айрым эстеликтери, айрыкча Кыргызстандын түштүгүнөн жазылып алынган варианттардын (Б.Султанов, М.Акбаев, А.Ташов, А.Тажибаева ж.б.) сюжеттик курамы, образдары, көркөм сөз каражаттары жана алардын тарыхый-филологиялык өзгөчөлүгү боюнча толук бойдон көөнө баатырдык эпостордун катарында турат. Көөнө катмар жана архаикалык мотивдер дегенде эпикалык чыгармачылыктын мифологиялык, тарыхый-баатырдык жана андан кийинки этаптарына таандык чыгармалардын поэтикалык түзүлүшүнөн орун тапкан, анын мазмунунда  тарыхый баатырдык теманы көркөм чагылдыруу үчүн кызмат кылган көөнө, мифологиялык (тотемдик, шамандык, анимисттик, фетиштик ж.б.) мотивдер, сюжеттер, эпизоддор, образдар жана көркөм сөз каражаттарынын тутумун түшүнөрүбүз белгиленет [55, 393-б.].

Окумуштуу С.М. Абрамзон өзүнүн этнографиялык пландагы изилдөөлөрүндө көөнө диний ишенимдердин кийинки кылымдарда кыргыз эл салттуу тутунган ислам дини менен синкреттешип жашап жаткандыгын каада-салттык жагдайдагы мисалдарда ачып берет, мындан элдик аң-сезимде байыркы доорлордо кирген эски жана кийинки доорлордо кирген түшүнүктөр шайкеш сакталып келе жаткандыгы байкаларын белгилейт [4, 5-б.].

И.Б. Молдобаев “Манас” эпосун тарыхый-этнографиялык таризде талдоого алуу менен бирге байыркы диний түшүнүктөр боюнча да жазма булактарга кайрылуу менен өзү изилдөөгө алган проблематикага байланыштуу токтолуп кеткен жана аларды түрк тилдүү элдердин этнографиялык мисалында салыштырмалуу талдоого алган [76, 45-б.].

Эпостун көөнө катмарында көптөгөн мифологиялык түшүнүктөр камтылган. Ааламдын үч бөлүктөн турган модели, байыркы адамдардын космогониялык түшүнүктөрү, бир сөз менен айтканда, рухий маданияттын эң табышмактуу, аз изилденген тармагы. Ушул катмар эпостун башаттык

негизги өзөгүн түзүп турат. Бул тууралуу окумуштуу Ш.Акмолдоеванын эмгектеринде философиялык өңүттө сереп салынып белгиленет [8; 9].

Т.Д. Баялиеванын “Доисламские верования и их пережитки у киргизов” (1972) деген аталыштагы монографиялык эмгеги этнографиялык изилдөө болуп, совет бийлиги мезгилиндеги атеисттик көз караштын таризинде жазылган. Бирок бул эмгектин баалуулугу талаа этнографиялык материалдарынын негизинде аткарылып, XXкылымдын ортосундагы жана андан кийинки он жылдыктардагы учурда эл арасында сакталып калган исламга чейинки көөнө диний ишенимдердин – тотемизм (мүйүздүү эне, бугу, кийик, ит, бөрү, илбирс тотеми ж.б.), анимизм, тоо-таш, жер-суу тайып, жаратылыш кубулуштарына сыйынуу, кут түшүү түшүнүгү, шаманизм (бакшылык өнөр), ата-баба арбактарынын культу сыяктуу ынанымдардын жашоо мүнөзүн ачып, алар боюнча кызыктуу материалдарды камтыгандыгында болуп саналат. Автор эмгекте эл арасынан оозеки айтып берүүдөн жыйналган этнографиялык материалдар менен бир катарда фольклордук материалдардга да кенири орун берген. Ошондой эле маркумду узатуу, сөөк коюу, демонологиялык элестөөлөргө байланыштуу этнографиялык иликтөөлөр бар [17, 27-б.].

Фольклорист Жамгырчиева Г.Т. кыргыз эпосторундагы архаикалык мотивдерди изилдөөгө арналган эмгегинде (2015) “Манас”, “Эр Төштүк”, “Кожожаш” эпосторундагы сюжеттин тутумунда кездешкен архаикалык мотивдерди мифологиялык, архаикалык өңүттө иликтөөгө алган. Алардын эпостордун калыптанышындагы, идеялык-тематикалык мазмунундагы ордун ачып берген. Өзүнүн изилдөө багытына карай көөнө диний мотивдердин эпикалык жагдайдагы өзгөчөлүктөрүнө айрым талдоо жүргүзгөн [37, 45-б.].

Ал эми Н.Х. Бекмухамедованын “Эпос “Манас”: проблемы онейротопики и визионотопики (структура, функции, символика)” (2018) деген эмгегинде “Манас” эпосундагы түш көрүү жана аян көрүү мотивдеринин поэтикасы маселеси изилденип, аталган мотивдердин структурасы жана эпостун тутумунда аткарган кызматы, типологиясы,

мифтик-поэтикалык символиканы үйрөнүүдө алардын салттуу көркөм каражат катары келиши, улуттук аң-сезимдеги архетиптерди бекемдөөдөгү мааниси аныкталган. Түш көрүү жана аян берүү көрүнүштөрүн изилдөө авторго эпостун көркөм чындыгынын өзгөчөлүгүн ачууга жана дүйнөнүн эпикалык моделинин мейкиндик чектерин аныктоого мүмкүнчүлүк берген. Бул изилдөөдө окумуштуу тотемизм жана шаманизм көөнө ишенимдерине өзүнүн илимий изилдөө багытына байланыштуу айрым токтолуп кеткен. Эмгекте түш көрүү феноменине байланыштуу шамандар жана манасчылардын кесипкөй түш көрүүлөрү салыштырылып, манасчылардын аян алуусу каралган. Ошондой эле онейротопикага байланыштуу Байтеректин, Чынардын образ-символдору тууралуу маалымат берилет [20, 364-б].

Акыркы мезгилдеги изилдөөлөрдөн Н. А. Маничкиндин “Шаманизм и духовно-магические практики кыргызов” (2019) аттуу эмгеги бакшылык салтындагы кыргыз шаманизмине арналып этнологиялык аспектиде шаманизмди руханий-магиялык планда ачып берген эмгек катары белгилүү болду. Анда шаманизмге байланыштуу руханий-магиялык практика, ритуалдык тексттер жана кыргыздардын сакралдык элестөөлөрү каралат. Кыргыз шаманизмин этно-маданий контекстте аңдоо менен автор сакралдык практиканын экзистенциалдык маани жана үрп-адаттык көркөм өзгөчөлүктөр менен мифопоэтикалык толукталышын байланыштырат. Ошондой эле социалдык-тарыхый трансформацияларды баштан кечирүү менен өзгөрүлүп, кыргыздардын салттуу сакралдык практикалары жана билимдери өзүнүн маданий маанисин, руханий баалуулугун биздин күндөрдө дагы сактап келе жаткандыгын ачып көрсөтөт. Бул эмгекте кыргыз элиндеги бакшылык өнөр, алардын ак жана кара бакшы болуп бөлүнүшү, өзгөчөлүктөрү, бакшылык өнөрдүн кийинки доорлордо ислам дини тарабынан сүрүлүп чыгарылышы тууралуу сөз болот. Думана түшүнүгү жөнүндө иликтөө жүргүзүлүп, анын шаманизм жана суфизмдин ортосундагы мааниси белгиленет. Кыргыздардагы куучулук кесибинин турмуштагы орду, ошондой эле

касиеттүү өсүмдүктөр жана сокралдык жаныбарлар тууралуу кызыктуу материалдар менен жабдылган [68, 264-б. ]

Өзүнүн өсүш жолунда узак татаал кылымдарды башынан өткөргөн кыргыз эли эпикалык маданияттын эң бийик үлгүлөрүн жаратууга жетишкен. Узак доорду камтыган карт тарыхында кыргыздар абдан бай, уникалдуу оозеки чыгармачылыкты жарата алышты. “Манас” эпосунан тартып чакан көлөмдөгү макал-лакапка чейин албайлы, элдик оозеки чыгармалар ар бир доордун же кылымдын эле натыйжасы эмес. Фольклордук чыгармалар ооздон-оозго өтүп, эчендеген муундар тарабынан кылымдан-кылымга жетип, улам жаңырып, алымча-кошумчалар менен иштелип чыккан элдик казына болуп эсептелет. Бүгүнкү күнгө чейин мезгил тарабынан сыналган көптөгөн көркөм мурастар бизге келип жетти, дагы канчасы оозеки табиятына байланыштуу унутулуп калды. Башка элдер өзүнүн өткөндөгү маданиятын, тарыхын жазма адабиятта, скульптурада, архитектурада, театр, сүрөт искусствосунда сактап келген болсо, кыргыз эли өзүнүн бүткүл аң-сезимин, ар-намысын, күрөшүн, көздөгөн максатын жана бир катар учурларда реалдуу тарыхый окуяларын оозеки эпикалык жанрда чагылдырган. Элдик оозеки поэтикалык чыгармачылык ондогон жүз жылдарды басып, андай доорду басып келген соң, алардын түздөн-түз таасирин өз боюнда сактабай койгон эмес, ар бир доордун коом жөнүндөгү турмуш, табият, жакшылык менен жамандык жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн изин ачык же күңүрт, тез же кыйыр түрдө чагылдырбай койгон эмес. Анын ички өзөгүнүн мазмунунун бөтөнчөлүктөрү ар бир доордун тактоосунан өтүп келген.

“Манастын” терең мазмунун, андагы окуялардын көп жактуулугун жана турмуш көрүнүштөрүн баяндоодогу өзгөчөлүгү, масштабдуулугу, анын чулулугу кайталангыс феноменалдык чыгарма экендигинен көрүнөт. Эпосто кыргыз фольклорунун көптөгөн жанрлары синтездештирилген, бири-бирине жуурулушуп, эпостун мазмунуна сиңирилген. Кошоктордон, керээз, арман ырларынан тартып санат-насыяттарга, макал-лакаптарга, жөө жомоктордун түрлөрүнөн тартып уламыш, мифтерге чейин эпостон табууга болот. Бирок,

“Манас” ар түркүн жанрдагы чыгармалардын жыйнагы, көптөгөн маалыматтардын жөнөкөй топтолушу эмес. Мазмунунун өзгөчө кеңдигине карабастан “Манас” - жогорку көркөмдүккө ээ чыгарма, анын окуялары композициялык бир бүтүндүккө баш ийип турат. Бардык окуяларды бириктирип, байланыштырып турган кызыл сызык - Манас баатырдын өмүр жолу жана баатырдык иштери.

Илгертен эле “Манас” кыргыздар арасында өтө жогору бааланган. Эл тарыхындагы, жашоо-тиричилиги, диндик түрдүү ишенимдери, культтук көрүнүштөрдүн орун алуусу эпосто көркөм чагылуусун тапкан. Эл-жерде жут болгондо, эпидемиялык оору басканда, сыркоону дарылоодо, төрөт учурунда, жалпы эле жакшы тилек, ийгилик үчүн “Манас” айттыруу эл турмушунда кеңири жолуккан ырымдардан болгондугун күбөлөгөн фактылар көп. Кыргыздарда жер-жердеги өзгөчө көрүнүш, белгилердин баарын Манастын ысмы, анын иштери менен байланыштыруу жалпы кабыл алынган салт. Буга ар бир аймакта, өрөөндө Манаска байланыштырылган жер-суу, тоо-таштардын аталыштары, табигый же жасалма көптөгөн белги, эстеликтердин кезигиши күбө. “Манастын” негизги окуялары, сюжеттик линиялары менен элдин басымдуу көпчүлүгү тааныш болушу, чыгармадан бир нече сап ырды жатка билбеген кыргызды табуу кыйын экендиги эпостун эл арасында кеңири белгилүү экендигинин далили. “Манаска” болгон элдин ушундай өзгөчө мамилесинин натыйжасында дүйнөдө теңдешсиз зор көлөмдүү көркөм чыгарма түзүлгөн, өзү сыяктуулардын ичинде көлөмү боюнча дүйнөдө “Манаска” теңдеш эпос жок. Андагы көөнө диний ишенимдер да жамааттык аң-сезимдин формасы катары кездешип, эпикалык мотив катары сюжетти өнүктүрүүдө роль аткарат. Кыргыз элиндеги көөнө диний ишенимдер ислам дини келип киргенден кийин да аны менен синкреттешкен формада жашап келген. Бул көрүнүш диний катмарлануу катары улуу эпосто өз ордун тапкан.

Ошентип, “Манас” эпосундагы көөнө мотивдердин фольклор таануу жана башка илимдерде изилденүүсүнө сереп салуу аталган маселелердин ачыкталышына өбөлгө түзөт.

## 1.2. “Манас” эпосундагы көөнө мотивдерди эпикалык аспектте изилдөө кыргыз фольклористикасынын келечектүү багыты катары

Кыргыз фольклорунун эпос жанрында поэзиянын мухити катары эсептелген жана масштабдуулугу менен белгилүү болгон, жаралуу доорунун көөнөлүгү жана түп башаттарынын архаикалуулугу менен айырмаланган чыгарма - улуу “Манас” эпосу. Эпостогу көөнө мотивдерди эпикалык аспектте изилдөө кыргыз фольклористикасынын келечектүү багыттардан болуп саналат. Анткени эпос дүйнөлүк фольклордогу, анын ичинде түрк-монгол элдериндеги байыркы эпостордогудай эле көөнө эпикалык мотивдерге бай. Аларга көөнө сюжеттик, мифологиялык, диний ишенимдик мотивдер кирет. Бул архаикалык мотивдер эпостун жаралышынан тартып биздин күндөргө чейин жетип келген нускаларына чейин анын өзөгүн түзүүчү уңгу катары сакталып келген. Аларды илимий айлампага салып ар тараптуу изилдөө этностун, жалпы эле түрктилдүү элдердин дүйнөтаанымын тереңдетип аңдап-билүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Изилдөөдө алынган илимий натыйжалар кыргыз фольклористикасындагы эпос жанрына тиешелүү эпикалык мотивдерди фольклор таануучулук мүнөздө изилдөө ишин жандардырууга, аны мындан ары өнүктүрүүгө, күчтөнтүүгө олуттуу өбөлгө, таяныч жана түркүк болуп бере алары бышык. Маселен келечекте кыргыз эпосторун эпикалык көөнө диний мотивдердер сакталып калган үлгүлөр катары карап, көптөгөн маанилүү жана кызыктуу темаларда изилдөөлөрдү жүргүзүүгө болот. Бул багыттагы иштер кыргыз эпостаануусунун алкагын кеңейтет, анын жаңы багыттарда өнүгүүсүндө кызмат өтөйт.

Ошондой эле кыргыз фольклорундагы көөнө диний эпикалык мотивдер жөнүндө изилдөөлөрдүн жанрдык жана тематикалык өрүшүн кеңейтүүгө болот. Элдик оозеки чыгармачылыктагы эпикалык диний мотивдердин изилдөө багытын өнүктүрүү менен фольклористика тармагынын чектерин кеңейтүүгө шарт түзүлмөкчү. Кыргыз элинин көөнө диний ишенимдерин эпикалык чыгармачылыктын мисалында андан ары тереңдетип изилдөө заман талабы экендиги шексиз.

Кыргыздар байыркы эл катары табиятка, отко, сууга, Көк Теңирге сыйынып, табынып келишкен (*2-тиркеме,1-сүрөт*). Мифологиядан башат алган кыргыз эпосунда диний-культтук түшүнүктөр өз ордун тапкан. Биз изилдөө объектиси катары исламга чейинки байыркы диндерди, атап айтканда, тотемизм, анимизм, шаманизм, фетишизм, теңирчилик диндеринин элементтеринин эпостун мифологиялык дүйнөсүндө кездешүүсүн карамакчыбыз.

Ар бир адамдын, коомдун, дегеле адамзаттын руханий турмушунда диндин, анын философиялык-мифологиялык жагдайларынын, үрп-адаттарынын, конфессионалдык салттарынын чоң орду бар. Адамзаттын узак эволюциясында дүйнөлүк диндердин негизги постулаттары иштелип чыккан. Элдик поэзиядагы бул багыттагы мотивдерди илимий изилдөөдө карап чыгуу өзгөчө кызыгууну туудурат. Элдик оозеки чыгармачылык маданий, адабий-эстетикалык, диний-конфессионалдык бирдиктүү контекстте өнүгөөрү айгине. Сөз өнөрүндө диний-культтук түшүнүктөр, элестөөлөр нукура эстетикалык ордун тапкандыгы айрыкча мааниге ээ.

Фольклор – элдин тарыхый жагынан алганда эң баштапкы жамааттын көркөм-эстетикалык чыгармачылыгы, тил сыяктуу эле коомдук кубулуш. Ал мифологиядан өнүгүү алып андан айрым өзгөчөлүктөргө ээ, тактап айтканда. мифология дүйнө түзүлүшү тууралуу ыйык билим катары жашаса, фольклор көчмөн турмушта жашаган ата-бабабыздын ошол дүйнө түзүлүштүн көркөм-эстетикалык чагылдыруусу, башкача айтканда, көркөм өнөр болуп эсептелет. Элдик жомоктордо тарыхый фактыларга таянган уламыштарга

караганда да баалуу, акылман ойлор камтылгандыктан өтө жогору бааланып аздектелип калгандыгы белгилүү. Фольклордук чыгармалардын мазмунунда тигил же бул түрдө мифологиялык элементтер сакталган, байыркы элдерде, анын ичинде кыргыз элинде фольклор жана мифология жамааттык мүнөзгө ээ, б.а., элдин ар бир мүчөсүнүн аң-сезимине таандык.

Ошентип фольклор өзгөчө, көркөм образда адам турмушун чагылдыруу менен коом турмушундагы өзгөрүүлөргө сезгич мамиле жасайт. Дин, жаратканга ишеним – абстракттуу ой жүгүртүүнүн өнүгүүсүндө маанилүү таяныч болуп, адамзаттык аң-сезимдин өзгөчө өнүгүү формаларына жатары белгилүү.

Байыркы кыргыздар табигый кубулушка көккө (асманга), жерге, отко жана сууга сыйынышкан. Байыркы элдерден көк түрктөр жана кыргыздар Күндү – Теңир деп аташкан, байыркы шумерлер болсо – Дингер, монголдор Тенгри деп айтышкан. Буга байланыштуу кыргызмифтери мазмуну жагынан сыйынуу жөнүндөгү рух мифтер, ааламдын, заттардын жаралышы жөнүндөгү мифтер, табияттан сырткаркы сыйкырдуу күчтөр жөнүндөгү мифтер, тотемдик мифтер болуп чоң топторго бөлүнөт.

Тактап айтканда, байыркы бабаларыбыз Жаратканга, Теңирге, Умай энеге табынган, Жер-сууга тайынган, ата-бабалардын арбагына сыйынган, отту куттуу касиет көргөн. Эл арасында аларды көөнө замандардан ыйык тутуп, колдоочу катары айтылып келген. Алар өздөрүнөн мурда адамдын өмүрүн, амандыгын, сырткы коркунучтан, балээден күрөш менен коргойт дегенучурунда ар биринин керемет белгиси болгон.

Кыргыздардын мифтик жана баштапкы диндик түшүнүгүндө ааламдагы ар кандай нерсенин, заттардын, жан-жаныбарлардын жаратканы, теңири, ээси, колдоочусу болот, алар калкалоо, колдоо, сактоо милдетин аткарат. Күнөөлүүлөрдү ошолор жазалап, баш ийдирип турат деген түшүнүк жашаган. Алгачкы жамааттык коомдун өкүлү жаратканын, теңирин тайыган, сыйынган, андан жакшылык күтүп, анын алдында аруу жүргөн. Заттардын, айбанаттардын ээлерин ыйык деп билип урматтаган.

Көөнө доорлордо кыргыздардын ааламды, жаратылышты баёо баамдашы, элестетүүсү, карапайым дүйнөтаанымы кыргыз элинин мифтик түшүнүгү калыптанган. Ошол ааламдын жаралышы тууралуу элдик көөнө түшүнүктө адам жаралганда асман (көк), жер жаралган. Кудайды "Жараткан" деп атоонун өзүндө терең маани жатат. Бул сөздүн уңгусу "жарат" деген буйрук этиштен болуп, түзүү, пайда кылуу деген маанини туюнтат. Демек, дүйнөдө эмне болсо ошонун баарын жаратуучу, түзүүчү дегенди билдирип жатат. Ал эми кудай деген фарси сөзү болуп, тилибизге кийинчерээк келип киргендиги белгилүү.

Байыркы адамдын түшүнүгү боюнча ошол жараткан тээ асманды (көктү) алты кабат жасап, ага пирлерди, бакыт, кут, бардык эле жакшылыктарды ошого жайгаштырган. Асманга күндү, айды, жылдыздарды жараткан. "Асмандагы ар бир жылдыз жердеги адамдардын жаны болот", - деген түшүнүк болгон.

Жараткан жерди жаратып, тоо жасап, анан жер түбүндөгү дүйнөнү жаратыптыр да, аларда жашаган адамдар, дөөлөр, сыйкырчылар, желмогуздар, алп кара куш, чынар терек сыяктууларды кошо жаратыптыр.

Кара күчтөр жер бетине чыгып, адамдарга дайыма коркунуч туудуруп турган, жер бетине коркунучту, кырсыктарды алып келет деп түшүнүлгөн. Кыргыз мифтеринде кара күчтөр менен адамзаттын кагылышы, асмандагы перилер менен адамдардын байланышы жөнүндө баёо түшүнүктөр, образдар жаралган.

Демек, кыргыздар ааламды үчкө, атап айтканда, асман (көк), жер, жер түбүндөгү дүйнө деп бөлүп, ал орундарды мекендегендерди элестетишкен. Алсак, "Манас" эпосу менен доорлош "Эр Төштүк" эпосунда бул үч кабат дүйнө түшүнүгү ачык байкалат. Анда Манас баатырдын он эки канынын бири Төштүк баатыр ортонку дүйнөнүн жашоочусу болуп, жер түбүндөгү дүйнөгө түшөт, кыйынчылыкка туш болгондо Көк Теңирден жардам сурайт.

Бул жерде "Манас" эпосунун поэтикасы байыркы көчмөн маданияттын эң түпкүрлөрүнөн өсүп чыккан жана көптөгөн тарыхый маданий катмарлардан

куралган – мифологиядан баштап тарыхый фактыларга чейин. “Манас” тарыхый баатырдык эпос деп эсептеп жүрүшөт. Чынында эле бул эпосто көптөгөн тарыхый окуялар чагылдырылып, бирок алар кийинчерээк фольклордоштурулуп кеткен. Ошого карабастан эпос тарых илимин толуктап турганы таңдандырбай койбойт. Мындай тарыхый жана эпикалык маданият эстеликтеринин бири-бирин толуктап туруусу – бул түрк-моңгол эпосторунун өзгөчө бир сапаттарынан болуп эсептелет” [9, 14-б.], - деген пикирге кошулуу максатка ылайык келет.

Ондогон кылымдарды карытып, жалпы адам баласынын оомалуу-төкмөлүү, тарыхый жолунда өзүнө гана таандык из калтырып, жашоонун өзгөчө татаал жолундагы миңдеген тоскоолдуктардан өтүп, өмүр-өлүм үзөңгүлөш жүргөн далай кагылыш кармаштарды баштан кечирип, өз атын, өзгөчө белгилерин жоготпой сактап, келе жаткан түптүү элдин кыргыздардын урпактарга калтырган баалуу байлыктарынын бири – оозеки көркөм чыгармачылыгы. Бир кездерде жазуу-сызуусу бар өз алдынча өсүп-өнүккөн эл болсо да, тарыхтын өйдө-ылдыйлуу татаал жолунда көрүнүктүү ордун, өнүккөн өнөрлөрүн, алардын ичинде да сактап кала албай, натыйжада көптөгөн кылымдар бою жыйнаган табылгаларын, тарыхый маалыматтарды көркөм баянга айландырып, укумдан-тукумга оозеки түрдө өткөрүп келүүгө мажбур болгон кыргыздар үчүн алардын оозеки көркөм чыгармалары өзгөчө баалуу.

“Манас” эпосундагы көөнө мотивдерди, анын ичинен көөнө диний мотивдерди эпикалык, поэтикалык аспектте изилдөө кыргыз фольклористикасынын келечектүү багыты катары келери ачык, анткени үстүбүздөгү кылымда фольклордук мурастарды баалоо, андан руханий азык алуу актуалдуу болууда.

**I глава боюнча корутунду**

1.1. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын ири жанры болгон эпосто, анын ичинен биз иликтөөгө алган “Манас” эпосунда архаикалык мотивдер сакталып калган. Алар сюжет курууда, образдарды түзүүдө кызмат өтөп, чыгарманын идеялык жүгүн көтөрүүдө көмөк болуп, композициялык түзүлүшүндө мааниге ээ. Аларга эпостогу мифтик, жомоктук сюжеттер, кейипкерлер, салттуу сюжеттик көөнө мотивдер, атап айтканда, баатырдын укмуштуу төрөлүшү, ага ат коюу, адаттан тыш тез өсүүсү, эрдиктери, баатырдык үйлөнүү ж.б. кирет. Ошондой эле элдик көөнө ишенимдерге негизделген диний-конфессионалдык мотивдердин эпосто эпикалык салттуу мотив катары өз орду бар. Алар башка көөнө сюжеттик мотивдердин катарында эпостун түптөлүшүнөн бери карай жашап келет.

Эпос жанрында, анын ичинде улуу эпопея “Манастагы” сюжеттик тутумда эпос калыптана баштагандан бери жашап келе жаткан, элдин байыркы дүйнө таанымын көркөм чагылдырган көөнө мотивдер чыгарманын өзөгүн сактоочу элементтерден болуп саналат. Алардын бири катары көөнө диний ишенимдер эпостун идеялык-композициялык курулушунда өзүнчө жүк көтөрүп, анын архаикалуулук белгилерин ачыктап турат. Исламга чейинки көөнө диний ишенимдердин дүйнөлүк фольклордо кездешүүсү аны ареалынын кеңдиги бул мотивдердин жалпы адамзаттык маанисин белгилейт. Көчмөн цивилизациядагы кыргыз эли аталган ишенимдерди узак доорлор тутунуп келишкен.

1.2. Кыргыз элиндеги көөнө диний-культтук элестөөлөр, түшүнүктөр жалпы маданий, адабий-эстетикалык диний-конфессионалдык таанымдын бирдиктүү методологиялык контекстинде өнүккөн. Элдин көркөм сөз искусствосунда бул мотивдердин эстетикалык чагылышы анын коомдук

руханий турмуштан тапкан өзгөчө ордун, адамдын жан-дүйнөсүндөгү муктаждыкты толтуруучу маанисин белгилейт. Алар адамдын өзүн таанып-билүүсүнө байланыштуу келип чыккан зарылдык десек болот. Буга байланыштуу "Манас" эпосундагы көөнө мотивдерди, алардын ичинен байыркы диний ишенимдерди чагылдарган мотивдерди эпикалык аспектте изилдөө кыргыз фольклористикасынын келечектүү багыттарынан болуп эсептелет. Себеби "Манас" эпосу башка дүйнөлүк фольклордогу, анын ичинде түрк-монгол элдериндеги байыркы эпостордогудай эле көөнө эпикалык мотивдерге бай.

Аларды сюжеттик, поэтикалык жагдайда диний ишенимдик мотивдердин өңүтүнөн иликтөө көптөгөн кызыктуу илимий жаңы жагдайлардын келип чыгуусуна түрткү болору шексиз. Бул архаикалык мотивдер эпостун жаралышынан тартып биздин күндөргө чейин жетип келген нускаларына чейин эпостун өзөгүн түзүүчү уңгу катары сакталып келген.Аларды илимий айлампага салып ар тараптуу изилдөө этностун, жалпы эле түрктилдүү элдердин дүйнөтаанымын тереңдетип аңдап-билүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Ошентип, "Манас" эпосундагы көөнө мотивдерди эпикалык аспектте изилдөө алардын фольклор таануу жана башка илимдерде изилденүүсүнө сереп салдык жана эпостогу көөнө мотивдерди аталган аспектте изилдөө кыргыз фольклористикасынын келечектүү багыты катары келерин ачыктоого аракеттендик.

## II ГЛАВА. “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ КӨӨНӨ ДИНИЙ ИШЕНИМДЕРДИ ЭПИКАЛЫК АСПЕКТТЕ ИЗИЛДӨӨНҮН ОБЪЕКТИСИ, ПРЕДМЕТИ, МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МАТЕРИАЛДАРЫ

### 2.1. “Манас” эпосундагы көөнө мотивдерди эпикалык аспектте изилдөөнүн объектиси жана предмети

Киришүү бөлүмүндө көрсөтүлгөндөй, **диссертациялык изилдөөнүн объектиси кыргыз элинин улуу руханий мурасы “Манас” эпосу болуп саналат. Ал эми изилдөөнүн предмети  “Манас” эпосундагы көөнө диний ишенимдердин эпикалык мотив катары келиши болуп эсептелет.** Изилдөөдө исламга чейинки кыргыз эли тутунган байыркы ынанымдар иликтөөгө алынып, алардын эпостун сюжеттик тутумундагы орду, мааниси, окуянын өнүгүүсүнө кошкон салымы белгиленет.

**Изилдөөнүн илимий проблемасы - “Манас” эпосундагы көөнө диний ишенимдердин эпикалык мотив катары келишин, алардын эпостун сюжет курулмасындагы ордун, маанисин, кыргыз дүйнө таанымындагы маңызын ачуу аракетинде илимий талдоо жүргүзүү болуп саналат.** Мында эпостогу көөнө ишенимдер өз боюнда жалпы адамзаттык дүйнө таанымдын элдик диний ишенимдерге негизделген руханий баалуулуктарын алып жүрөөрүнө басым жасалат. Албетте, бул көрүнүш окумуштуулардын изилдөөлөрүндө көз жаздымында калбайт, бирок, алар эпостогу аталган сюжеттик мотивдерге карата комплекстүү поэтикалык талдоо жасоого, изилдөө жүргүзүүгө чейинки деңгээлге өнүгүп жетпейт.

Биздин изилдөөбүздүн негизги материалын түзгөн “Манас” эпосундагы көөнө диний ишенимдерге кайрылсак, тотемизм адамзатты жаныбарлар дүйнөсүнөн бөлүнүп чыккан, аларга боордош жаныбар катары кароо менен

айрым жаныбарларды өзгөчө урматтап, аларды колдоочу, пир тутунуу түшүнүгүнө байланыштуу, бул көөнө ишенимден адамдын табият менен бирге ымалада, гармонияда жашоого умтулган көөнө аң-сезимдик ынанымын байкайбыз. Анимизмде болсо табияттагы материалдык жана материалдык эмес заттарды, кубулуштарды башкарып турган кереметтүү күч бар деген түшүнүккө негизделген. Ал эми шаманизмде бакшы, шамандар, же Энесай кыргыздарынынсөзү менен айтканда камдар адамдар менен кудайдын, ата-бабалардын арбактарынын ортосундагы аларды байланыштыруучу, адамдарды оорудан, кырсыктан арачалап калуучу өткөргүчтөр, ортомчулар катары келип диний ритуалдарды аткаруу менен кызматын аткарышкан. Фетишизмде жансыз предметтерге ыйык колдоочулук касиет ыйгаруу менен ага ишенүү, аны бел тутуу түшүнүгүнө байланыштуу келет. Алсак, тумар тагуу, кут түшүнүгү ж.б. булардын ичинен теңирчилик түшүнүгү өзүнүн масштабдуулугу, абстракциясы, бир кудайга табынуунун келип чыгышы менен айрмаланат.

Жыйынтыктап айтканда, биздин изилдөө фольклор таануу, этнография жана дин таануунун интеграциясынын үлгүсү десек болот. Ошентип, биз изилдөөнүн объектисикатары караган “Манас” эпосунда терең жана көп маанилүү элдик фольклордогу көөнө диний ишенимдерден турган эпикалык предмет бар. Аны биз эпиканын методологиясын фольклор таануунун принциптерине айкалыштырып изилдөө менен жакшы илимий натыйжаларга жетише алабыз.

Жалпылап караганда дин – адамзат аң-сезиминин өнүгүшүндөгү өзгөчө форма, анын тарыхында көптөгөн баскычтардан өткөнкөндүгү белгилүү. Окумуштуулар Б.А.Рыбаков, З.Я.Голосовкер, Б.А.Успенский, Ш.А.Акмолдоева ж.б. эмгектерине ылайык язычество – бул миңдеген жылдар бою өнүккөн жана татаалдашып жүрүп олтурган дүйнөгө болгон көз караштардын системасы. Б.А.Рыбаковдун пикири боюнча язычество антикалык дүйнөнүн мифологиялашкан дини, алгачкы уруулук түзүлүштүн өкүлдөрүнүн элестөөлөрү, христиандык жана мусулмандык динге чейинки

диний көрүнүштөргө таандык болуп, андан өсүп чыккан дүйнөлүк диндердин пайда болушуна чейинки алгачкы коомдук диний көз караштардын бардык стратегияларына жарактуу термин [95. 89-б.]. Кыргыз фольклорунан, анын ичинде эпосторунан буга мисал катары ак түскө, ата-бабанын арбагына, жер-суу ээлерине, төрт түлүк малдын ж.б. пирлерине, колдоочуларына сыйынуу ж.б. кирет.

Мында диний ишенимдердин ар түрдүү психологиялык таанып-билүүчүлүк табиятына ылайык компоненттерин белгилеп кетүүгө болот, алар диний ишенимдердин маалымат берүүчү психологиялык жайгашуусу катары кездешүүчү мифопоэтикалык мазмунга ээ болуусу, абстракттуу-логикалык мааниси жана интуитивдик-мистикалык мазмуну. Ошону менен бирге эле кайсы доор болбосун диний мазмун тигил же бул өлчөмдө коомдук аң-сезимдин башка бардык формаларына кирип кеткен, алар кадимки күндөлүк аң-сезим, искусство, этика, укук, философия. Көрүнүп тургандай, чыныгы турмушта диний түшүнүктөрдүн психологиялык жашоо формалары ар түрдүү жана көп санда. Мындай табигый психологиялык ар түрдүүлүк диний мазмундун аң-сезимине кирип кетүүчү өзгөчө күчүн шарттайт. Теология (грек. - кудай, сөз, окуу) кудай таануу, кудай тууралуу анын жашоодогу маани-маңызы, аракеттери, сапаты, белгилери тууралуу диний теориялык билимдердин системасы экендиги маалым. Айрым элдерде, маселен кыргыз элинин ата-бабаларында байыркы язычество, шаманизмде чагылган көрсөтмөлүү, эмоционалдуу, көркөм, ошол себептүү жөнөкөй адамдардын жан-дүйнөсүнө жеңил кабылданган диний-мифологиялык чыгармалар болгон. Ар бир диндин аң-сезимдик түзүмүндө кайсы бир деңгээлде мистикалык компонент жашайт. Биз сөз кылып жаткан кыргыз эпосторундагы диний түшүнүктөр изилдөө объектиси катары алынып отургандыктан, ата-бабаларыбыз тутунган байыркы диндер жана алардын элдик эпостордо көркөм-поэтикалык чагылышына көңүл бөлсөк. Аталган мистикалык компоненттин иликтөөгө алынган “Манас” эпосунда кездешүүсүн эки жагдайда кароо максатка ылайыктуу деп ойлойбуз.

Биринчиден, чыгармалардын мазмунундагы диний мистикалык түшүнүктөрдүн берилиши, экинчиден, эпос айтуучулардын, манасчылардын экстаз абалында эпостун каармандары менен баарлашуусу. Бул эки аспект бири-бирин шарттап, манасчылык өнөрдөгү дааруу касиетин жана өзү "кайра жаратып" айткан чыгармадагы мифопоэтикалык туундуга эпос айтуучунун чын дилден берилгендигин да көрсөтүп турат. Мистикалык баарлашуу адамдын Кудайды сезгендигин, өзүнүн берген суроолоруна анын жообун угуп-билгендигин, Актан (же асмандан, Көкө Теңирден) ага эмне айтышаарын түшүнгөндүгүн билдирет. Жараткандан келген белги, манасчыга берилген эпосту элге төгүп айтуу миссиясы, ырчынын өмүрүндөгү эң жогорку чек, эң сыймыктуу, ыйык, баш тарта албай турган татаал жол болуп саналгандыгы көптөгөн манасчылар, алардын өмүр жолу, чыгармачылыгынан байкалат. Алардын милдети – жогортон жөнөтүлгөн жарык идеяларды адамзатка жеткирүү, алардын жүрөгүн ачуу, аң-сезимин жаркытуу.

Адам турмушунда руханий тирек издөө табигый муктаждык. Ошондуктан эзелки доорлордон эле сыйынуу, табынуу аракети келип чыккан. Сыйынуу бул айлана-чөйрөгө, жаратылыш кубулуштарын, жан-жаныбарларга, арбактарга ж.б. ушул сыяктуу көрүнүштөргө карата аткарылуучу диний-мифологиялык маанайдагы ырым-жырымдардын жыйындысы болуп саналат. Сыйынуу ар түрдүү болгон, маселен магиялык, анимистик, тотемдик, фетиштик, арбактарга, жаратылышка ж.б. Кыргыз элинин байыркы замандагы идеологиясында диний-мифологиялык көз караштар элдин турмуш-тиричилигинде зор орунду ээлеп келген.

"Манас" эпосунда жаратылыш кубулуштарына, арбактарга, касиеттүү жер-сууга жана башка ушул сыяктуу нерселерге сыйынуу өтө кеңири орун алган. Алсак, "Көкөтөйдүн ашы" эпизодунда арбакка сыйынууга карата эл чогултуп, аш берүү ж.б. каймана аракеттер, же болбосо Жакыптын бала көрбөй зар какшап "Жараткан жапар кудайым" деп күн сайын сыйынганы, ошондой эле "Көк Теңир, Умай энеге сыйынуу" жана башка ыр саптары

эпосто тыгыз учурайт. Ар бир сыйынуунунун өз ирети, ырым-жырымы, башкача айтканда, ритуалдары калыптанган.

Табу (полинезия тилинде - тыюу) – алгачкы жамаат коомунун адамдарындагы айрым бир жорук-жосундарга коюлган чектөө, тыюу системасы, ыйык, колдонууга болбогон, айтууга тыюу салынган (тергөө) сөздөр, суроолор, ойлор ж. б.). Алгачкы жарым жапайы кишилер кээ бир нерселер менен буюмдар адам сыяктуу эле сыйкырдуу жашыруун күчкө ээ деп ишенишкен, ошондуктан аларды күндөлүк боло турган иш катары карабай ыйык тутушкан. Ыйык туткан эрежелерди бузуу, кудай же сыйкыр күчтөр тарабынан сөзсүз түрдө жазаланат деп билишкен (ооруга чалдыгуу, өлүмгө кириптер болуу ж.б.). Эпосто табуга байланыштуу көптөгөн мисалдар кездешет, алар тууралуу төмөндө сөз кылынат [67, 262-б.]. “Манас” эпосунда да ыйык деп эсептелип табу катары каралган элдик түшүнүктөр орун алган. Алсак, ата-энеси зарыгып көргөн балага эрезеге жеткиче өз атын айтпай башка ат менен, көбүнчө көз тийбесин деп жаман ат менен атоо бар. Башкы каарман Манас баатырды бала чагында сырткы кебетесине карап Чоң жинди дешкен, ал эми Көкөтөй хан карыганда талаадан таап алган уулуна Бокмурун деп ат коёт, өлөрүндө Баймырзага керээзин айтып жатып, баламды көзүкпөсүн деп атын жаман койгон айыбым деп өкүнөт.

Антропософия–сырдуу, рухий күчтөр жана адамдын жөндөмдүүлүктөрү тууралуу оккульттук-томисттик окуу болуу менен бирге аларды өнүктүрүүнүн жолдорун издейт. Мистикалык билимдердин табияты али да табышмактуу бойдон калууда. [72, 398-б.]. Манасчылык, дегеле эпос айтуучулук өнөрдүн табияты түпкү аң-сезимдик, психикалык күчтөрдүн кескин активдешүүсүнө байланыштуу болуп, жогортон келген таасирдин натыйжасында анын чыгармачыл инсандын чыгармачылыгына түрткү берип, төгүп айтууга, импровизацияга шыктандыруусуна байланышат десек болот. Ошентип, диндердин мазмуну өзүнүн психологиялык табияты боюнча өтө ар түрдүүлүгү, мистикалык таасирлерди көп учурда сөз менен берүүгө мүмкүн эместигин окумуштуулар, дин өкүлдөрү ж.б. белгилешкен.

Манасчылардын аян келүү менен улуу жомокту айтып калуусу ошол антропософиялык жөндөмдүүлүккө байланыштуу дегенге негиз бар. Каралып жаткан теманы ачып берүүдө оозеки формада жашап көп варианттуулукка ээ болгон эпосту биздин күндөргө жеткирген манасчылардын муундарынын эмгеги, дүйнөкараш өзгөчөлүктөрү, динге карата мамилеси, эпосту айтуу манераларынын ар түрдүүлүгү сыяктуу маселелерге айрым токтолуп кетүүгө туура келет. Анткени, манасчы кайсы өңүттө маалыматы мыкты болсо ал айткан вариантта ошол тарабы кенен берилген. Биз ушул себептен да манасчылар С. Каралаев жана Б. Сазановдун варианттарына басым жасадык. Ошондой эле эпос айтуучу С. Орозбаков да өз заманынын өкүлү катары ислам динин тутунган, намаз окуган адам болгон экен. Ошондуктан ал айткан вариантта ислам динине басым жасалат. Бирок, эпос айтуучулар каалаcа, каалабаса да көөнө диндер эпизоддордо орун алган, себеби эпостун жаралуу доору, анда баяндалган окуянын өзү байыркы, ал эми көөнө диндерди тутунгандар эпосто башка элдер, каапырлар катары берилет. Буга байланыштуу мүмкүн эпосубуз ошол байыркы доорлордо эле жазылып калганда көөнө ишенимдер өзүнүн алып жүрүүчү өкүлдөрү менен баштапкы турпатында сакталып бизге жетмек деген ой келет.

Байыркы диндерде азыркы дүйнөлүк деп эсептелген диндердин жаралуусуна негиз болгон байыркы ишенимдердин (теңирчиликтин, тотемизмдин, анимизмдин ж.б.) да белгилери даана байкалып турат. Көптөгөн доорлорду басып өткөн адамзаттын тарыхында улам мурунку дин кийинкисине негиз катары кызмат өтөп, бара-бара жараксыз деген жерлери алынып, жаңы идеялар, эрежелер, ритуалдар кошулуп жүрүп олтурганы байкалат. Бирок, мурунку диндер кийинкилери менен параллель жашап жаткандары да бар. Маселен азыркы учурда дүйнөлүк диндерден буддизм, христиан дини жана ислам дүйнө элдеринде бир мезгилде жашап жатат. Диний толеранттуулук, өз ара түшүнүүчүлүк мамиле, маданияттар аралык коммуникациянын жолго коюлушу бул жараяндарды ааламдык алкакта жөнгө салып туруучу коомдук көрүнүш катары чыгууда.

Көркөм адабияттын турмушту жалпылаштырып типтүү чагылдырарын эске алсак, учурдагы адабий процессте башка турмуш көрүнүштөрүнүн катарында диний ишенимдер да көркөм чагылуусун табууда. Буга мисалы азыркы адабияттагы чыгармалардан алсак, дүйнөлүк классикалык адабияттын өкүлү Ч. Айтматов "Кассандра тамгасы" романында диндерди касташуунун эмес, жакындашуунун, өз ара сыйлашуунун, түшүнүшүүнүн каражатына айлантуу үчүн сыйынуу эркиндиги жөнүндөгү идеясын өмүр бою жүрөгүндө багып, акылында бышырып, жетилтип келгендигин көрөбүз.

Жогоруда белгиленгендей, жер жүзүндө көптөгөн диний ишенимдер бар, алардын айрымдары байыркы доордо жаралса, айрымдары кийин пайда болгон, башкалары убакыттын өтүшү менен жоголуп кеткен. Байыркы диндер б.а. алгачкы жамааттык диндерге учурда жашап жаткан жана жашап өткөн жана кээ бир өнүкпөй калган адамдардын диний ишенимдери кирет. Булар аңчылык, дыйканчылык, мал-чарбачылыкка байланыштуу болуп, ошол өңүттөн келип чыккан.

Жыйынтыктап айтканда, "Манас" эпосундагы көөнө мотивдер эпостун жаралышынын башаттарында турат. Эпостун салттуу сюжети аларды негизге алуу менен курулган жана көөнө мотивдердин өзөк катары сюжет куруудагы ролу зор, чыгарманын түптөлүшүндөгү орду ушуну менен аныкталат. Көөнө мотивдер, анын ичинде элдик диний ишенимдерге байланышкан сюжеттик мотивдер эпостун түпкү уңгусу катарында алардын доорлор аралыгында, эл тагдырындагы түрдүү кырдаалдарда жоголбой сакталып биздин күндөргө жетип келүүсүндө кызматы зор. Албетте, мында алгач мифтер жаралып, анда синкреттүү формада кездешкен алгачкы адамзаттык ойломдун түшүнүктөрү болуп, улам убакыттын өтүшү менен андан диний мотивдер кийинчерээк, абстрактуу ойлоонун пайда болушу, өнүгүшү менен акырындап бөлүнүп чыккандыгы анык.

## 2.2. “Манас” эпосундагы көөнө мотивдерди эпикалык аспектте изилдөөнүн методологиясы жана методдору

Диссертациялык ишибиздин киришүү бөлүмүндө белгиленгендей, биз өзүбүздүн изилдөөбүздө көөнө диний мотивдер жана “Манас” эпосун тыгыз бирдикте айкалыштырып карайбыз, алар аркылуу эпикалык мотивдердин улуу эпостогу сюжет куруучу функциясын, андагы каармандардын ошол доорлордогу аң-сезимдик деңгээлдеги көөнө ынанымдык өзгөчөлүктөрүн аныктоого жетишебиз. Фольклордук чыгармачылыкка карата изилдөөчүлүк мамилени “Манас” эпосундагы көөнө диний ишенимдердин материалында жүзөгө ашырууда аны илимий негиздеп берүү талап кылынат. Бул үчүн эпикалык чыгармачылыктын мүмкүнчүлүктөрүнө да, “Манас” эпосундагы элдик диний көз караштардын идеялык мазмундук бөтөнчөлүктөрүнө да кеңири токтолууга туура келет.

Илимдеги адамзаттык байыркы диний ишенимдер тууралуу элестетүүлөр, түшүнүктөр акыркы мезгилдерде белгилүү деңгээлде уламылдамдап өзгөрүүдө. Биз изилдөөдө чет элдик жана ата мекендик илимпоздордун темага байланыштуу жазган эмгектерине таяндык. Алсак, орус фольклористикасын түптөгөн окумуштуулардан В.Я.Пропп, Е.М.Мелетинский, В.М.Жирмунский ж.б., ата мекендик илимпоздордон Э.Абдылдаев, Р.З.Кыдырбаева, И.Б.Молдобаевдердин эмгектери изилдөөнү алып барууда таяныч, багыт берүүчү өрнөк болду десек болот.

Тотемизм - уруучулук коомдогу диний ишенимдердин жана каадалардын жыйындысы, диндин байыркы формасы. Анын негизги өзгөчөлүгү катары адамдардын тигил же бул уруунун, жаныбарлардын пайда болушун, тегин айрым жаныбарлар, өсүмдүктөр менен тикеден-тике байланыштуу түшүндүрүү, анын ыйыктыгына, кереметтүүлүгүнө ишенүү болуп саналат.

Анимизм болсо материалдык жана материалдык эмес бардык нерселер менен кубулуштар сыйкырдуу, керемет күчкө эгедер, алардын үстүнөн башкарып турган жандардын бар экендигине карата ишеним. Анимисттик көз караш боюнча бүт табигат ак санатай же кара санатай рухтар менен курчалган, ал эми табияттын кара күчтөрү фантастикалык рухий күч катары эсептелип, адамдар тоо-ташка, бадалдарга, дарактарга, аска-чокуларга, күнгө, ай-жылдызга, жерге, сууга, отко, булактарга жана башкаларга сыйынышкан. Турмуштук ситуацияларда алардын колдоосуна ишенишкен.

Шаманизм – диндин баштапкы формасы болуп, анын уңгусунда транс абалында шамандын рухтар менен баарлашуусуна негизделген ишеним жатат. Шаманизмдин элементтери түрдүү диний системалардын тутумунда кездешет. Ал түрдүү континенттердеги, түрдүү расадагы элдердин көөнө диний ишеними катары эзелки доорлордон жашап келген. Фетишизм кереметтүү деген сөзгө негизделип алынып, “Манас” эпосундагы адамдарга тиешелүү сапаттарды буюмдарга, нерселерге да таандык кылып, алардын кереметтүү күчүнө ишенген көз караш. Фетиш нерселердин, буюмдардын адам тагдырына таасир берүүчү кереметине ишенүүдөн көрүнөт. Ошондой эле байыркы адамдардын дүйнө таануу жана түшүнүү жаатындагы мифологиялык-фантастикалык ой жүгүртүүгө негизделген идеологиянын өзгөчө бир формасы болуп эсептелет.

Теңирчилик ишениминин ритуал аткаруучулары катары бакшылар жер-сууну ыйык көрүүгө, ата-бабалардын арбагын урматтоого, салтты ыйык тутууга, таштагы жазууларга сыйынууга үндөгөн үгүтчүлүктү жүргүзүшкөн. Алар адамдарды акылмандыкка, рухий тазалыкка, адамгерчиликке үндөгөн, рухий өсүшүнө чакырган, тазаруунун жолдорун, табияттан күч-кубат алуунун сырларын айтышкан. Теңирчилик көчмөндөр турмушунда адамдын рухий дүйнөсүн, ой-кыялын билдирген жолу болсо, бакшылык адамдын денесин тазарткан, жорук-жосун ылгаган жана жакшы жолго түшүүнүн ачык, түз жолу сыяктанат. Кыргыздардын теңирчилик дининин негизги аткарган кызматы, табиятты ыйык көрүп, ага сыйынуу болуп эсептелет. Алар тотем

эсептелген жаныбарларга, дарактарга сыйынышкан жана бул сыйынуулар эң эски, теңирчиликке чейин деле өздөрү сырын билбес жаратылышка сыйынуунун доорунан бери келаткан болушу да мүмкүн.

Булар тууралуу Дж. Фрэзер (1980), Л.Я.Штернберг (1936), С.А.Токарев (1964), В.Н.Топоров (1988), кыргыз окумуштууларынан С.М.Абрамзон (1990), Р.З.Кыдырбаева (1996), И.Б.Молдобаев (1989), К.Б.Ибраимов (1991), Т.Д. Баялиева (1972), Маничкин Н.А. (2019) ж.б. маанилүү пикирлерин өз эмгектеринде билдиришкен. Аларга үчүнчү главада сюжеттик талдоодо өзүнчө токтолобуз.

Биздин фольклористикалык аспекттеги изилдөөбүз үчүн маанилүү методологиялык үлгү катары жогорудагы окумуштуулардын эмгектеринде далилдүү ойлор айтылып, ынанымдуу фольклор таануучулук талдоолор аркылуу көрсөтүлүп берилет. Фольклордун, элдик оозеки чыгармачылыктын, көркөммифологиялык башталмаларына кайрылсак, жогоруда белгилегендей, ыйык билим катары мифологиянын фольклорго өтүү эволюциясын байланыштын мүнөзүнүн өзгөрүш тарыхы катары да түшүнүүгө болот. Фольклор өз башаттарында мифология менен байланышкан болуп, фольклордун тарыхы фидеисттик белгилерин айрым жоготуп өзгөргөндүгүндө жатат. Адамзаттын көркөм сөз өнөрүнүн байыркы формалары ритуалдык-сыйкырдуу мүнөзгө ээ, алардын мазмундук негизги дүйнө тууралуу мифтик-поэтикалык элестөөлөр болгон.

Мифология менен дин эпостун тутумунда айкалышта келет. Фольклорист Г.Т.Жамгырчиеванын: “Мифология менен диндин айырмасына токтолсок, мифологиялык элестөөлөр жалпы уруулук, жамааттык мүнөздө болуп, ар бир жамаат мүчөсүнүн аң-сезимине жалпы, бирдей кирген, ал эми диний аң-сезим байыркы мифологиялык аңдоого караганда татаал болуп, өзүндө теологиялык жана догматикалык компоненттерди алып жүргөн жана индивидуалдаштырылып, коомдун ар бир мүчөсүнүн аң-сезиминде ар түрдүү көлөмдө жашаган. Ошентсе да, алгачкы жамааттык коомдун кийинки этаптарында коомдун жалпы социалдык жиктелиш нугунда культтук

чөйрөдө адамдардын айырмачылыктары күчөйт, алсак, шамандар өзгөчө ритуалдарды, жөрөлгөлөрдү аткарып, дин өкүлдөрү башкаларга салыштырмалуу чоң көлөмдөгү мифологиялык маалыматтарды билишкен. Мындан мифологиянын көөнө дүйнөдөгү динден мурдагы алгачкы аң-сезим катары келерин, мифологиядан диний аң-сезимдин бөлүнүп чыгышы көптөгөн мин жылдыктарга созулганын баамдоого мүмкүн. Политеисттик жана монотеисттик диний салттарда көөнө ишенимдер негизги, өзөктүү бөлүгүн түзүп, алардын жаралышында башкы булак болуп бергендиги илимде улам такталып келе жаткан маселелерден болуп саналат” [37, 206-207-б.б.], - деген пикирине кошулуу максатка ылайык. Демек, мифологиялык ой жүгүртүүгөобраздуу, дүйнөнү жалпылап синкреттүү туюнтууга умтулган өзгөчө логика мүнөздүү. Алгачкы мифтер бөлүк менен бүтүндү ажыратып карагысы келбейт, убакыттын өткөн чагы менен учур чак, убактылуулук жана түбөлүктүүлүктү ажыратпайт. Башкача айтканда, дүйнөгө мифологиялык көз караш жалпыланган, сезимдик-конкреттүү болуп саналат. Муну дүйнөнү азыркы учурдагы поэтикалык көрө билүү менен салыштырууга мүмкүн. Бирок, архаикалык мифтер көркөм искусствого караганда байыркы адамдын дүйнө түзүмү тууралуу уруулук тагдырына, аман-эсендигине байланышкан олуттуу көз карашын чагылдырган, ритуалдар менен коштолгонбилими болуп эсептелет.

Соңку доорлордогу материалисттик идеялардын өнүгүшү, рационалисттик принциптердин бекемделиши менен элдик маданиятты мифологиялык-диний түшүнүктөрдүн начарлашы жана акырындап сүрүлүп чыгарыла баштагандыгы даана байкалат. Мифологиялык-фольклордук чөйрөдөгү сөзгө, анын күчүнө (байыркы грек тилинде “миф” – “сөз” дегенди түшүндүргөндүгүн эске алсак), кереметке ишеничтин улам солгундашы менен элдик оозеки чыгармалардан таанып-билүүчүлүк, эстетикалык, көңүл ачуучулук кызматтары күчөгөн, б.а. фольклордук текстке айлануу мезгили башталган. Натыйжада мифтер элдик баатырдык эпос жөө жомок, табышмак, жаңылмач ж.б. айланган. Сөзгө, анын керемет күчүнө ишеним кыргыз

элинде, анализ жасоо анын улуттук эстутумда, турмуштун ар кандай чөйрөлөрүндө сакталып калгандыгына көптөгөн мисалдарды келтирүүгө болот. Көркөм сөзгө мындай мамиле фольклордук чыгарманын мазмунунан көп нерселерди түшүнүүгө, анын жанрдык эволюциясынын мыйзамченемдерин ачууга мүмкүнчүлүк берет. Бул сөз күчүнө ишенүү элдик оозеки чыгармалардын, анын ичинде биз карап жаткан эпостордун көптөгөн мотивдеринде, образдарда, сюжеттик кубулуштарда ачык көрүнөт. Мисал катары "Манас" эпосундагы Каныкейдин тиккен кандагай шымына ыраазы болуп Кошой бабанын ага берген бата сөздөрү менен Семетейдин бойго бүтүшүн алсак болот.

Баатырдык эпос ар кандай элдин көркөм өнүгүүсүндө мифтен өнүп чыккан сөз өнөрүнүн байыркы формасы болуп саналат. Мындай мифтен элдик дастанга айлануу учурунда ар түрдүү стадияларын белгилөөгө болот, алар маселен алгачкы, эзелки стадия жана типологиялык кийинки стадиялар. Иликтөөгө алынган "Манас" эпосу биринчисине таандык болуп,көөнө диний ишенимдерге негизделген мотивдерге бай, архаикалык белгилери сакталган.
Диний мотивдер көптөгөн байыркы элдердин фольклорунда кездешип, дүйнөнүн башталышы тууралуу баяндашат да анын каармандары кудайлар, алгачкы уруу бабалары, булар көбүнчө жарым кудайлар, ошол эле мезгилде алар жердеги алгачкы адамдар болуп саналат. Алар уруу жашай турган жерди жаратышат, андан соң күн, ай, жылдыздар жаратылат. Алгачкы адамдар желмогуздарды жеңип жерди жашоо үчүн ыңгайлуу абалга алып келишет, бул хаосту жеңүү, дүйнө түзүмүн иретке келтирүү десек болот. Алар отту пайдаланууну, мергенчиликти, дыйканчылыкты, ооруну дарымдоону үйрөтүшөт, ошентип бул дүйнөдө мындан ары дайым боло берүүчү тартипти орнотушат. Бул сюжет туруктуу сакталуу менен улам өнүгүп фольклордук сюжеттен салттуу ордун табат. Буга жакынкы жана алыскы тектеш чыгыш, түрк-монгол элдеринин фольклорунан көптөгөн мисалдарды келтирүүгө болот. Кыргыз эпосу "Манаста" да дал ушундай жалпы адамзаттык гуманисттик идеялар, мифологиялык, диний түшүнүктөр

орун алган. Ал эми мифология алгачкы аң-сезим формасында болуп, башка билимдердин, диний ишенимдердин келип чыгуусуна булак болгондугу илимде түрдүү аспектиде такталууда.

Алгачкы аң-сезим үчүн миф так, чыныгы нерсе, анда укмуштуулук жок, табигый жана кереметтүү деп бөлүштүрүү мифологиялык аң-сезимге жатат. Мифтен элдик эпоско өтүү жолунда байланыштын мазмуну өзгөрө баштайт, жогоруда белгилегендей, миф ыйык билим болсо, баатырдык эпос – эрдик тууралуу ыр. Кыргыз эпосунда, ири баатырдык эпос “Манаста” ушул эле башат бирдей сакталгандыгы байкалат. Каралып жаткан “Манас” эпосунун башкы каарманы ушундай миссияны аткарган адам. Манас баатырдын образы кийинки доорлордо толукталап, элди эркиндикке чыгаруучу катары кызматы күчөтүлгөн десек болот.

Кийинки доорлордо ислам дининин кириши менен мурунку элдик ишенимдер сүрүлүп ташталгандыгы белгилүү. Ошентсе да баштапкы диндердин айрым элементтери, ритуалдары али да болсо ислам дининин ритуалдарына аралаш сакталып колдонулуп жүргөндүгү маалым. Маселен шам жагуу, мазар деп эсептелген ыйык жерлердин ээси бар кабылданып, ал жердеги дарактарга ниет кылып, тилек айтып чүпүрөк байлоо, ошентип ыйык жер-сууларга зыярат жасоо (*2-тиркеме, 2-сүрөт*).

Манас баатырдын “курама жыйып журт кылып, кулаалы таптап куш кылып” дини, тили түрдүү элдерди бириктирип, Ата-Мекенди,эл-жерди боштондукка чыгаруучу чоң чабуулдардын алып баруусунда душмандын аскерлеринин санын, күчүнүн эсебин билүү, ага карата даярдык көрүүдө жогорудагы маалыматтар чоң роль ойногондугу мисалдардан көрүнүп турат. Эпостогу мифологиялык персонаждар чыгарманын архаикалык өзөгүн ачуучу негизги элементтер катары каралат.

Ошентип, мифология байыркы доордун аң-сезимдик деңгээли болуп, андан диний аң-сезимдин бөлүнүп чыгышы көптөгөн миң жылдыктарды камтыган десек болот. Байыркы доорлордун тереңинде мифологиялык түшүнүктөр диний аң-сезимдин алгачкы формасы болуп, дүйнөнүн бүтүн

бир түшүнүгүн туюнуп турган жана ал туюнууда диний, практикалык, илимий, көркөм таанымдар али бири-биринен бөлүнө элек болгондугун фольклордук материалдар тастыктап турат.

Мифтер реалдуу дүйнөнүн фактыларын баёо түшүндүргөн элдик фантазиянын туундулары, диний ишенимдер менен мифтик түшүнүктөрдүн окшоштугу алардын ошол элдик кыял-чабыттарды, фантазияны чагылдыруусунда. Ушул себептүү өнүгүүнүн алгачкы баскычтарында эле мифологиялык элестөөлөрдүн динге киргизилүүсүнө жол ачылган. Биз карап жаткан эпостордо да мифтик түшүнүктөрменен диний ишенимдер кээде айкалышта, айрым учурда өз алдынча учурап, биздин күндөргө чейин сакталып жетип келди. Окумуштуу В.Н. Топоров белгилегендей, мифопоэтикалык салттарды изилдөөдөгү чоӊ мааниге ээ кубулуштардын катарында архаикалык ритуал турат: “Баарынан мурда ритуалдын анын “күчтүү” позициясынан алынган жалпы контекстин көрсөтүү зарыл, б.а., кайсы жерде жана качан ал максималдуу толук жана андагы потенциялардын органикалуулугунда ишке ашат. Ритуал үчүн мындай “позиция” катары ага ылайык дүйнөкараштын тиби менен аныкталган мифопоэтикалык жана “космологиялык” доордун дүйнө түшүнүгүн, тактап айтканда, дүйнө кабылдоосунун аны менен байланыштагы жараянын эӊ ириде “көрсөтмө-практикалык” жана “теоретикалык” ишмердүүлүк аркылуу ишке ашыруу эсептелет” [111, 9-б.].

Эзелки мифтердин тамыры ондогон миӊ жылдыктардан ары кетип, фольклордук салттын көпчүлүгүндө мифтер сакталбай да калган. Алар бириндеп, кайра башкача биригүүлөргө дуушар болуп, айрым жерлери унутулуп, мотивдешүүсү жаӊыланып жүрүп отурганы байкалат. Урууларлын аралашуусу менен жаӊы мазмундагы мифтер куралып, ой жүгүртүүнүн туруктуу стереотиптерине айланып, тилди байытып, элдик поэзияга айланганы айдан ачык. Андагы окуялар, каармандар эпоско, жөө жомокторго өткөн. Аягында келип убакыттын өтүшү менен акырындан боло берген өзгөрүүлөр эпостордогу архаикалык мотивдерди кайрадан куруп чыгууга,

толук элестетүүгө мүмкүнчүлүк бербейт. Антсе да мифологиялык ой жүгүртүүнүн өзөктүү мотивденүүсүн, сюжеттик жүрүшүн түшүнүүгө мүмкүндүк бар. Мындан алгачкы мифтердин мазмундук негизин, “сөөгүн” түзгөн нерсе – жамааттык бейаң аракеттин категориясы түзөт. Буга мисал катары “Манастагы” баатырдык алгачкы образды келтирүүгө болот. Кийинчерээк жаратылган тотемисттик, анимисттик, политеисттик ишенимдер жекече, уруулук мүнөзгө ээ болгон.

Мифке салыштырмалуу элдик эпостун байланыштык мүмкүнчүлүгү жөнөкөй, ал ыйык жана түбөлүктүү нерсе тууралуу эмес, жөн гана баатырдык жана өтүп кетүүчү тууралуу баян. Ошентсе да эпикалык баяндын чындыгына мифтегидей эле күмөн саноо жок. Эпос баяндаган окуялар мурдагы доорлорго таандык. Көркөм сөздүн сыйкырдуу мүмкүнчүлүктөрүнө ишенүү фольклордук чыгармаларды анын ичинде эпостордун өзүнүн мазмунунда, көптөгөн мотивдерде, образдарда, сюжеттик бурулуштарда чагылдырылган. Төмөндөгү эпостон алынган мисалда кытай элинин көөнө динге сыйынганы сүрөттөлгөн:

Калганы чыгып дайрадан,
Адамы калган аты өлгөн.
Ат өлүп киши жөө болгон,
Алты жүз токсон калыптыр.
Калгандары жыйылып,
Лаанатка сыйынып [138, 251-б.].

Мында лаанат деген сөз буддизм динине байланыштуу болуп, ошол диндин өкүлдөрү сыйынуучу бутту (*2-тиркеме, 3-сүрөт*) аташкан. Ушул эле маалымат манасчы Б. Сазановдо мындайча берилет:

Кытайдын баары чуркурап,
Келе жатат ошондо
Таш буркандап чуркурап [147, 355-б.].

Аталган вариантта Азизканга аярлары уулуң исламды тутунуптур деп айтып турган жеринде бутка сыйынуу тууралуу сөз кетет:

Аярлары кеп айтып,
Жалгыз уулуң Алмамбет,
Азыр келет – деп айтып,
Уулуңду буркан уруптур.
Дин исламдын шартына,
Көөнүн жаман буруптур,
Ушу бүгүн жалгызың,
Кырат кытай бутуңду,
Кыбыратпайт журтуңду.
Сен талкалайт бутуңду,
Казыр келип жалгызың,
Сенин талак кылат бутуңду.
Ак теңге пулуң чачат - деп,
Өзүң менен бир тууган,
Өмөк менен Айсаңды,
Өлтүрүп таштап качат – деп.
Айтып жаткан чагы экен...[147, 239-б.].

Эпостогу көөнө ишенимдер анын сюжеттик компоненттеринен болуп, чакан сюжеттик мотивдерден турат. Алардын бири катары жандын денеден бөлөк сакталышын алып карасак,аталган эпикалык мотив элдик оозеки чыгармаларда айрым кейипкерлердин жаны өзүнүн денесинен тышкары башка нерселерде жан-жаныбарларда, буюмдарда болушун, каармандын өлбөстүгүн, аны жеңүүнүн кыйындыгын көрсөтөт. Бул мифтик мотив түрк-моңгол жана башка дүйнө элдеринин жомокторунда кеңири учурайт. Байыркы адамдардын  магиялык күчкө болгон ишениминен пайда болгон. Жандын денеден бөлөк сакталышы “Манас” эпосунда да орун алган. Манаска каршы согушкан Күйөнүш аярдын жаны башка жакта:

Күйөнүштүн өз жаны,
Кара курт деген куш экен.
Жакындабай жанына,

Жарым таш жерде турчу экен [142, 161-б.].

Күйөнүштү "Канча туурап салса да, кайтып болот ажыдаар". Күйөнүштүн жаны сакталган Кара курт деген кушту эр Камбар мылтык менен атып түшүндүргөндө гана ал өлөт. Жандын денеден бөлөк сакталышы эпосто жомоктук-мифологиялык кейипкер Көңгөй дөөнүн образына байланыштуу да учурайт [66, 207-б.].

Коёнаалы – эпосто Манас баатырдын досу Көкбөрүнүн баласы. Бала баатыр катары Манас дүйнөдөн кайткан мезгилде бир катар көрүнүктүү иштерди аткарат. Манастын өлгөндөгү зыйнатына Төштүк, Кошойду чакырат жана зыйнатка баргысы келбеген анжыяндык кырк эшенди зордук менен айдап келет. Коёнаалынын баатырдыгы, балбандыгы Сайкалды Манастын зыйнатына алып келгенинен көрүнөт.

Мурда Манас менен Сайкал беттешип жеңилгенде ал, эгерде Манас өзүнүн мурун дүйнөдөн кайтса кырк күн зыйнатына турууга жана тигил дүйнөлүк жары болууга ант берген. Манас өлөрүндө Каныкей Ажыбайга ага кабарга жиберет, бирок, Сайкал убадасында турбай, Ажыбайды сабап кайра кубалап, Манастын зыйнатына туруудан баш тартканда Коёнаалы өзү кабарга жөнөйт:

Сыр найза колго алганмын,
Ошондо көмө сайганмын.
Кырк чоросун кыйратып,
Алмамбеттен башкасын
Ошондо байлап алганмын [67, 24-б.], - деп Сайкал өзү мактангандай, эч кимден эч качан жеңилбеген Манасты да кезегинде жеңген Сайкалдын капыстан качырып келип сайган найзасын бучкагына теңебей, анын өзүн тебетейдей бөктөрүп опоңой гана жеңип алып, Манастын зыйнатына келүүгө мажбурлайт.

Дүйнөлүк эпикалык чыгармаларда өзгөчө түрк-моңгол эпосторунда эң соңку муундун өкүлү бала баатырдын өтө кыйын чыгышы, мурунку муундун эң кыйын баатыры аткара албаган ишти иштеп, алар жеңе албаган

жоону оңой эле багындырып коюшу - типтүү көрүнүш. Бала баатырдын атасын жеңген же өлтүргөн душманды жеңип келүүсү якут, алтай, хакас элдеринин эпосторунда кездешүүчү мотивдерден. Мындай мотив орто Азиядагы түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин эпосторунда да учурайт. Маселен, казактардын "Кобланды баатыр" эпосунда башкы каарман Кобландыны Көбүктүн кызы Карлыгач кулата саят. Кобландынын баласы алты жашар Бөкөнбай аны оңой эле жеңип, колго түшүрүп келет. Көпчүлүк эпикалык чыгармаларда мындай бала баатырлар өздөрүнүн кызуу кандуулугу, өз боюна ашкере ишенген баатырлыгы менен байкоостон, жаштайында каза болушат.

"Манас" эпосундагы Коёнаалы дал ушундай кырдаалдын курманы болот. Каныкейдин кармаганына болбой дүйнөдөн өтүп бараткан аяш атам менен коштошом деп, колун катуу кармайт. Ошондо жаш бала Коёналыга Манастын көзү тийип, ал көп өтпөй курман болот. Көз тийүү мотивине Саякбай манасчы экинчи бир төмөнкүдөй мотивди кошот. Балага көзү өткөн Манас анын атасы Көкбөрүгө кайрылат:

Менин айткан сөзүмө
Көнөсүңбү, Көкбөрү,
Кыяматтык дос элек,
Коёнаалы чыракты
Бересиңби, Көкбөрү?
Берип ыраа сен көрсөң
Достум ай, канжыгыма чалайын,
Ичиңди жыйбай жакшы бер.
Чырагымды жолдош кылып алайын!
Колума кармап жалгызды,
Кыяматтык тар жолдо
Достумдан алган белек деп,
Ушуну кармап барайын [67, 248-б.].

Ал эми “Семетей” бөлүмүндө Манастын тигил дүйнөлүк жары Сайкал, жаш бала Коёнаалы анын көрүндө бирге жатканы айтылат. Байыркы элдерге таандык Евразиядагы айрым археологиялык эстеликтерден уруу башчылар менен ага тигил дүйнөдө кызмат кылууга аялы, жакын нөкөрлөрү көргө кошо коюлганы белгилүү.

Жыйынтыктап айтканда, жалпы адамзаттык абстракттуу ой жүгүртүүнүн, руханий өнүгүүнүн баскычы катары тотемизм, шаманизм, анимизм, жана фетишизм сыяктуу көөнө диний ишенимдердин түпкү мааниси табияттан тышкаркы турган жана көзгө көрүнбөгөн жогорку даражадагы күчтөргө ишенүү болуп саналат. Адамдардын өзүн курчап турган чөйрөдөгү жаныбарларга, өсүмдүктөргө сыйынуусу тотемге ишенүү болсо, жамааттык коомдогу уруулардын жараткан менен адамдын ортосундагы байланышка көпүрө болуучу сыйкырдык күчкө ээ деп эсептеген адамдарын шамандар (*2-тиркеме, 4-сүрөт*) деп эсептешкен жана адамдар ошол шамандар аркылуу диний сыйынууларын аткарышкан. Ал эми кыргыздар тутунган негизги дин теңирчилик (*2-тиркеме, 5-сүрөт*) кыргыздардын исламга чейинки дүйнө таанымы болуп, бир кудайды туюнтуп, анын элементтери бүгүнкү күнгө чейин элдин аң-сезиминде сакталып калаган башка диний ишенимдер менен бир катарда синкреттик формада колдонулуп келүүдө.

## 2.3. Изилдөөнүн негизги материалдарына кыскача адабий-теориялык экскурс

Учурда кыргыз эли салттуу исламды тутунушат, атеисттик көз караштагы жарандар да бар, өлкөбүздө КРдин Конституциясынын негизинде дин эркиндиги сакталат. Ал эми тарыхыбызга кайрылсак, кыргыз эли исламга чейин бир нече байыркы ишенимдерди тутунгандыгы маалым. Алар фольклордук чыгармаларда көркөм чагылдырылып сакталып калган. Негизинен пенденин кудай менен баарлашуусу табигый муктаждык, аны кыйын учурларда колдоочу руханий күч катары чыгып, түрдүү формада ишке ашкан. Бул процесстер эл турмушунун ажырагыс бир бөлүгү катары “Манас” эпосунда көркөм чагылуусун тапкан. Мындай көрүнүштөр эл турмушунда бара-бара кайталануучулук мүнөзү менен салтка айланган көрүнүш болуп, анын ритуалдык белгилери калыптанганы көрүнөт. Иликтенип жаткан темага кайрылуу кийинки мезгилдердеги элибиздин тарыхына, улуттук менталитетине, ыйык туткан ишенимдерине кызыгуунун жаңыланышына да байланыштуу экендигине шек жок.

Фольклордук чыгармачылыкта, анын жанрларынын эпикалык арымдагы түрү катары улуу эпосу “Манаста” эл турмушунун бардык жактары кенен камтылган. Адам баласынын жараткан менен фидеисттик баарлашуусу түрдүү формаларда болгону менен алардын жалпы маңызы түбү барып кудайдан жардам суроо, ага сыйынуу менен өз аманчылыгын камсыздоого, анын колдоосу, көмөгү менен кыйынчылыктан чыгып, ийгиликке жетүүгө умтулуу экендиги талашсыз.

Кыргыздардын тарыхында кездешкен жана кээ бир уруулар кабыл алган дин буддизм болгон. Негизинен буддизм Кушан мамлекетинин доорунда Түркстандын аймагында жайыла баштаган [121, 26-б.]. Кийинчерээк Көктүрк империясынын мезгилинде (VI к.) кеңири тарай баштаган буддизм кыргыздар менен кимактарга да өз таасирин тийгизген.

Буддизмдин түрк урууларыны арасында жайылуусуна уйгурлар чоң роль ойногонун тарыхчылар белгилешет, жана тибет тилинен уйгур тилине которулган буддисттик тексттердин негизинде уйгурлардын буддизмге жакындыгы бар экендигин болжолдошот.

Буддизмдин жайылышы кийинки жылдары дагы улана берген. XVI кылымдан кийин, өзгөчө жунгар ханы Алтан хандын доорунда (1507-1583) Тибеттин чыгыш өрөөндөрүнө карай багыт алуусу – монголдордун ичинде дагы бул диндин тарай башаташына жол ачкан. Мунун бардыгы тең монголдорго жакын жана алар менен чогуу жашаган кээ бир түрк урууларынын (кээ бир кыргыз урууларында дагы) ламаисттик буддизмдин таасирине кабылуусуна себеп болгон. Этнограф С.М. Абрамзондун пикири боюнча, мындай урууларга сарбагыш, мундуз жана баргы уруулары кирген. Муну менен бирге хансилер, тувалыктар жана казактардын бир бөлүгү бул динге кирип кеткендигин белгилейт [5, 22-23-б.].

Түрк урууларынын ичинде жайылган диндердин бири болуп христиан дини эсептелет. Окумуштуу В.В. Бартольд бул диндин чигилдер, карлуктар, кимактар, гуздар сыяктуу түрк тектүү элдерге тарагандыгын көрсөткөн[16. 50]. Мындан сырткары, исламдан мурун Кашкар, Талас жана Самарканд сыяктуу шаарларда да христиан динине ишенген кишилердин жашагандыгы маалым [16, 241-б.]. Албетте, кийинки доорлордо арабдар тарабынан ислам дининин активдүү киргизилиши менен аталган диндердин элдик аң-сезимде калыптана баштоосу солгундап, дээрлик жок болууга чейин азайгандыгы белгилүү. Ал эми тарыхчы Ю.С. Худяков IX кылымдын ортолорунда кээ бир кыргыз урууларынын арасында христиан дининин несториан агымы тарагандыгын жана мында карлуктардын таасиринин болгондугун айткан [120, 135-б.]. Кийинки учурларда Кыргызстандын территориясынан кабыр үстүнө коюлган несториан дининин эпитафиялык жазуулары, т.а., маркумдун жашаган жылдары көрсөтүлгөн жалпак таштар табылган.

“Манас” эпосунда буддизм тууралуу маалыматтар арбын, алар сюжеттик тутумда кыргыздарга каршы тараптын, калмак-кытайлардын

тутунган дини катары берилет. Манасчы Б.Сазановдо Чоң казатта Коңурбайдын Манаска кол салганы, экөө беттешип эр сайыш кылганын сүрөттөөдө Коңурбай сыйынган диндин атрибуту катары келет:

Баатыр Сыргак көк жалы,
Айдап жүрүп урганын,
Эсепсиз кытай кырганын,
Ошону Калча көрдү эле,
Калча кул кудай кылган каңкорго,
Качырып найза салды эле.
Таш буркан – деп кыйкырып,
Бери чык – деп бакырып.
Асаба колдо калкылдап,
Тоту куштун куйругу
Айдалыда жаркылдап.
Шуру отого шаркылдап,
Таш буркан – деп чакырып,
Алдындагы Алгара ат,
Ооздугун кемирип,
Кара жерди жемирип [147, 357-б.].

Аталган варианттагы эпостун “Семетей” бөлүмүндө Абыкенин Манаска аш берем деп Эсенканга жазган катындабул атрибутика сыйынуу объектиси катары ачык келтирилет, тактап айтканда, буддизм жана анын түрдүү багыттарда колдоочу кудайларынын эстеликтери тууралуу сөз болот:

Абыкедей зор ушу,
Амал менен айлалап,
Атышчу душман кайдалап,
Баатыр Манас көк жалдын,
Күлчоросун чогултуп.
Күркүрөтүп тооролуп,
Кайыптарын чогултуп,

Камап алып торултуп.
Жетимиш эки бурканын,
Барын жыйнап коюптур.
Ажайыпкана чоң сарай,
Аземдеген бир далай,
Ажыдаар октолуп,
Алып жүрчү эмедей,
Алты ийрилип токтолуп [148, 161-б.].

Байыркы кыргыздар табият менен дайым бирге болгон, дүйнөнү бүткүл турпаты менен кабыл алган, андан күнү да түнү да бөлүнгөн эмес. Табиятты өзүнөн улук сезген, ага багынган, ага каршы чыкпай, өзүн табияттын бир мүчөсү катары сезген, аны сыйлаган. Жөнөкөй эле мисал катары алсак, азыр да улуу муундагы адамдар жайында жайлоого чыккан биринчи күндөн тартып конуштагы чөп-чарды, өсүмдүктөрдү жулдурбайт, көгөрүп турсун дейт. Жаштардын эмнеге антебиз деген суроосуна өсүп турган чөптөрү жулунса табият ыйлайт, күн жааайт дешет. Бул жаратылыш менен гармонияны билдирет. Адам табиятты сактаса, ал адамды сактайт. Кыргыздардын жашоо-тиричилигин чечмелеп айтканда, көроокат, каракурсактын түйшүгүнөн кутулаары менен табиятка сүкүт салган, өзүн аман сактоонун жолу - табиятка табынуу деп боолгологон, өзүнүн бактысы, ыракаты - табият менен шайкеш жашоодо экендигин аңдап билген. Жалпылап айтканда, теңирчилик адам баласын табият менен эриш-аркак жашоонун негизинде акыл-оюн байытып, рухий дүйнөсүн өстүрүүгө жардам берген.

Буларга караганда масштабдуу тараган, көчмөн цивилизациянын табиятына ылайык келген көөнө диний ишенимдер биз иликтөөгө алган тотемизм, анимизм, шаманизм, фетишизм жана теңирчилик болгон. Алардын ар бирине төмөндө өзүнчө токтолмокчубуз.

## II глава боюнча кыскача корутунду

2.1. “Манас” эпосундагы көөнө мотивдерди эпикалык өңүттө изилдөөнүн объектиси жана предмети. Фольклордук чыгармачылыкта, анын жанрларынын эпикалык арымдагы түрү катары улуу эпосу “Манаста” эл турмушунун бардык жактары кенен камтылган. Адам баласынын жараткан менен фидеисттик баарлашуусу түрдүү формаларда болгону менен алардын жалпы маңызы түбү барып кудайдан жардам суроо, ага сыйынуу менен өз аманчылыгын камсыздоого, анын колдоосу, көмөгү менен кыйынчылыктан чыгып, ийгиликке жетүүгө умтулуу экендиги талашсыз. Диссертациялык изилдөөнүн объектисикыргыз элинин улуу руханий мурасы “Манас” эпосу болуп саналат. Ал эми изилдөөнүн предмети“Манас” эпосундагы көөнө диний ишенимдердин эпикалык мотив катары келиши болуп эсептелет**.** Изилдөөдө исламга чейинки кыргыз эли тутунган байыркы ынанымдар иликтөөгө алынып, алардын эпостун сюжеттик тутумундагы орду, мааниси, окуянын өнүгүүсүнө кошкон салымы белгиленет.

2.2. “Манас” эпосундагы көөнө мотивдерди эпикалык аспектте изилдөөнүн методологиясы жана методдору. Биз эмгекти жазууда чет элдик жана ата мекендик илимпоздордун темага байланыштуу жазган эмгектерине таяндык. Биздин изилдөөнүн методологиясы орус фольклористикасын түптөгөн окумуштуулар - Э.Тайлор (1989), Дж. Фрэзер (1980), К.Г.Юнг (1998), Л.Я.Штернберг (1936), С.А.Токарев (1964), В.Н.Топоров (1988), ата мекендик илимпоздордон - Э.Абдылдаев (1981), С.М.Абрамзон (1990), Р.З.Кыдырбаева (1996), И.Б.Молдобаев (1989), К.Б.Ибраимов (1991), Т.Д. Баялиева (1972), Маничкин Н.А. (2019) ж.б. эмгектериндеги байыркы эпикалык мотивдердин эпостун сюжетикасындагы маани-маңызы тууралуу идеяларына, ошондой эле фольклорист окумуштуулар Орозобекова Ж.К., Нарынбаева Н.О., Жамгырчиева Г.Т., Орозова Г.Ж., Бекмухамедова Н.Х., Мырзажанова Г.Б., Кулбаракова З.А. ж.б. изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде

айрым каралган учурларында айтылган ойлорго негизделди. Изилдөөнү алып барууда алар таяныч, багыт берүүчү өрнөк болду десек болот.

2.3. Изилдөөнүн негизги материалдарына кыскача адабий-теориялык экскурс жасасак, кыргыз эли исламга чейин бир нече байыркы ишенимдерди тутунгандыгы маалым. Алар фольклордук чыгармаларда көркөм чагылдырылып сакталып калган. Негизинен пенденин кудай менен баарлашуусу табигый муктаждык, аны кыйын учурларда колдоочу руханий күч катары чыгып, түрдүү формада ишке ашкан. Бул процесстер эл турмушунун ажырагыс бир бөлүгү катары “Манас” эпосунда көркөм чагылуусун тапкан. Мындай көрүнүштөр эл турмушунда бара-бара кайталануучулук мүнөзү менен салтка айланган көрүнүш болуп, анын ритуалдык белгилери калыптанганы көрүнөт. Иликтенип жаткан темага кайрылуу кийинки мезгилдердеги элибиздин тарыхына, улуттук менталитетине, ыйык туткан ишенимдерине кызыгуунун жаңыланышына да байланыштуу экендигине шек жок.

Жалпы адамзаттык абстрактуу ой жүгүртүүнүн, руханий өнүгүүнүн баскычы катары тотемизм, шаманизм, анимизм, жана фетишизм сыяктуу көөнө диний ишенимдердин түпкү мааниси табияттан тышкаркы турган жана көзгө көрүнбөгөн жогорку даражадагы күчтөргө ишенүү болуп саналат. Адамдардын өзүн курчап турган чөйрөдөгү жаныбарларга, өсүмдүктөргө сыйынуусу тотемге ишенүү болсо, жамааттык коомдогу уруулардын жараткан менен адамдын ортосундагы байланышка көпүрө болуучу сыйкырдык күчкө ээ деп эсептеген адамдарын шамандар деп эсептешкен жана адамдар ошол шамандар аркылуу диний сыйынууларын аткарышкан.

Ал эми кыргыздар тутунган негизги дин теңирчилик кыргыздардын исламга чейинки дүйнө таанымы болуп, бир кудайды туюнтуп, анын элементтери бүгүнкү күнгө чейин элдин аң-сезиминде сакталып калаган башка диний ишенимдерменен бир катарда синкреттик формада колдонулуп келүүдө. Ошентип кыргыз эли исламга чейин тутунган теңирчилик дини элдин руханий өнүгүшүнүн маанилүү баскычы болгон. Ал адам ой

жүгүртүүсүнүн конкреттүү кырдаалдагы тар алкагынан чыгып, жалпыланган абстракттуу ой жүгүртүү менен дүйнөнү таанып-билүүгө өтүүдө чоң роль ойногон. Мында бир жагынан табият менен коомдун мыйзамдарын таанып-билүүдөгү түшүнүктөр жана концепттердин жардамы менен эмпирикалык тажрыйбаны системалоо болсо, экинчи тарабынан жашоо динамикасы бирге алынгандыгы байкалат.

Учурда кыргыз фольклористикасында эпостаанууга айрыкча көңүл буруу максатка ылайык. “Манас” эпосун түрдүү өңүттөн изилдөө азыркы мезгилдин актуалдуу маселелеринен болуп саналат. Ар кандай элдин элдик оозеки чыгармачылыгы жалпы адамзатка мүнөздүү болгон диний-мифологиялык башаттарга барып такалат, башкача айтканда элдин көркөм сөз өнөрү эзелки доорлордо адамзаттын алгачкы жамааттык доорунда аң-сезимдик деңгээлде жашаган көөнө диний ишенимдерден, мифтерден өзөк алган. Биз изилдөө объектиси катары алган “Манас” эпосундагы байыркы диний мотивдердин эпосто кездешүүсү, аны жараткан кыргыз элинин дүйнөдөгү эзелки элдерден экендигине түздөн-түз байланыштуу.Ошондуктан элибиздин эпикалык ойлоосунда, анын туундусу катары эпосто диний ишенимдик байыркы катмарлардын белгилери сакталып калган.

# III ГЛАВА. “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ БАЙЫРКЫ ДИНИЙ ИШЕНИМДЕРДИН ЭПИКАЛЫК МОТИВ КАТАРЫ БЕРИЛИШИ

## 3.1. “Манас” эпосундагы исламга чейинки диний ишенимдердин эпосто эпикалык мотив катары кездешүүсү, тотемизм ишениминин эпосто берилиши

“Манас” эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары келүүсүнө бир топ мисалдарды келтирүүгө болот. Биз бул главада изилдөө объектиси катары исламга чейинки байыркы диндерди, атап айтканда, тотемизм, анимизм, шаманизм, фетишизм, теңирчилик (*1-тиркеме*) диндеринин элементтеринин эпостун тутумунда кездешүүсүн карамакчыбыз.

Сырдуу, рухий күчтөр жана адамдын жөндөмдүүлүктөрү тууралуу оккульттук-томисттик окуу болгон антропософиялык дүйнөтаанымда изилденүүчү мистикалык билимдердин табияты али да табышмактуу бойдон калууда деген ойду жогоруда белгиледик. Манасчылык, дегеле эпос айтуучулук өнөрдүн табияты түпкү аң-сезимдик психикалык күчтөрдүн кескин активдешүүсүнө байланыштуу болуп, жогортон келген таасирдин натыйжасында анын чыгармачыл инсанга түрткү берип төгүп айтууга, импровизацияга шыктандыруусуна байланышат десек болот. Ошентип диндердин мазмуну өзүнүн психологиялык табияты боюнча өтө ар түрдүү, аларды сөз менен түшүндүрүлүп берилишинин мазмунун толук ачууда жетишсиз экендигин, мистикалык таасирлерди көп учурда сөз менен берүүгө мүмкүн эместигин окумуштуулар, дин өкүлдөрү ж.б. белгилешкен.

Окумуштуу этнограф Л.Я. Штернберг белгилегендей: “Дин институту жер шарынын бардык учурларындагы жана бардык элдердеги эң универсалдуу, эң кеңири таралган институттардын катарына кирет. Азыркы учурда кандай төмөнкү маданий деңгээлде турса да, кандайдыр бир дини жок бир дагы эл табылбайт, жана да азыркы илим диний элестөөлөрү таптакыр жок байыркылыкты билбейт” [123, 241-б.]. Буга улай айта кетсек, азыркы

убакытта деле кыргыз элинде, тектеш ислам дини институту менен бир катарда эле теңирчилик, тотемизм,шаманизм диндеринин элементтери жашап, сакталып келүүдө, акыркыларыТүштүк Сибирь аймагында жашаган калктардын турмушунда дагы деле мааниге ээ: "Якуттарда, алтайлыктарда, эвенкилерде, ненецтерде аң уулоого чыгуунун алдында токойдун (тайганын), суунун (деңиздин) ээлерине (духтарга) сыйынуу азыр да күчүндө" [106, 115-б.]. Ушул сымал эле кыргыз элиндеги көөнө хореографиялык искусствонун фольклордук көрүнүшү катары аңчынын бийи алгачкы жаралуусунда мергенчинин аң уулоого чыгаар алдында жолум болсун деп кайберендин пирине жалынып, аны таюусунан келип чыккан деп болжолдоого толук негиз бар деген ойдобуз.

Тотемдик мифтерге токтолсок, жаратылыштагы заттар менен заттар ортосундагы адамзат менен башка жандуулар ортосунда кандайдыр бир тектик, уруктук байланыш бар деген ишеним, же бир заттын, жандардын тукум уругунун ээси, калкалоочусу болот деген ишеним боюнча наристе элестетилип айтылган мифтик баяндар (аңыздар) тотемдик мифтер деп аталат. Кыргыз эпосунда тотемдик ишенимдер өзүнчө бир зор топту түзөт. Бул түрдөгү баяндар адамзаттын жана ар кайсы урууулардын чыгыш теги тууралуу жана айбандардын, заттардын урук-тукумунун колдоочусу, пири, ээси, айтоор, баштапкы урук ээси жөнүндө наристе элестетип түшүндүрүүгө умтулган баяндар эсептелет.

Тотемизм-урууучулук коомдогу диний ишенимдердин жана каадалардын жыйындысы, диндин байыркы формасы. Анын негизги өзгөчөлүгү катары адамдардын тигил же бул уруунун, жаныбарлардын пайда болушун, тегин айрым жаныбарлар, өсүмдүктөр менен тикеден-тике байланыштуу түшүндүрүү, анын ыйыктыгына, кереметтүүлүгүнө ишенүү болуп саналат *(2-тиркеме, 6-сүрөт).* Э. Тайлордун эмгегинде бул тууралуу төмөнкүчө белгиленет: "Түндүк Американын алгонкингдеринде аюу, карышкыр, ташбака, бугу, коен ж.б. жаныбарлардын аталыштары урууларга

бөлүнүп кеткен кландарды билдирүү үчүн кызмат кылат. Мындан сырткары кланга тиешелүү ар бир адамды аюу, карышкыр ж.б. деп аташат жана бул жаныбарлардын көркөм чагылышын жергиликтүү образдуу (элестүү) жазууда белгилешет. Оджибвелердин жалпы кланынын жаныбар колдоочусу ототем деп аталат жана бул сөз “тотем” деп өзгөртүлүп, этнологдордо мындай элестөөлөрдү белгилөө үчүн бүткүл дүйнөлүк термин болуп калды, ал эми урууларды бөлүштүрүүнүн мындай системасы тотемизм деген аталыш алып калды” [108, 382-б.]. Мындан байкалып тургандай, түндүк америкалык түпкүлүктүү уруулардын тилинде “тотем” деген сөз “анын уруусу, теги” дегенди туюндурган. Тактап айтканда, адам менен айрым социалдык жамааттардын жаныбарлар жана өсүмдүктөр менен адаттан тыш өзгөчө байланышы бар деген ишенимге негизделген түшүнүк болуп саналат. Тотемизмдин келип чыгышы архаикалык ой жүгүртүүгө ылайык адамдын жаратылышка карата жекече мамилесине түздөн-түз байланыштуу.

Окумуштуу Т.Д. Баялиеванын пикири боюнча жаныбарларга, канаттууларга тотемисттик урматтоо мамилеси менен бир катарда аларга сыйынуу, табынуу (зоолатрия) да орун алган. Мындай сыйынуу объектиси катары жылан эсептелген. Жылан культу автордун иликтөөсү боюнча Орто Азияда эле эмес дээрлик универсалдык таралууга ээ. Аны дарылык көз тийдирбей турган жана дарылык касиетке ээ деп башын, терисинен жаш балдардын кийимине тигип коюшкан [17, 28-б.]. Ал эми “Манас” эпосунда жылан, ажыдаар ыйык жаныбар болуп, баатырдын мифтик колдоочусу катары согуштарда артынан сойлоп жүрөрү айтылат.

Тотемдик түшүнүктөр уруулук коом үчүн гана мүнөздүү болгон. Ошондуктан, тотемизм байыркы убакта дүйнөдөгү бардык элдерге тарап, аларга материалдык жана маданий турмушуна өз таасирин тийгизген. Бир тотемдин тукуму делинип эсептелген уруу же топ өз ич ара кыз алып, кыз беришпейт. Кээ бир элдер тотем жандыктын этин жешпейт. Тескерисинче, айрым элдерде тотем жандыктын эти касиеттүү күч-кубат берет деген ишеним бар. Мына ушундай көз караштардын түрк, монгол, иран

урууларындагы чагылдырылышына жылкы, бука, ит, бөөрү, төө, бугу, буура, короз жана башка жаныбарлардын культу менен тыгыз байланышкан.

Байыркы чыгыш түрк Орхон-Эне-Сай жазууларында кыргыз жана башка түрк элдери тарабынан тотем катарында урматталган жаныбарлар болуп илбирс, карышкыр *(2-тиркеме, 7-сүрөт)* жана башка жаныбарлар айтылат. Ал эми бул салттуу түшүнүк “Манас” эпосунда да колдонулат. Эпостун башкы каарманы Манастын туруктуу эпитеттеринин бири “көк жал”, “көк бөрү”, болуп берилет. Кошойдун “кыргыздарды кырк уруу бөрү” сыпатында мүнөздөшү, Манастын көк бөрү болуп кубулган кыркы чилтенге жолугушу, анын батасын алып, дайыма колдоого ээ болуп жүрүшү өңдөнгөн мотивдер байыркы тотемдик ишенимдин эпостун жалпы мазмунуна, көркөмдүк деңгээлине образдык системасына белгилүү таасир тийгизгенин күбөлөйт.

Фольклорист З.А. Кулбаракова тотемизмдин “Манас” эпосундагы орду тууралуу төмөнкү пикири айрыкча кызыгууну жаратат: “Эпостогу жаныбарлардын көркөм чагылдырылышы жана алардын тотемдик белгилери анын эпостук чыгарма катары жаралышында, идеялык-эстетикалык бүтүндүк катары түптөлүшүндө, улам кийинки доорлордо өнүктүрүлүп, сюжеттик жактан бутактанып, жаңы окуялар менен толукталып отурушунда негизги ролдордун бирин аткарып келгени анык. Анын эпосто архаикалык көз караштан тарта бүгүнкү күнгө чейинки катмарланган, ар тараптуу, улуттук маданий жана ишеним системасынын баалуу фольклордук эпикалык булагы катары орду терең” [53, 24-б.].

Түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин эпикалык эстеликтеринин баарында, ал эми кыргыз эпосторунан “Манаста”, “Эр Төштүктө” ж.б. оор акыбалда калган каармандарга жана башка бардык эле баатырларга адамча сүйлөп, кеп-кеңешин айткан акылдуу аттын образы эң эле кенен тараган. Жылкынын куйрук-жалы, көкүлү, эти адамдарга күч-кубат, кайрат берчү касиетке эгедер тумар (көз тумар) катары кызмат өтөйт.

Кыргыздардын түшүнүгүндө, көз карашында тотемизм туруктуу түрдө орун алып фольклордук чыгармалардан эпос, жомок, санжыра, уламыш өңдүү жанрларында, алардын идеялык-тематикалык мазмунунда чагылган. Тотемдик ишеним, көз караштардын, образдардын өзүнчө бир катмары “Манас” эпосунда да жолугат. Бул өзгөчө эпикалык чыгарманын байыркылыгын, анын өсүп-өнүгүү кырдаалын аныктоого мүмкүндүк берет. Ошону менен катар тотемдик ишенимдер менен түшүнүктөр, образдык туюнтмалар биз карап жаткан С.Каралаевдин, Б.Сазановдун жана С.Орозбаковдун варианттарынын эпикалык жалпы мазмундуулугун, көркөмдүк даражасынын байышында да активдүү таасир тийгизет. Кыргыздардын тотемдик түшүнүгүндө кайберен эчки-теке, элик, аркар-кулжа, бугулардын пири, колдоочусу болуп саналат. Бул түшүнүктү манасчылардын эпостун лексикасында кеңири пайдаланышы, эпикалык каармандардын ууга чыгуу окуяларында кайталанышы анын фольклордук чыгарманын өзөгүндө тотемиздин белгилүү түрдө орун алгандыгын аныктайт. Алсак, Б.Сазановдун айтуусунда баатырлардын колдоочулары төмөнкүчө сыпатталат:

Канкорго кудай бериптир,
Беш кытайдын кер кайып,
Өзү сүйүп келиптир.
Көк ала кулжа даң салып,
Кап туурадан келгени.
Кайып бири келгени,
Муну Чубак көрүптүр.
Качыргандан кайтпаган,
Чагарак куйрук чаар төш
Жолборс бор чамынып,
Кара кулак шерлери,
Туш-тушунан камынып.
Эки түгөй сур жылан,

Асыз бири болчу экен.

Куюшканга чалынып,

Ажыдаар баштанып,

Жалман тилдүү сур жылан,

Жаланып карап турганын

Муну Чубак көрдү эле.

Эки түгөй сары кыз,

Шайтан бири болчу экен [147, 212-б.].

Кайып же кайберендин кереметтүүлүгүн көрсөтүү мотиви ага садага чабуу, курмандык жасоо ырым-жырымдары менен кошо коштолот. Маселен, Жакып кандын кыргыздарды топтоп, Алтайдан Ала-Тоого көчүүгө өз ара макулдашканын баяндаган окуяда алардын “кыбылага карашып, кол көтөрүп буркурап, Адил бааша тагы үчүн, Кайып Эрен бак үчүн” бата кылып мал союу жөрөлгөсү аткарылат:

Курган кыргыз той кылып,

Баабединин бат айтып.

Түлөө кылып буркурап,

Түгөл кыргыз чуркурап,

Мойнуна буурчак салынып,

Чурулдашып чуу туруп,

Жаратканга жалынып,

Күйүттүн баары ачылып,

Күптүнүн баары жазылып [138, 313-б.].

Жакыптын Акбалта менен Алтайдан Ала-Тоого көчүшү, Жолойдун кол салуусу деген бөлүмдөгү бул окуяда түлөө жөрөлгөсүнүн аткарылышы жөнүндө сөз болуп, курмандык чалуу ритуалы айтылат, бул адатта узак жолго чыгуу, бир чоң ишти баштоо, же бир илдеттен кутулуу сыяктуу максаттарды көздөгөн. Манастын Таласка көчүп келип конгону окуясында Бакай Манаска жолуккандан кийин курмандык чалат.

Абасы Бакай көк жалдын

Муруту кетти суюлуп,
Сүйүнгөндөн чыдабай,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп,
Баабединин бат айтып
Алда Таала кудайга
Ар тилегин бат айтып,
Жетелеген ак боз бээ -
Жетип Бакай кабылан,
Желкеден  кармай калды эми,
Кыймылдатпай ошондо
Коркуратып боз бээни
Курмандыкка чалды эми [143, 371-б.].

Кыргыздардын кайберенге, кийиктердин бири кайыптын, колдоочулук мүмкүнчүлүгүнө ишенүүсү башкы каарман Манастын образында колдонулат. Эпостун “Семетей” бөлүмүндө кайыптын, кайберендин колдоочулук милдети өзүнчө бир чоң ынтаа, күчтүү пафос менен берилет. Мында адам баласы менен жаныбарлар дүйнөсүнүн ортосундагы биримдик, алака чоң философиялык жалпылоого көтөрүлүп чыгат. Маселен, Семетей менен Чыйырдыны алып Букарга качып бараткан жолдо ыйык Байтерекке токтогондо тотемдик дарактын колдогону жөнүндө маалымат берилет. Ага Каныкей жалынып турганда, Байтеректен сүт чыгат:

Ошо жалбырагы жазылып,
Бата болду Байтерек.
Тентиген жетим-жесирге
Ата болду Байтерек.
Баякы, жесир ыйлап турганда
Байтерек ата күүлөнүп,
Шамал болгон эмедей,
Өзүнөн өзү ырганып,

Байтерек ата кое берди сүйлөнүп,
Адамча айткан тили жок,
Күкүк болуп күүлөнөт,
Түбү менен башынан
Бирдемеси күңгүрөнүп сүйлөнөт.
Кийин качып түбүнөн
Каныкейден күч кетти,
Кутба жаккы бетинен,
Бир бутактын четинен
Ошондо, булактай агып сүт кетти.
Ачка болгон карыптар
Жан аякты сунушуп,
Жайнап чыккан аппак сүт,
Тосуп эле ичип тунушуп,
Баякы гана сүттү ичкенде,
Ооруган жерлер басылып,
Баякы, Каныкей менен Чыйырды,
Умачтай гана көзү ачылып [143, 124-б.].

Ал эми тотем жаныбар бугунун колдоо көрсөткөн учуру эпосто мындайча сүрөттөлөт:

Атасынан баласын,
Колдоп эле жүргөн пири экен,
Ошондо он эки айры ак бугу,
Чуркап жетип келди эле,
Бешиктеги беренин -
Семетейди көрдү эле.
Эмчегин берип ал бугу,
Мойнун гана бөлөк буруптур,
Бу баланын өзүнө
Эмчегин берип туруптур [144, 52-б.].

С.Каралаевдин вариантындагы “Семетей” бөлүмүндө Каныкей менен Чыйырды Байтеректин сүтүн ичип чарчап уктап калышат. Семетей жөргөлөп кетип калат. Каныкей чочуп ойгонуп баласын таппай издейт. Анан Ак маралдын эмизип турганын көрөт. Ал качырып барганда:

Караса көзгө илинбейт,
Кайда экени билинбейт,
Ошол турган Ак марал
Кайып эле болуп калды эми.
Тамашалуу кызыкка
Баткан гана экен Семетей,
Арбак конуп залкайып,
Калган экен Семетей
Кайыптын сүтүн артык ээмп,
Алган экен  Семетей.
Тамашага бек далай,
Баткан экен Семетей,
Буркурап эле  тердеп, буу чыгып,
Жаткан экен Семетей.
Бир караса балада,
Ажыдаардын түрү бар,
Бир караса балада
Алты миң эрдин сүрү бар! [144, 132-б.].

Дегинкиси бугу жөнүндөгү бул байыркы түшүнүк көп кылымдардан бери сакталып келаткан болууга тийиш. Кыргыздардын  Ысык-Көлдө жашаган бугу уруусу өзүнүн чыгыш тегин бугудан алып, анын урматтап, ыйык эсептегени байыркы тотемдик түшүнүктүн калдыгы. Эпикалык башкы каармандардын минген аттары, тулпарларынын күлүктүгү, чыдамкайлыгы, акылдуулугу, адамдын ишенимдүү жолдошу катарында сүрөттөлүш сапаттары, артыкчылыктарыда дал ушул тотемдик нукта түшүндүрүлөт. Атап айтканда, эпостогу Манастын Аккула, Тайбуурул, Чубактын Көкала,

тулпарларынын туулушу, артыкчылыгы кайып менен тикеден-тике байланышта интерпретацияланат. Мындай мотив “Семетейде” да толук сакталат, башкача айтканда, баатырдын тулпарлары Тайбуурулдун туулушу, артыкчылыгы ушундайча түшүндүрүлөт. Мааникердин теги “энеси аркар жел кайып, атасы тулпар чөл кайып” катарында сүрөттөлүп ал эми эпикалык баатыр Чубактын Көкала сындуу тулпарын Кызыр ата өзү келип тартуулайт. Аны атайын Чубак үчүн багып, даярдап жүргөндүгү баяндалат.

Ал эми Манас атасы Жакыпка таарынып кетип, ак сакалчан Кызыр менен эгин айдаганда ал Манаска Карача кандын жылкысында баатырга ылайык тулпар туулганынан кабар берет. Тотемдик көз караштардын калдыктарынын бир көрүнүшү катары жылкы, төөнүн пирлери, алардын кысталыш учурда ээлерин коргоп жардам бергендигин көрсөтсө болот. Ошондуктан эпикалык баатырлар Манас көчкөндө, душмандарды жеңгенде ырымдап жылкы атап, Камбарбозду курмандыкка чалышат. Демек, малчылык менен оокат кылган адамдар үйүрдөгү мыкты жылкыларын Камбар ата деп атоо салтка айланып калган. Мына ушундай эле түшүнүктү, тотемдик колдоочулукка ишенүү салты төөгө, уйга, койго таандык кылып сүрөттөө мотиви эпостук окуялардын жүрүшүндө көп эле жолу жолугат.

Эпосто Акбалтанын талаадагы жайылган төөлөрүн карап жүрүп, төл малы “Ойсул ата куу каймалдын” өркөчүнөн Чубакты табышын баяндаган эпизод жана Кызырдын атайы Манасты тосуп туруп, ага желгенине жел жетпеген, басканына мал жетпеген “булуттай учуп сыдырган, төгөрөктүн төрт бурчун, төрт күн койбой кыдырган”, “кырк асый” Желмаянды тартууга беришин чагылдырган окуялар баатырдын төрөлүшүн, негизги каармандардын башка каармандардан айырмаланган мүлккө, колдоочулукка ээ болушун фантастикалык маанайда сүрөттөө гана эмес, ошондой эле тотемдик ишенимдер менен эпикалык каармандардын ортосундагы өтмө катар байланышты да чечмелөөгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Ушул эле Саякбай манасчы айткан варианттагы сюжеттик тутумда Манаска кырк чилтен, Кызырдын жолукканы жана Акбалтайдын кеңеши

менен Манастын Кошойду көздөй жөнөгөнү тууралуу окуяда баатырдын мифтик колдоочулары, алардын катарында Кызыр олуя тууралуу баяндалат жана бул эпостогу эрдикти даңазалоочу пафосту дагы бийиктетип ага шаң берет, элдик чыгарманын эстетикалык жүгүн аркалайт:

Оң жагына караса
Кыядан түштү кырк киши,
Кырк чилтендин өзү экен,
Бөрү болуп кубулган
Аты Алейкисалам өзү экен,
Өзү турмак береки,
Караган кара көзү экен,
Карышкыр болуп кубулуп,
Манаска жолукканы жүргөнү
Белестен чыкты беш киши
Ак селдеси казандай,
Айкырса үнү азандай,
Зорлугу тоонун теңиндей,
Айбаты жанды жегидей,
Шай атамдын өзү экен,
Кырааның Манас көк жалга,
Жолуга турган кези экен,
Кол алышып турду эми [143,161-б.].

Ал эми манасчы Б.Сазановдун вариантындагы Манас баатырдын туулушунда Кызыр колдоо эпикалык мотиви кездешет:

Жакып, дүнүйө бердим колуңа,
Жакып, ааламды бердим колуңа,
Ак сакалдуу кишиси,
Көздөн кайым болду эле,
Кызыр салам бабам деп,
Ошондо Жакып билди эле...[147, 17-б.].

Эпостун сюжеттик курамында туруктуу учуроочу кейипкер катары Кумайыкты иттин пири, колдоочусу катары кабыл алуу жана анын кереметтүүлүгүнө, ыйыктыгына ишенүү салты кыргыздардын аң-сезиминде бекем орногон. Ошол себептен анын туулушу, өсүшү жеке артыкчылыктары атайы фантастикалык ыкмада чечмеленет. Эпосто Манастын ууда жүрүп Желмаянды, эртеси "Жаңгактуунун керүүдө, Кум-Булактын белинен кол башындай көзү ачылбаган сур күчүк таап алышы", анын ырым-жырымына ак боз бээ союшу өңдүү эпизоддор жолугат. Бакай, Ажыбай, Чубак, Манас Медийен чөлүндөгү Кайып-Мазарга барып дааратын алып намаздарын окушат. Кум-Булактын белинен Манас даарат алган жеринен кол башындай сур күчүк кайыбынан табылат:

Анда Ажыбай муну айтат:
Арслан Манас, көк жалым,
Кутмаарек болсун күчүгүң!
Кызыр чалган кырааным,
Кыйланын баары кабылды,
Чын Кумайык табылды.
Чын кумайык өзү экен.
Көк жору тууп таштаган,
Кымбаттуу кыраан башыңа
Алда Таала кудайың
Куп келтирген кези экен.
Ушу турган Кумайык
Адам колу өткөндө
Айып болот дечү эле.
Эркек бакса ушуну
Алты күнгө толгондо
Кайып болот дечү эле.
Коштоп жүргөн ак боз бээ
Кокуй, Чубак, бери тарт!

Ак боз бээни соелу,
Этине биздер тоёлу,
Алакан жайып баарыбыз,
Бата кылып коелу,
Атын чын Кумайык коелу!”[143, 525-б.].

Табылган күчүккө Бакайдын Кумайык деп ат коюшу жана аны багуунун жол-жоболорунда кыргыздардын итке болгон тотемдик ишеними жатат. Байыркы кыргыздарда орун алган тотемдик ишенүү боюнча: “Кумайык иттен эмес жорудан туулат, ал үч күнгө чейин күчүк түрүндө жатат, үч күнгө чейин адам таап албаса, ал кушка айланып кетет”, - деген элдик түшүнүк жана аны багып, тарбиялап өстүрүү жөрөлгөлөрү, жөнүндөгү көз караштар поэтикалык формада эпостон орун алган. “Манас” бөлүмүндөгү мындай тотемдик түшүнүктөр “Семетейде” өз ыргагынан жанбайт. Өздөрүнүн тотемдик касиеттери, сапаттары, жеке өзгөчөлүктөрү менен эпостун идеялык – көркөмдүк деңгээлинин артышына көмөк көрсөтүшөт. Тотемдик ишенимдер эпостун “Манас” жана “Семетей” бөлүмдөрүндө окуянын жалпы өнүгүш ыргагын бузбастан, тескерисинче эпикалык башкы баатырдык образынын мониименталдуулугун көтөрүүдө айрыкча роль ойнойт. Архаикалык ой жүгүртүүнүн тотемдик түрүнүн мындай калдыктары жана элементтери “Сейтек” бөлүмүндө азыраак. Тайбуруул, Акшумкар, Кумайыктын Семетей менен менен кошо кайып болушу, Куялынын атасынын Кайып ысмын алып жүрүшү Кыястын Тоотору атынын адамча ой жүгүртүүсү сыяктуу мисалдарды келтирсе болот. Себеби “Сейтек” “Манас” жана “Семетей” бөлүмдөрүнө караганда трансформацияга көбүрөөк дуушар болгону, пайда болуш мезгили, сүрөттөө окуялары боюнча кийинки доордун натыйжаларына таасирленгени, архаикалык көз караштын таасирине аз чалдыкканы менен түшүндүрүлөт [67, 291-б.].

Баатырдык эпостун эволюциялык өнүгүшүнүн кийинки этаптарында мурунку тотем - жырткыч айбандар менен кыраан куштардын аттары каармандардын кыймыл аракеттерин туюндуруучу көркөм каражаттардын

милдетин аткарып калган. Тотемизм - алгачкы уруулук коомдогу диний ишенимдердин байыркы формасы, анын негизги өзөгү адамдын, уруунун келип чыгышын, тегин жаныбарлар, өсүмдүктөр менен байланыштуу түшүндүрмөсүн түзөт. Кийинчерээк уруулук коом ыдыраган соң тотемдик түшүнүктөр да солгундаган: “тотемизм, диний форма катары, алгачкы уруулук коомдук түзүлүштүн кулашы менен бирге жок болот” [75, 552-б.]. Тотемизм байыркы убакытта дүйнөдөгү көп элдерде кездешип, алардын фольклорунун калыпталышына өз таасирин тийгизген. Орхон-Энесай тексттеринде түрк элдери тарабынан тотем катарындагы урматталган жаныбарлар тууралуу айтылып, анын ичинде бөрү да эскертилет. Бөрү тотеми “Манас” эпосунда дагы өз ордун тапкан. Башкы баатырды сыпаттоочу туруктуу эпитеттердин бири катары ошол көк жал, бөрү аталышы берилет. Баатырды колдоочу чилтендер да бөрү болуп кубулушат. Манастын жаныбар атрибуттары тотемдик жандыктар көсөө куйрук көк бөрү, алп кара куш, жолборс болсо грек мифологиясында кудайларды жандап жүрүүчү тотемдик жандыктар бар, маселен Зевсти – бүркүт, Афинаны – үкү, Асклепийди – жылан жандап жүрөт. Рим мифологиясында бир туугандар Ромул жана Ремди эмизип баккан эне-карышкыр тууралуу сюжет тотемизмдин белгисин алып жүрөт. Бөрү тотемине эпостогу Манастын бала чагында кырк чилтендин бөрү кейпинде келиши ачык мисал:

Кырк чилтен  деген биз деди,
Козуңа салган тиш деди.
Бир силкинип бирөөбү,
Көк бөрү боло калганы.
Бирде бөрү, бирде адам,
Анык сонун экен деп,
Көөнүнө бала алганы! [138, 97-б.].

Мындан колдоочу пир жана тотемдик колдоочунун бир образда биригип келиши көрүнүп турат. С.Каралаевде каралып жаткан мотив

Манастын туулганын Акбалтай Жакыпка айтып турган жеринде баатырдын бабаларын баяндоодо келтирилет:

Аты “Манас” болсун деп,
Балаңдын аты коюлду.
Катындар ороп аларда
Бу белгиси дагы бар,
Кара чаар кабылан
Капталында чамынды,
Ал ымыркай баланы
Ары-бери үч аттап,
Караса көзгө илинбей
Кайда экени билинбей
Кайып болуп жоголду.
Көсөө куйрук көк арслан
Оң жагынан чамынды.
Туулган бала Манастын
Оң ийинден бир жыттап,
Сол ийинден бир жыттап,
Күр-күр этип толгонуп,
Берен менен арслан
Кошо жатты комдонуп.
Бир карасаң баладай,
Бир карасаң сур жолборс
Аман жүрүп чоңойсо,
Беттешкен адам аман түк болбос![143,70-б.].

Дал ушундай эле мифтик жагдайдагы тотемдик колдоочулар Манасты атасы Жакып Ошпурга берген жеринде айтылат:

Койду кырган жерине,
Короолоп мазар орноптур,
Муну Мустайыптар колдоптур,

Үч айланган жерине
Үйдөй мазар орноптур,
Ошол кезде Манасты
Үстүрттөн кудай оңдоптур.
Кырк чилтен, Кызыр Ныязы
Ошол күнү Манаска
Кыйындап жолдош болуптур.
Жаратып мындай жан болбос,
Бир мүчөлүн карасаң
Комдонуп жаткан көк жолборс.
Кара чаар кабылан
Капталында чамынып,
Чолок көк жал арслан
Оң жагында камынып,
Асмандан алп кара куш Зымырык
Азыр эңип кетчүүдөй
Арбайтып бутун салыптыр.
Колдогону бир тогуз,
Коржоктотуп Манасты
Колдоп жаткан кези экен,
Телегейи тең экен,
Өзү шай колдогон шер экен![143, 100-б.].

Бул мотив эпос айтуучу Б.Сазановдо Чоң казатка бара жаткан жолдогу Манастын портретинде өз ордун тапкан:

Тууганы жоодон качпаган,
Душманга колтук ачпаган.
Кара кандуу, көк беттүү
Кабылан тууган бу каңкор.
Качырганы жолборстой,
Кабагы таштай түйүлгөн... [147,186-б.].

“Байыркы кыргыз элинин тотемдик көз караштарынын таасири аркасында “Манас” эпосундагы баатырларды эр жүрөк жырткыч айбандарга жана алгыр куштарга салыштыруу пайда болгон. Манас окшогон баатырлардын эрдиги кабылан, жолборс ж.б. менен салыштырылат. Эпосто арстан, жолборс, кабылан, көкжал бөрү, кыраан, шумкар, туйгун ж.б. эпитеттер кездешет. Тотемдик көз караштын калдыктарынын “Манас” эпосунда сакталып калышы эпостун кээ бир окуялары байыркы убакытта, уруулук коомдо пайда болгонуна күбө болот” [1, 58-б.], - деп белгиленгендей, мезгилдин өтүшү менен айрым тотемдик түшүнүктөр кыскарып туруктуу эпитетке айланып калгандыгы көрүнөт. Алсак, колдоочу тотем өсүмдүк, дарак Байтерек алгач бутагынан сүт чыгып жесир калган Каныкейди кайненеси Чыйырды, уулу Семетей менен Букарга качкан жолунда колдосо, башкы каармандардан болгон Бакайга, Сыргакка “Байтерегим” деп кайрылуу кездешет. Бул кыйын учурда колдоочум, баш паана кылуучум деген мааниде келет. Кыргыз эли эзелтен тутунган элдик көөнө ишенимдердин ичинде тотемдик культу адамдардын кандайдыр бир түрдөгү жаныбарлар, өсүмдүктөр менен жалпы келип чыгуу тектери бир экендигине жана кандаштык туугандыгына болгон ишенимге негизделген.

Окумуштуу Дж. Фрэзердин: “Качан гана “алгачкы” адам өзүн жаныбардын аты менен атап, аны өзүнүн “бир тууганы” катары билсе жана аны өлтүргүсү келбесе, анда ал жаныбар тотем деп аталат. Эгерде кайсы бир уруу өзүнүн ата-бабасы катары жаныбарлардын же өсүмдүктөрдүн тигил же бул түрүн эсептесе, анда уруунун тотем өсүмдүк болушу да мүмкүн жана мындай учурда ал уруу ошол өсүмдүктүн аты менен аталат. Мунун негизинде уруунун ар бир мүчөсүнүн жашоосу кандайдыр бир жаныбарлардын же өсүмдүктөрдүн жашоосу менен байланыштуу жана ал жаныбар өлүп калса же өсүмдүк куурап калса, анда ага дал келген адам да жок болот деген ишеним жатат”, – деп белгилейт [119, 348-б.]. Башкача айтканда, тотемизмде адамдардын тобунун өздөрү жашаган аймак, аң уулоочу жерлер, жаныбарлар менен болгон тыгыз, таза материалдык

байланыштары кандаштык, уруулук байланыш катары кабылданат. Жаныбарлар жана өсүмдүктөр өз ара адамдар тобу (уруулар) менен адамдардын өздөрү сыяктуу эле туугандык мамиле болот. Тотемдин негизги идеясы мына ушунда.

Байыркы кыргыздардагы тотемдик ишенимдери убакыттык көз караштар так дифференцияланып, тотемдик ата-бабалар жарымы адам, жарымы жаныбарлар жашаган кандайдыр бир иллюзиялык убакыт бөлүнүп чыккан мезгилде пайда болгон. Жалпы түрк тектүү элдердин ичинен кыргыздардын Теңир түшүнүгүндө тотемдик ишеним маанилүү орунду ээлеген. Буга мисал кыргыздарда “бөрү” жана “бугу” өтө кеңири тараган. Бөрүнү өзгөчө урматтоо “Манас” эпосунда көркөм жалпыланган формада ачык көрүнөт. Маселен, эпостун баш каарманы “көк жал Манас” деген эпитет мүнөздөлүп, таза тотемдик түскө ээ. Тотемизм тууралуу конкреттүү пикир окумуштуу С.А. Токаревге тиешелүү деген ойдобуз: “Бирок тотемизмдеги эң маанилүү нерсени диний магиялык ишенимдин объектиси көпчүлүк учурда жаныбар болгондугунан издебөө керек. Эң маңыздуусу адамзат тобунун бул жаныбар менен туугандыгы идеясында камтылган” [109, 67-б.]. Мындай табият, андагы түрдүү жандуу, жансыз заттар менен адамдын биримдиги тууралуу ой жүгүртүү алгачкы диний ишенимдердин келип чыгышына негиз болгон, аларга мүнөздүү белги болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, эпостогу тотемисттик байыркы ишенимдин сюжет куруудa өзүнө таандык белгилүү деңгээлдеги ролу, кызматы бар. Ал каралып жаткан эпосто образ жаратууда да белгилүү деңгээлде роль аткарган жана эпостун тутумунда сакталып биздин күндөргө жетип келди. Дүйнө элдериндеги фольклордук материалдарда дээрлик бирдей мааниде, тактап айтканда, адам баласынын жаныбарлар дүйнөсү менен тектик байланышы, белгилүү бир уруунун айрым бир жандыктан келип чыгуусу, кийинки жашоосунда анын коргоосунда болуусу тууралуу көөнө диний ишенимдин элдик оозеки чыгармачылыкта, анын ичнде эпос жанрында эпикалык мотив катары учуроосу байкалат жана окумуштуулардын изилдөөлөрүнө булак

болуп тынымсыз кызыгуу жаратып келет. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгына зооморфтук белгилерге көңүл буруу мүнөздүү. Эпосто адам образдары менен бир катарда эле жандыктардын образдарына олуттуу маани берилген. Буга эпостогу жогоруда каралган жаныбарлардын образдары мисал боло алат. Көөнө лунардык жана солярдык символикага тиешелүү болгон тотемдик белгилер кийинчерээк уруулук символикага өткөнү сезилет. Элибиздин байыркы доорлордогу Күнгө, Айга табынып-сыйынуусу, жандыктарды анын баласы деп кабылдоосу тууралуу мифтик түшүнүктөр “Манас” эпосунда баатырдын колдоочусу, керек кезде коргоочусу катары келген көсөө куйрук көк бөрү, бугу, ак марал сыяктуу тотемдик жаныбарлардын образында изин калтырган десек болот. Бул өз кезегинде баатырдын архетиптик образынын түптөлүшүнө таасир эткени байкалат.

## 3.2. Анимизм, ага байланыштуу ишенимдин эпосто көркөм чагылышы

Анимизм (лат. animus-жан, рух) – материалдык жана материалдык эмес бардык нерселер менен кубулуштар сыйкырдуу, керемет күчкө эгедер, алардын үстүнөн башкарып турган жандардын бар экендигине карата ишеним *( 2-тиркеме, 8-сүрөт).* Анимисттик көз караш боюнча бүт табигат ак санатай же кара санатай рухтар менен курчалган, ал эми табияттын кара күчтөрү фантастикалык рухий күч катары эсептелет. Кишилер тоо-ташка, бадалдарга, дарактарга, аска-чокуларга, күнгө, ай-жылдызга, жерге, сууга, отко, булактарга жана башкаларга сыйынышкан. Ошолордун эгесине арнап курмандык чалышкан. Азыркы учурда да ыйык жерлерге барып сыйынуу, ал жерлердин, алсак, булактардын, дарактын, тоонун, үңкүрдүн ээси бар деп эсептеп, ага тайынып, ага арнап курмандык чалуу элде сакталып келет. Мындан байкалгандай, диний ишенимдердин баштапкы формасы катары анимизм жаратылыш объектилерин жана кубулуштарды жандандыруучу, бүткүл дүйнө руханий жашоочулар менен толгон, алар табиятта жашап гана тим болбостон адамдын жашоосуна таасир этет, анын денесине кирет, алар адамдардын мамилесине карай оң жана терс мааниде болот, ошондуктан аларды тайып туруу керек деген ишеним жашайт. “Манас” эпосундагы жер-суу ээлерин, мазар жерлерди таюу ушуга байланыштуу келип чыккан десек болот. Алсак, Манас баатырдын төрөлүшүнөн мурун перзент тилеген Жакып менен Чыйырды мазар жерлерге сыйынып, курмандык чалат. Бул эпостун дээрлик бардык варианттарында эскертилип айтылат. Ал эми эпостун түштүк жергесинен, атап айтканда Ноокат районунан 1941-жылы эпос айтуучулар Б.Султанов, А.Ташов, М.Акбаевдерден жазылып алынган чакан көлөмдөгү кара сөз жана ыр аралаш варианттарында бул анимисттик мотив ислам динине айкалыштырылып берилет. Муну көөнө элдик ишеним болгон анимизм менен исламдын синкреттешүүсү десек болот. Окумуштуу К.Калчекеев эпостун түштүк варианттарын изилдеген эмгегинде бул тууралуу белгилеп көрсөткөн [62, 26-б.].

Анимизм – алгачкы коомдогу ишеним болуп, ал боюнча табияттагы өсүмдүктөр, жаныбарлар, адамдарда денеден тышкары дагы аларды кыймылдатуучу, өстүрүүчү, өнүктүрүүчү жан түшүнүгү бар. Ошентип, анимизм жан жана рухка ишеним болуп саналат. Термин англиялык этнограф Э.Тайлор тарабынан алгачкы жамааттык коомдогу ишенимдерди сүрөттөөдө колдонулган. Ал окумуштуунун оюу боюнча бардык башка диндердин негизи болуп саналат. Анимисттик ишенимдин бир катары байыркы адамдардын түш көрүү, оору, өлүм сыяктуу кубулуштарды, ошондой эле трanska түшүү, галлюцинация сымал тынчсыздануу абалдарына байланыштуу ой жүгүртүүлөрүнөн келип чыккан, анда жандын денеден өлгөндөн соң бөлүнүп чыгышы сыяктуу түшүнүктөр сакталган. Анимисттик ойлоонун элементтери “Манас” эпосунда да орун алган. Аты Кызыр дубана:

“Колдодум” деп, Манаска
Ичинен ыпча тон берди,
Кырк чилтендин баарысы,
Шай ата баштык карысы
Кыдырата кол берди [143,161-б.].

Анимисттик ишенимдин негизги жоболорунун бири - асман, жер жана суу эгесине, анын колдоочулугуна, зыян келтирүүчүлүгүнө ишенүү. Эпосто башкы каарман Манастын төрөлүшү Жакыптын теңир ээсине бала сурап жалынуусу жана арнап мал союп курмандык чалуусу менен мотивдештирилет. Каармандар бири-бирине болгон ишеничти, актыкты, берилгендикти далилдөө жана душмандар менен согуштарда жеңишке жетишүү үчүн теңирлерге табынышат. Ошол себептен сюжеттик окуянын өнүгүшүндө, каармандын мүнөзүн берүүдө “төбөсү ачык көк урсун, төшү түктүү жер урсун” деген ишеним кайталанып отурат. Каармандардын ой-тилегинин ишке ашпай калышы, согуштан жеңилиши, айрым жаңылыштыктарды да теңирдин каргышы менен байланыштырат. Эпостун “Манас” бөлүмүндөгү мындай архаикалык ишенимдер “Семетей” менен “Сейтекте” улантылат. Ааламды үч баскычта, б. а. жер түбүндөгү дүйнө, жер

үстүндөгү дүйнө жана көктөгү дүйнө болот деп элестетүү, үч башка дүйнө, жашоо катары түшүнүү адаты да анимисттик аң-сезимдин бири болуп саналат. Жер асты, жер үстү жана асман мейкиндигинде адамдардын жашоосунун мүмкүнчүлүгү жөнүндөгү байыркы ой-пикир “Манас” эпосундагы башкы образдардын бири Эр Төштүктүн окуяларына байланыштуу чагылдырылат. Адам денеси менен жанынын айырмачылыгы, жандын түбөлүк өлбөстүгү, анын башка формада жашашы өңдүү түшүнүктөр да анимисттик ойлоонун табигый жемиши. Жакып уулу Манастын алгачкы эрдиктерин көрсөтө баштаганда ал үчүн чочулап “чымындай жанынын амандыгын тилеши”, Бооң аяр менен болгон урушта Ошпур анын кардын канжар менен жарса, кан ордуна суу чыгып, түтүн бөлүнүп, башын денесинен ажыратып, атка сүйрөтсө да жан чыкпай, атүгүл Боомдун кесилген башы сүйрөгөн дененин артынан ээрчиши тек гана Ырдык аярдын дуба окуганында “көк түтүн чыгып буркурап, азыр турган токсон миң, түтүнүнөн көрө албай жүдөп чуркурап” [139, 114-б.] турушун баяндаган окуялар эпостогу анимисттик ишенимдин белгилери болуп саналат. Анимисттик ойлоонун өзүнчөлүгү катарында тигил же бул көрүнүштүн руху жөнүндөгү түшүнүктөрдүн иштелиши жана ошого байланыштуу кыялый образдарында орун алышын көрсөтүүгө болот. “Манас” эпосундагы эпикалык баатырды колдоп жүргөн, багыт берген, душмандардан, түрдүү кырсыктардан сактаган пирлер кырк чилтен, Кызыр, Баба дыйкан, Ойсул ата, Камбар ата, Шаймердендер анимисттик түшүнүктөр болуп, эпостун образдык системасына идеялык өзөгүнө, көркөмдүүлүгүнө бир кыйла таасир эткен. Эпостогу анимисттик аң-сезимдин мыйзам ченемине ылайык бул фантастикалык-мифтик кейипкерлердин портреттик мүнөздөмөлөрү сырткы көрүнүшү, аткарган милдеттери боюнча биринен бири кыйла айырмаланып турат [66, 91-б.].

Эпикалык баатырлар Алмамбет менен Чубактын жана башка баатырлардын элесин, образдарынын монументтүүлүгүн жаратууда да анимисттик катмар, образдар жана түшүнүктөр ийкемдүү түрдө кызмат

кылат. Эпостун “Семетей” бөлүмүнүн негизги окуяларынын дээрлик баарына Кызыр, Кырк чилтендин колдоочулук кызматы көрүнөт. Каныкейдин Тайторуну чабышында Манас, Алмамбет, Чубак баштаганбаатырлардын арбактары кадимки абалында материализация болупкелип атты сүрөп, натыйжадаанын биринчи келиши, ошентип Каныкейдин төлгөсү төп чыгып, уулуна эл-жерин, ата-тегин баяндап бериши орун алат. Сюжеттин кийинки өнүгүшүндө Семетейдин Таластын суусун кечиши, Күлчоро Кара-Үңкүрдө түнөп калганда өзүнчө аян берилиши сыяктуу эпизоддордо да анимизмдин көрүнүштөрү чагылдырылат. Ал эми “Сейтек” бөлүмүндө мындай анимисттик-демонологиялык образдар, түшүнүктөр айрым гана окуялардын тутумунда берилип, пассивдүү катышат. Эпостогу салттуу мотив боюнча жаңы төрөлгөн Сейтекке эч ким ылайыктуу ысым коё албай турганда Кызыр ат коюп берет. Кызыр элдик түшүнүктө адамдарга жакшылык жасоочу олуя, ал ак ат минген аксакал карыя болупжер кезип, жолоочуларга, кыйын кырдаалга туш болгон адамдарга, жетим-жесирлерге колдоо көрсөтөт. Ал жолуккан адамдын иши жүрүп, ийгиликке жетишет деген ишенич азыр да эл арасында бар. Эпостун Б.Сазанов айткан вариантындагы Алмамбеттин Көкчөгө келишиндеги Акэркечтин сөзүндө Кызыр колдосун деген тилек айтылат:

Соогат-соогат Алмамбет,
Көк жал аттанып чыксаң жол болсун,
Жол болгондо мол болсун,
Кызыр болсун жолдошуң,
Пирлер сени колдосун.
Ошону айтып Акэркеч...[147,79-б.].

Эпостун “Семетей”, “Сейтек” бөлүмдөрүндө башкы каармандардын бири катары катышкан Айчүрөктүн түпкү тегинин перилерге байланыштуулугу, Семетейдин Тайбуурулду тартууга берүүгө аргасыз болуп, натыйжада жоодон жараланып, балдызы Көкмончок тарабынан Кайыпчынын Кара-Үңкүргө алып кетилип кайып болушу, Желмогуз уулу Сарыбайдын окуяларын баяндаган эпизоддорду да анимисттик ойлоонун

туундусу катары эсептөөгө болот. Сыйкырдуу күчтөр жөнүндө айтсак, табиятта болбогон, бирок мифтик түшүнүктөн улам баёо элестетилип, баштапкы коомдун адамдары өздөрүнө каршы күчтөр менен жандарына пайда келтире турган күчтөрдүн образын жаратып баяндаган мифтер табияттан тышкары күчтөр жөнүндөгү ишенимдер эпосто кездешет. Мында миф менен диний түшүнүктөр чырмалышып келип, дүйнөдөгү бардык заттарда жаратуу бар деген диний түшүнүккө алып келет. Бул түрдөгү ишенимдер дүйнөдөгү заттардын пайда болуу, жоголуудагы себептерин, адамзаттын кырсыкка кабылуу, бакыт, жакшылык көрүүнүн себептерине баам салган, бирок, анын чыныгы себептерин чечмелөөгө дареметі жетпей, примитивдүү элестетүү менен фольклордук чыгармачылыктагы эпос деңгээлине алып чыгууда көркөм интерпретациялоого аракеттенген. Ошондуктан фольклордук чыгармаларда ташка айлануу, кубулуу жана адамдарга бакыт-таалай алып келүүчү Кызыр, мүрөктүн суусу сыяктуу эле элестетме образдар жаратылган. Дөө, желмогуз, албарсты, ажыдаар, алп кара куш сыяктуу мифтик кейипкерлердин образдарын жаратып, жан-жаныбарлар, адамдар ошолордун колунан мертингени, ошолорду жеңүүгө аракеттенген образдарды жаратып, адамдарды баатыр болууга кайраттандырган күрөш жасоо аркылуу ар кандай каардуу күчтөрдү жеңип чыгууга боло тургандыгына ишеним туудурган.

Баштапкы коомдун адамдары тарабынан курчап турган чөйрө мифтик түшүнүктө баёо элестетилип образдар жаратылган. Алар дөөлөр, желмогуздар, ажыдаар, сыйкырлардын бар экендигине бек ишенишкен жана алардын табияттан тышкаркы чөлкөмдөрдө жашашы чын деп түшүнүшкөн. Мына мындай ишенүү мифтердин көркөмдүк касиетинен пайда болгон деп айтууга болот. Андай дештеги себеп, мифтерде жаралган образдар чыныгы кебетеде берилген. Бул фольклористикадагы эпикалык убакыт маселесине да байланыштуу каралат. Ал эми мифология көөнө диний түшүнүктөрдүн келип чыгуусуна башат катары кызмат өтөгөнү белгилүү. Кыргыздардын “табияттан тышкаркы сыйкырдуу күчтөр” жөнүндөгү мифтери мазмун жана

образ жагынан кереметүү күчтөр жана жер түбүндөгү күчтөр деп эки чоң түргө бөлүнөт. Кереметтүү күчтөр жөнүндө сөз кыла турган болсок, “кереметтүү күчтөр” жөнүндөгү мифтерде табияттын, же кандайдыр бир күчтүн жардамысыз эле бир нерседен дагы бир нерсеге өзгөрүү, айлануу, кубулуу жөнүндөгү түшүнүк айтылат. Бул түшүнүктөрдүн бардыгы сыйкыр күчтөрдүн, сыйкырдык өнөрдүн бар экендигине “ошондой кереметти болбосо, анан кантип болсун” деп акылы жетпей таң калгандан улам болгон. Кереметтүү күчтөр жөнүндөгү мифтер жана мифтик түшүнүктөргө төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот. Эпостогу жан түшүнүгү жөнүндө сөз кылсак, жан жөнүндө кыргыздар мифтик баёо элестетип, “жан” деген “көк чымын” же “көк түтүн” деген образды жаратkan. Жандуу нерселердин элден мурун тулку-бою жаралып, андан кийин ага жан салынат деп түшүнүлгөн. Кыргыздардын түшүнүгүндө “жан денеден бөлөк нерсе, адам өлдү дегени “жаны денеден чыкты” деп түшүнүшкөн. Ал денеден чыгаарда “көк түтүн болуп бур этип чыгат” же “көк чымын болуп чыр этип чыгат” деп элестеткен. Ушундай түшүнүктөн улам кыргыздардын мифтик жомокторунда эки баштуу желмогуздун жети жаны бар экендиги, кээ бир алптардынжаны өзүндө эмес кара чымчыктарда (кучкачтарда) болуп, аны аркардын ичине салып сактагандыгы жөнүндө айтылат. Эгер баатырлар алардын жанын таап, элден мурда өлтүрбөсө өздөрүн жеңүү мүмкүн эмес деп түшүнүлөт. Маселен “Сейтекте” Кыястын, “Эр Төштүктө” Чоюн кулак алптын жаны башка нерседе ж.б.

Окумуштуу Н.Х. Бекмухамедова адамдын көзү өткөндөн кийинжанынын бул дүйнөнү таштап куш болуп учуп кетүүсү тууралуу: “Жан-куш” символунун амбиваленттүүлүгү адамдын туулуу жана дүйнөдөн өтүү идеясын байланыштырып поэтикалык мотив деңгээлинде ачыкталат”, - деген пикирин билдирет [20, 133-б.]. Андан ары окумуштуу казак тарыхчысы А.Бисенбаевдин эгерде адам туура эмес жашаса өткөндөн соң жаны куртка айланат да Төмөнкү дүйнөдөгү Эрликке кетет, туура жашаса жаны учуучу майда жандык түрүндөгү кут-жанга айланып башка дүйнөгө, Теңирге кетет,

ал жерде аны ата-бабалары, дос-туугандары күтүп алат деген мисалын келтирет [Ошол жерде]. Бул мотив “Манас” эпосунда баатырдын туулганга чейин эле куш кебетесинде атасынын түшүнө киргенинен көрүнөт, ошондой эле Манас баатырдын колдоочусу катары алп кара куш согуш талаасында үстүндө айланып учуп колдоо көрсөткөнү, сактаганы, күч бергени айтылат.
Эпостогу жансыз заттарга байланыштуу магиялык ишенимдерден мисал келтирип кетсек, сыйкырдуу буюмдар маселен Манастын казаны сыяктуу нерселердин этиологиялык тарыхы доорлордун өтүшүндө күңүрттөнүп, алгачкы маанилери тарып кеткендиги байкалат. Эпикалык баяндын чындыгына, Манас баатырдын рухуна кыргыз элинин берилип ишенгендиги бекеринен эмес. Каралып жаткан анимизм ишеними эпостун мифологиялык башаттарынан, көөнө аң-сезим, дүйнө таанымдан калган десек болот. Тарыхчы жана этнограф С.А.Токарев “Дин дүйнө элдеринин тарыхында” аттуу эмгегинде: “Мен анимизмдин диндин тарыхындагы кандайдыр бир белгилүү стадияны, айрыкча алгачкысын мүнөздөбөгөндүгүн көрсөтүүгө аракет жасап жатам. Анимизм – ар кандай диндин мааанилүү элементи” деп белгилеген [109, 24-б.]. Ал эми анимизм жана магия көөнө диндин маанилүү өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт. Иш жүзүндө анимизм “руханий жандыктарга” рухтарга, тирүү жана өткөн адамдын жанына ишенимди билдирет. Мындай ишеним тигил же бул формада түрдүү диндерге, примитивдүү жана бир топ өнүккөн диндерге мүнөздүү. Анимисттик элестөөлөр диндин эволюциясындагы кийинки баскычтарда кеңири өнүгүүгө жетишкен. Маселен, адамдын денесиз руху (көзгө көрүнбөгөн), денесиз периштелер жана каардуу, кара рухтарга ишеним катары келет. Мындан байкалгандай, анимисттик элестөөлөрсүз өнүккөн дин болбостугун окумуштуулар белгилешет [109; 109; 110,17].

Жыйынтыктап айтканда, эпосто туруктуу кездешкен көөнө анимисттик түшүнүктөр сюжетти өнүктүрүүдө кызмат өтөп,эпикалык мотив, чечмелеп айтканда чакан сюжеттик көрүнүш катары эпосто өз изин калтырган, жалпы эле көөнө диний мотивдердин эпостук сюжеттин түптөлүүсүндө орду бар.

### 3.3. Шаманизмдин байыркы элдик ишеним катарында эпосто берилиши

Эпостогу шамандык ишенимдерге негизделген эпикалык мотивдерге токтолсок. Эпикалык мотив фольклордук чыгарманын өзөгүн түзгөн чакан бөлүк болуп саналары белгилүү. Ал эми фольклор – элдин тарыхый жагынан алганда эң баштапкы жамааттын көркөм-эстетикалык чыгармачылыгы, тил сыяктуу эле коомдук кубулуш. Ал мифологиядан өнүгүү алып андан айрым өзгөчөлүктөргө ээ, тактап айтканда, мифология дүйнө түзүлүшү тууралуу билим катары жашаса, фольклор көчмөн турмушта жашаган ата-бабабыздын ошол дүйнө түзүлүштүн көркөм-эстетикалык чагылдырусу, б.а. көркөм өнөр болуп эсептелет. Элдик жомоктордо тарыхый фактыларга таянган уламыштарга караганда да баалуу, акылман ойлор камтылгандыктан өтө жогору бааланып аздектелип калгандыгы белгилүү. Фольклордук чыгармалардын мазмунунда тигил же бул түрдө мифологиялык элементтер сакталган, байыркы элдерде, анын ичинде кыргыз элинде фольклор жана мифология жамааттык мүнөзгө ээ жана элдин ар бир мүчөсүнүн аң-сезимине таандык.

Эпос айтуучулук өнөр айрым белгилеринде, б. а. ырым-дарым жасоо, аба ырайын оңдоо, оору-сыркоону сакайтуу жаатында шамандык өнөргө да окшошуп кетет. Шамандар аталган иш-аракеттерди түздөн-түз милдети катары түшүнсө [67, 112-б.], эпос айтуучулар бул нерселерди иштин жүрүшүндө өзүнөн-өзү келип чыгуучу кубулуш катары кабылдашат. Изилдөөчү М.Элиаденин пикири боюнча шаманизм экстатикалык жана терапевтикалык ыкмалардын жыйындысы катары келип, алардын максаты параллель, көзгө көрүнбөгөн дүйнөлөр менен байланышка чыгуу жана адамдардын аракеттерин башкарууда колдоого ээ болуу. Шаманизмдин элементтери практика жүзүндө бардык континенттердеги жана бардык маданий деңгээлдердеги диндерде учураганы менен анын “отурукташкан” жери Борбордук жана Түндүк Азия болуп саналат. “Шаман” термини тунгус тилинен келип чыгып “сыйкырчы” дегенди туюнтат, ал эми жалпы түрк

тилинде “кам” деп айтылат. Якуттар, кыргыздар, өзбектер, казактар жана монголдор башкача аталыштарды колдонушат. Маселен монголдор “бек” деп аташат [124, 318-б.]. Кыргыздарда болсо “бакшы”, “бүбү”“куучу” (*2-тиркеме, 9-сүрөт*) деген атоолор бар.

Шаманизм – диндин баштапкы формасы болуп, анын уңгусунда транс абалында шамандын рухтар менен баарлашуусуна негизделген ишеним жатат. Шаманизмдин элементтери түрдүү диний системалардын тутумунда кездешет. Ал Европанын түндүгүндөгү элдерде, Сибирь, Ыраакы Чыгыш, Түштүк Чыгыш Азия жана Африка, Түндүк жана Түштүк Американын түпкүлүктүү урууларында (индеецтерде) ж.б. этностордо өнүккөнү белгилүү. Тигил же бул формада шаманизм дүйнөнүн көпчүлүк элдеринде жашап келген. Ал он миңдеген жылдарды камтыган көөнө диний ишеним болуп саналат. Дегинкиси, азыркы диндер жалпы мифологиялык негиздеги түп башатка ээ экендиги илимде белгиленип келет. Бул мифологиялык уңгу ареалдык өзгөчөлүктөргө ээ. Алсак, африкалык, америкалык, евразиялык шаманизмдин таянган мифтик системалары спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ [124, 70-б.].

Шамандар диний ритуалдарды өзгөчө транс абалына кирип аткарышкан. Транс – өзгөртүлгөн аң-сезим, мында адамдын аң-сезими демейдеги тышкы фокуска эмес, ички фокуска багытталган болот. Таш доорунан бери карай адамдар жаратылыштагы суу, от, шамал, тоо-таш сыяктуу көрүнүштөргө көңүл буруп, аларга адамдык сапаттарды ыйгарышкан. Ошентип алардын ээси бар деген түшүнүк келип чыккан. Шамандар ошондой эле адам менен арбактын ортосунда көпүрө да болуп кызмат кылган. Алардын пикир алышуусуна көмөкчү, ортомчу болгон. Өзгөчө транс абалына кирип шамандар көп суроолорго жооп табышкан. Маселен, түшүм жакшы болуш үчүн кайсы күнү үрөн себүү керек, буга аба ырайы качан ыңгайлуу болот, арбак менен сүйлөшүп маалымат алуу, тагдырды алдын ала айтуу, ооруну кантип айыктыруу сыяктуу маалыматтарды биле алган. Шамандар бул өнөрдү мурас катары алган, өнөр

муундан муунга мурас катары калган, бул үчүн эки нерсе зарыл болгон:

1) транска кире билүү;

2) жер-суу ээси, арбактар менен сүйлөшө билүү.

Мындан байкалып тургандай шамандык өнөр, же кыргызча айтканда бакшылык ырымдап-дарымдоо процессинде аткарылуучу жөрөлгөлөр, ритуалдар менен коштолот. Бул тууралуу окумуштуу А.К. Мурзакметовдун кыргыз элиндеги баланын төрөлүшүнө байланыштуу ырым-жырымдарга байланыштуу пикиринде төрөттө кыйналган аялга бүбү, бакшылардын чакырылгандыгы, аялдын бакан кармап төрөөсү тууралуу пикири бар. Анда аялдын баканды таянып төрөшү баланын бакандай бекем адам болуусу жөнүндөгү тилектен, ырымдан келип чыккандыгы тууралуу элдик жөрөлгө экендиги эскертилет [78, 20-б.]. Мында бүбү эне менен баланы кароо, колдоо, жардам берүү, сактоо функциясын аткарса, бакшылардын аткаруучу кызматы кыйла кеңири болуп, алар жин ооруларын сакайтуу, аба ырайына таасир этүү сымал функцияларды да аткарышкан.

С.А.Токарев шаманизм боюнча ойлорун жыйынтыктап келип бул маселени кароодо эмнеге негизги көңүлдү буруу керектигин көрсөтөт: “Шаманизм маселесиндеги эң кыйын нерсе – бул биологизмге түшүп кетүү, шамандык кубулуштардын нервдик-психикалык тарабына негизги ролду ыйгарып, тарыхый, социалдык жактан шартталган тараптарын көңүлдөн чыгарып жиберүү. Бул же тигил тарабынын туура айкалышын аныктоо – иштин түпкү маанисинде маселенин туура чечилишин табуу дегенди билдирет” [109, 291-б.]. Окумуштуунун бул пикири менен эсептешпей коюуга чынында мүмкүн эмес.

Язычествонун азыркы учурдагы мааниси дүйнөлүк диндерден мурдагы диний комплекстерди түшүндүрөт [92, 590-б.]. Айга, Күнгө, жер-сууга, тоо-ташка, б.а. табиятка сыйынуулар да буга мисал, алсак славян элдеринде эрте жазда масленница майрамын өткөрүү, май токочторду жасоо, кышты узатуу чыгыш элдеринде да ушул сыяктуу байыркы жөрөлгөлөр бир топ кездешет жана алар фольклордук чыгармачылыкта элдик айтымдар, ыр формасында

салттуу орун алган.

Эми биз карап жаткан кыргыз эпосторундагы дүйнөнүн мифологиялык-диний сыпатталуу мазмунуна токтолсок. Биз жогоруда мифологиялык жана диний түшүнүктөр “Манас” эпосунда чырмалышкан, аралаш түрдө да учурааарын эскерттик. Жалпы эле социумдук деңгээлде алганда элде көп учурда мурунку диний түшүнүктөр улам кийинкилери менен аралашкан формада кездешкенин байкоого болот. Маселен язычество менен шаманизм диндеринин түшүнүктөрү, шаманизм менен ислам дининин аралашкан түшүнүктөрү теңирчилик менен исламдын аралашкан түшүнүктөрү бар. Бул албетте, оозеки чыгармачылыктын табияты менен да түшүндүрүлөт. Ошону менен катар эпосто жай таш түшүнүгү менен байланышкан окуялар кеңири кездешет:

Карыкандын жай ташты,
Бир чөйчөктө кара суу,
Суф дедирип ургамын.
Жердин башын каккылап,
Үзөңгүнү чапкылап,
Үч кыйкырып, үч үйлөп,
Үч ышкырып турганда,
Кабагым бүркөп калганда
Асмандан булут сабоолоп,
Жердин бетин камоолоп...[143, 618-б.].

Мындагы мисалдарда жай ташты колдонуу менен шамандык ритуалды аткарып аба ырайын өзгөртүү жөнүндө баяндалып жатат. Шаманизмдеги башкы идея адам менен аны колдоочу же зыян келтирүүчү күчтөрдүн ортосундагы байланышка негизделгендигин байкоого болот.

Жаралгандан тартып көптөгөн доорлор оозеки жашоо менен кыргыз эпосу катмарланууга дуушар болгон. Анда алгачкы коомдогу окуялар, андан кийинки доорлордогу окуялар, соңку тарыхый окуялар, коомдук аң-сезимде изин калтырган өзгөрүүлөр улам бир катмарды түзүп, баштапкы ядро болгон

баатырдын мифке айланган эрдигинин айланасында топтоло берип зор мифологиялык, тарыхый-баатырдык эпоско айлангандыгын байкоого болот. Диний-мифологиялык катмарда жалпысынан төмөнкү багыттар бар, алар кудай жөнүндө түшүнүк, анын баяны; анын эрки, же адамдарга шарты, талаптары; кудай тууралуу түшүнүккө байланыштуу адам, коом, дүйнө жөнүндө билимдер, ошондой эле ага көз карандылыктагы диний-этикалык, диний-укуктук түшүнүктөр жана нормалар ж.б.

Бул багыттар эпикалык диний аң-сезимдин чөйрөсүн өтө жалпылап көрсөтүү менен анын чыгармадагы маанисин, ролун ачууга жардам берет. Ал эми эпостогу диний мазмундун мааниси жөнүндө айтсак, коомдогу бардык башка маалыматтарга салыштырмалуу диний мазмун чоң баалуулукка ээ. Бул анын адам жашоосундагы маанилүү суроолорго жооп издегендигине жана анын жооптору жалпыланган болуп адам аң-сезиминин татаал жана сезимтал жактарына: анын жан-дүйнөсүнө, акыл-эсине, элестөөлөрүнө, интуициясына, кайрылгандыгына байланыштуу экендиги белгилүү. “Манаста” исламга чейинки диндерге сыйынуу мындайча берилет:

Абалында түрк уулу,
Ойлонуп көр сен муну,
Отко, сууга табындың,
Ошончолук жаңылдың.
Ырас десең эски дин
Ыйманыңдан кагылдың.
Айды көрсөң чокундуң,
Намазым деп окундуң.
Күндү көрүп табындың... [140, 51-б.].
Кай бир түркүн калкыңар,
Кара чоюн, бут куюп,
Табынган кандай наркыңар?
Жылдызды көрсөң чогулдуң,
Жыйылып алып чокундуң [Ошол жерде].

Мисалдардан көрүнүп тургандай, байыркы ата-бабаларыбыз табиятка, отко, күнгө, айга, суугa сыйынып язычество динин туткандыгы, ошондой эле археологиялык изилдөөлөр менен тастыкталгандай коңшу элдер менен алакага байланыштуу башка диний ишенимдердин да таасиринде (маселен несториандык) болгондугу байкалат. Буга мисал катары азыркы Кыргызстандын аймагынан табылган көрүстөндөргө коюлган жазуулары бар таш белгилерди алсак болот [85, 89-б.].

Мунун баары кийинки доорлордо ислам дининин кириши менен сүрүлүп ташталгандыгы белгилүү. Ошентсе да баштапкы диндердин айрым элементтери, ритуалдары али да болсо ислам дининин ритуалдарына аралаш, синкреттешип сакталып колдонулуп жүргөндүгү маалым. Маселен шам жагуу, мазар деп эсептелген ыйык жерлердин ээси бар кабылданып, ал жердеги дарактарга ниет кылып, тилек айтып чүпүрөк байлоо, ошентип ыйык жер-сууларга зыярат жасоо, б.а. тиешелүү ритуалдарды аткаруу: "...ритуал да, миф да бизге белгилүү бардык кырдаалдарда маданияттын талашсыз факторлору болуу менен, кеңири эволюциялык контекстте табигый жана биологиялыктан маданий жана социалдыкка өтүүнүн эң маанилүү учурун чагылдырат. "Жасоо жана сүйлөө" ("иш" жана "сөз"), "табигый" ("жаратылыштык") адам менен "социалдык" ("коомдук", "маданий") адамды байланыштырып турган дал ошол эки жетишкендик, бул багытта аларды бир эле мезгилде биологиялык эволюциянын антропогенезге алып келүүчү акыркы кадамдары жана адамзат маданиятынын жаратылыштык тарыхка чейинки "табигыйлыгын" улантуучу, аны басып өтүүчү өз алдынча мүнөзгө жана баалуулукка ээ болгон алгачкы кадамдары катары баалоого болот. Ритуал жана миф бул чекти башка нерселерге караганда толугураак белгилейт жана бул кырдаал алардын түпкү бирдигин, анын ичинде генетикалык бирдигин алдын ала аныктайт" [111, 44-б.].

Мифологиялык ой жүгүртүүгө ассоциативдүү - образдуу, дүйнөнү жалпылап синкреттүү туюнтууга умтулган өзгөчө логика мүнөздүү. Алгачкы мифтер бөлүк менен бүтүндү ажыратып карагысы келбейт, убакыттын өткөн

чагы менен учур чак, убактылуулук жана түбөлүктүүлүктү ажыратпайт. Башкача айтканда, дүйнөгө мифологиялык көз карашжалпыланган, сезимдик-конкреттүү болуп саналат. Муну дүйнөнү азыркы учурдагы поэтикалык көрө билүү менен салыштырууга мүмкүн. Бирок, архаикалык мифтер көркөм искусствого караганда байыркы адамдын дүйнө түзүмү тууралуу уруунун тагдырына, аман-эсендигине байланышкан олуттуу көз карашын чагылдырган, ритуалдар менен коштолгон ишеними, билими болуп эсептелет.

Фольклордун, элдик оозеки чыгармачылыктын, көркөм мифологиялык башталмаларына кайрылсак, жогоруда белгилегендей ыйык билим катары мифологиянын фольклорго өтүү эволюциясын байланыштын (коммуникациянын) мүнөзүнүн өзгөрүш тарыхы катары да түшүнүүгө болот. Мифология – фидеисттик баарлашууга жатат, ал эми фольклор өз башаттарында мифология менен байланышкан болуп, фольклордун тарыхы фидеисттик белгилерин айрым жоготуп бара-бара өзгөргөндүгүнө байланыштуу.

Адамзаттын көркөм сөз өнөрүнүн байыркы формалары ритуалдык-сыйкырдуу мүнөзгө ээ, алардын мазмундук негизи дүйнө тууралуу мифтик-поэтикалык элестөөлөр болгон десек жаңылышпайбыз. Манасчыларга аян берүүдөгү коркутуунун өзү архаикалуулукту туюндуруп турат. “Манас” айтасың деп сес көрсөтүү көптөгөн жомокчуларга аян келгендеги кадимки көрүнүш, жогортон тагылган миссия катары жомокчу баатырлардын баянын, элдик аңызды өмүр бою ырдап өтүүгө милдеттүү болуп калат. Бирок, бул сыймыктуу милдет, манасчыны жөнөкөй адамдардан бөлүп жогорку иерархияга алып чыгып кетүүчү касиет болуп саналат.

Соңку доорлордогу материалисттик идеялардын өнүгүшү, рационалисттик принциптердин бекемделиши менен элдик маданиятты мифологиялык-диний түшүнүктөрдүн начарлашы жана акырындап сүрүлүп чыгарыла баштагандыгы даана байкалат. Мифологиялык-фольклордук чөйрөдөгү сөзгө, анын күчүнө (байыркы грек тилинде “миф” – “сөз” дегенди

түшүндүргөндүгүн эске алсак), керемeтке ишеничтин улам солгундашы менен элдик оозеки чыгармалардан таанып-билүүчүлүк, эстетикалык, көңүл ачуучулук кызматтары күчөгөн, б.а. фольклордук текстке айлануу мезгили башталган. Натыйжада мифтер элдик баатырдык эпос, жөө жомок, табышмак, жаңылмач ж.б. айланган болуусу мүмкүн.

Сөзгө, анын керемет күчүнө ишеним кыргыз элинде, улуттук эстутумда, турмуштун ар кандай чөйрөлөрүндө сакталып калгандыгына көптөгөн мисалдарды келтирүүгө болот. Көркөм сөзгө мындай мамиле фольклордун чыгарманын мазмунунан көп нерселерди түшүнүүгө, анын жанрдык эволюциясынын мыйзамченемдерин ачууга мүмкүнчүлүк берет.

Бул сөз күчүнө ишенүү элдик оозеки чыгармалардын, анын ичинде биз карап жаткан эпостун көптөгөн мотивдеринде, образдарда, сюжеттик кубулуштарда ачык көрүнөт. Мисал катары эпостогу Каныкейдин тиккен кандагай шымына ыраазы болуп Кошой бабанын ага берген бата сөздөрү менен Семетейдин бойго бүтүшү:

Абакеңиз Эр Кошой,
Алакан жазды буркурап,
Атпай журттун баарысы
Бата кылды чуркурап.
Көп жыйылган өзү ушул,
Көпчүлүктүн көзүнчө,
Кошойдун айткан сөзү ушул:
Тилекти берсе бир алда,
Туулса мындан бир бала,
Ургаачы болбой эр болсун,
Аюу болбой, шер болсун!
Аташканын алсын деп,
Күрөшкөнүн чалсын деп...
Акыры тууса эркеги
Аты болсун Семетей [140, 67-б.].

Мында сөз культу, сөз күчүнө ишенүү, ал алып жүргөн кубатка,азыркы тил менен айтканда энергетикага баа берүү бар. Ал эми Манас баатырдын өзүнүн төрөлүшүндө:

Бизге бир арыслан баатыр табылат,
Үзүлгөнүң уланат,
Чачылганың жыйылат.
Өчкөн отун тамылат,
Өлгөн жаның тирилтет.
Кырк үйлүү кыргыз журт элең,
Кара калпак, манжуунун,
Ортосунда эл элең.
Баабединиң бат айткын,
Жараткандын өзүнө,
Ай туяк баштап ат айткын [142,109-б.].

Ай туяк мында түлөөгө, курмандыкка мал чалуу расмисинин көрүнүштөрүнүн бири. Бул жерде жылкы союлат. Көөнө ишеним катары Айга (курмандыкка чалынуучу малдын туягы ак түспөлүнө ээ экендиги - ай туяк), ак түскө (курмандыктын талабына ылайык малдын ак түстө болуусу – ак боз бээ) табынуудан даана көрүнөт.

Арбак колдоо ишеними кыргыз элиндеги эң байыркы ынанымдардан. Ал эпостордо каарман кыйын кырдаалда калган мезгилде теңирден жардам сурап зарлаган мезгилде, арзуу-тилегин ишке ашыра албай кыйналган учурларда ага арбак, дүйнөдөн өткөн адамдын, көзгө көрүнүп келип жардам берүүсүнөн ачык көрүнөт. Буга “Манас” эпосунун “Семетей” бөлүмүндө Каныкейдин Тайтору тулпарды төлгө кылып чабуусундагы Манас баштаган баатырлардын карааны көрүнүп, тулпарды сүрөөсү айкын мисал. “Семетей” бөлүмүндө Айчүрөк алып кеткен акшумкарын алып келем деп жолго чыккан Семетейдин кирип жаткан Үргөнч суусун кечкендеги атасы баш болуп баатырлардын арбактары колдогону, ошондой эле “Сейтек” бөлүмүндө Кыяз Сейтек менен күрөшүп, баланы мертинтип коёрунда Манас баатырдын

арбагы келип колдоп, Кыясты жеңүүгө жардам бергендиги баяндалат. Башкы каарман:

Арслан Манас көк жалдын,
Ичсе канга түк тойбос.
Кытай эмес кылымды,
Туулса жаны тек койбос.
Арбагы оор, аты улук,
Берени ошол, бели ошол [142, 87-б.], - деп
берилет.

Мындагы арбагы оор дегени руху күчтүү деген мааниде болуп, баатырдын арбагынын да күчтүүлүгүн, зарыл керектүү учурда, оор кырдаалда ага кайрылган, сыйынган кишиге жардамы тиери тууралуу баяндалып жатат.

С.А. Токарев арбак түшүнүгүнүн культтук мааниси, ата-бабалардын арбагынын колдоочулук функциясы тууралуу: "Уруулук очокко же башка ыйык нерсеге ыйгарылган үй-бүлө жана уруунун символу ошол топтун идеологиялык бириктирүүчүсү, адам аң-сезиминдеги үй-бүлөлүк-уруулук биримдиктин фантастикалык чагылуусу катары кызмат өтөйт. [109, 265-б.], - деген пикирин билдирет. Арбак ишенимин тутунган элдердин катарында кыргыз элинде ата арбакты туу тутуп, сыйлап-урматтоо, анын колдоосуна ишенүү байыртан келе жаткан түшүнүк, анын эволюциясы жогорудагы окумуштуунун кийинки жыйынтыгына ынанууга алып келет: "Сыйынуучу ата-бабанын образы тотемдик ата-бабанын алгачкы мифологиялык образын алмаштырып жана өлгөн адамдын жаны идеясын өнүктүрүү менен ошол эле мезгилде үй-бүлөлүк-уруулук акылман колдоочунун идеясынын трансформациясы катары келет [109, 265-б.].

Сыйынуучу ата-бабанын образы ошентип идеологиялык көз караштан алганда, б.а. өзүнүн мазмуну боюнча үч алгачкы элестөөлөрдүн контаминациясынын натыйжасы болуп саналат: өлгөн адамдын жаны, тотемисттик ата-баба жана үй-бүлөлүк-уруулук колдоочу идеялары" [Ошол

жерде]. Биз изилдөө объектиси катары карап жаткан “Манас” эпосунда ата арбакты сыйлоо, культ катары ардактоо, башкы каарман Манас баатырдын арбагына сыйынуу эпостогу каармандарда, анын урпактары Семетей, Сейтек ж. б. кандай болсо, кийинки муундарда, жалпы элибизде биздин күндөрдө да дал ошондой сакталганына күбөбүз. Бул арбак культунун эл тарыхында, этнографиясында, маданиятында канчалык тамырлаганын даана көрсөтүп турат. Ошентип, арбак ишеними рух менен адамды бириктирүү өзгөчөлүгүнө ээ. “Манаста” билдирилген арбак түшүнүгү кийинчерээк таркалган ислам дини түшүнүгүнө кошулуп кеткен болсо да, түп-тамырынан алганда дагы эле шаман - көп ишеним категориясына таандык бойдон кала берген. Бул элибиздеги көп ишенимдүү дин системасын белгилейт жана байыркы элдин көптөгөн доорлорду басып өткөн өтмүшүнүн бир көрүнүшү экендиги талашсыз. Баатырдык эпос байыркы элдердин көркөм өнүгүүсүндө мифтен өнүп чыккан сөз өнөрүнүн байыркы формасы болуп саналат. Мындай мифтен элдик дастанга айлануунун ар түрдүү стадияларын белгилөөгө болот, алар маселен алгачкы, эзелки стадия жана типологиялык кийинки стадиялар. Биз иликтөөгө алган “Манас” эпосу биринчисине таандык болуп архаикалык мотивдерге бай, алардагы мифологиялык белгилер айдан ачык сакталган. Алардын ичинде диний мотивдер да туташ кездешип, улам мурункусунун айрым элементтери кийин келип кирген дин менен айкалышта жашай берген. Ал эми соңку доорлордо шаман дининин кийин келип кирген ислам дини менен айкалышта жашашы тууралуу Кытайдагы кыргыздардан чыккан тарыхчы илимпоз Анвар Байтур төмөнкүдөй оюн айткан: “…караханилер хандыгы курулган доордун ичинде анын бийлигинде турган жана шаарларга жакын жашаган кээ бир кыргыз уруулары ислам динин кабылдаган… Бирок, алыс тоолордо жашаган кээ бир кыргыз уруулары жана илгеркидей эле өз шаман дини салттарын сактап калып, өздөрүнүн илгерки көчмөн мал чарбачылык турмуш салты менен кала берген...” [15, 286-б.]. Мындан биз байыркы диний ишенимдердин улам кийинки доорлордо пайда болгон жаңы диний ишенимдер менен эл турмушунда аралаш жашап, айрым элементтери

гана сакталып калган учурлары да бар экендигин баамдайбыз. Ошол эле автор пикирин улантып: “Тянь-Шань кыргыз уруулары бул доордо ислам дининин диний адаттары менен шаман дининин диний адаттарын бириктирип алып пайдаланган. Кээ бир отурукташкан дыйканчылык турмушуна өткөн кыргыз урууларында болсо ислам дининин адаттары башка тайпа жана элдерден анча айырмаланбаган” [15, 288-б.]. Кыргыз элинде азыркы күндө да байыркы диний ишенимдердин элементтеринин сакталышы, башка диндер менен аралаш жашап келүүсү байкалат.

Мифтер дүйнөнүн башталышы тууралуу баяндашат да анын каармандары кудайлар, алгачкы уруу бабалары, булар көбүнчө жарым кудайлар, ошол эле мезгилде алар жердеги алгачкы адамдар болуп саналат. Алар уруу жашай турган жерди жаратышат, күн, ай, жылдыздар жаратылат. Алгачкы адамдар желмогуздар да жеңип жерди жашоо үчүн ыңгайлуу абалга алып келишет, бул хаосту жеңүү, дүйнө түзүмүн иретке келтирүү десек болот. Алар отту пайдаланууну, мергенчиликти, дыйканчылыкты, ооруну дарымдоону үйрөтүшөт, ошентип бул дүйнөдө мындан ары дайым боло берүүчү тартипти орнотушат. Алгачкы аң-сезим үчүн миф так, чыныгы нерсе, анда укмуштуулук жок, табигый жана кереметтүү деп бөлүштүрүү мифологиялык аң-сезимге жатат. Мифопоэтикалык салттуулукту окуп-үйрөнүүдө зор мааниге ээ болгон кубулуштардын катарында архаикалык ритуал турат. Ал кайсы бир элдик ишенимдин жөрөлгөлөрүн аткаруудагы иш-аракеттердин сакталуучу ирети катары келет жана байыркы диний ишенимдерде маселен шаманизмдин жөрөлгөлөрүнөн “Манаста” төрөгөн аялды мартуу басуу түшүнүгү айтылат. Чыйырды Манасты төрөгөндө катуу кыйналып, эси ооп кетет, ага жардамберген аялдар мартуу бастыбы деп чочуп кетет. Элде ал албарсты түрүндө болуп төрөгөн аялдын өмүрүнө коркунуч келтирет деген ишеним жашаган. Эпосто Жакып ага атап малдан курмандык чалат.

Кыргыз элинде байыркы доорлордон эле кургакчылык болгондо, ооруу-сыркоо көбөйгөндө жана башка кыйынчылык учурларда манасчыларды

чакырып эпосту айттыруу менен арууланyу, сакаюу, күн жаадыруу, уул балалуу болуу, аман-эсен көз жаруу сыяктуу оң, жакшы тарапка оодарылган көрүнүштөр, тилегине жетүү болуп келгендиги маалым. Эпос канчалык эски болсо, андагы диний-мифологиялык мазмун, мотивдер, образдар ошончолук кеңири орунду ээлейт. Эпостун жаралышында бул мотивдердин маанилүү таяныч чекити болгондугун эске алсак, архаикалык эпос жана диний-мифология айкалышта, тыгыз катышта турары айкын. Элдик эпоско өтүү жолунда бул байланыштын мазмуну өзгөрө баштайт, жогоруда белгилегендей, миф ыйык билим болсо, баатырдык эпос – эрдик тууралуу ыр. Кыргыз эпосунда, ири баатырдык эпос “Манаста” ушул эки башат бирдей сакталгандыгы байкалат. Эпос мына ушул туундулардан улам тамырлап, элдин архаикалык аң-сезимин туюндуруу менен келечекке болгон ой-тилегин, мүдөөсүн көп кырдуу, ар тараптуу чагылдырып келген. Эпостогу жансыз заттарга байланыштуу магиялык ишенимдерден мисал келтирип кетсек, сыйкырдуу буюмдар казан, саканын этиологиялык тарыхы доорлордун өтүшүндө күңүрттөнүп, алгачкы маанилери тарып кеткендиги өкүндүрөт. Эпикалык баяндын чындыгына, Манас баатырдын рухуна кыргыз элинин берилип ишенгендиги бекеринен эмес. Бул каралып жаткан эпостун мифологиялык башаттарынан, көөнө аң сезим, дүйнө таанымдан калган ишеним десек болот. Негизинен магия анимизмдин да, тотемизм менен фетишизмдин да элементтерин камтыган сыйкырдуу күчтөрдүн касиетине ынанган адамзаттык көөнө аң-сезимде түптөлгөн ишеним болуп саналат. Ал жашоодогу кырдаалдарга, көрүнүштөргө таасир эте алуу ыкмасы болуп, эпостогу жайчылык өнөр сыяктуу мисалдарда поэтикалык чагылуусун тапкан десек болот жана алар улуу эпосубуздагы сыйкырдуу-кереметтүү сюжеттик моитвдердин жаралышына шарт түзгөн. Дегинкиси улуу “Манас” эпосу байыркы эпикалык мотивдерди өзүндө алып жүрүүсү менен да баалуу, көркөм мурас катары, улуттук аң-сезимдин базалык кору катары доорлор менен өлчөнгөн убакыт аралыгындагы маалыматты өзүндө алып жүрөт.

## 3.4. Фетиштик көз караштардын эпостук сюжетте көркөм чагылышы

“Манас” эпосундагы адамдарга тиешелүү сапаттарды буюмдарга, нерселерге ыйгарып, алардын кереметтүү күчүнө ынанган байыркы ишеним илимде фетишизм деп аталып,  эпостордо көөнө мотив катары орун алган.

Фетиш нерселердин (*2-тиркеме,10-сүрөт*) адам тагдырына таасир берүүчү кереметине ишенүүдөн көрүнөт. Ошондой эле байыркы адамдардын дүйнө таануу жана түшүнүү жаатындагы мифологиялык-фантастикалык ой жүгүртүүгө негизделген идеологиянын өзгөчө бир формасы болуп эсептелет. Ал адамдарга гана мүнөздүү сапаттарды тигил же бул буюмга, нерсеге таандык кылып, алардын адаттан тыш кереметі бар деген диний ишенимге таянган көз караш катары пайда болгон жана жашаган. Фетишизм көптөгөн элдердин коомдук аң-сезиминде туруктуу орун алып, алардын материалдык жана маданий өнүгүшүнө өз таасирин тийгизген.

Диний мифологиялык мындай түшүнүктөр менен ишенимдер кыргыз элинде да жашап келген жана анын калдыктарын “Манас” эпосунан жолуктурууга болот. Илимде бул термин XVIII кылымдын аягында француз колониалдык чиновниги Шарль де Бросс тарабынан киргизилип, XIX кылымдагы белгилүү француз философ-позитивисти Огюст Конт тарабынан кеңири жайылтылган. Фетиштик ишеним жөнөкөй болуп, аны аткаруу жөрөлгөлөрү элементардык деңгээлде жана индивидуалдуу мүнөзгө ээ.

Биз иликтөөгө алган “Манас” эпосунда калмак-кытайлардын бурканга, бутка сыйынышы кездешет, ошондой эле эри өлгөн аялдын тул, б.а. адамдын сөлөкөтүнө окшотуп жасалган жыгачка өткөн күйөөсүнүн кийимин жаап алып кошок кошуп олтурган салт фетишизмге негизделген. Мында тул өлгөн адамдын ордуна тутулган нерсе, анын жаны биротоло кеткенче айланып келип тура турган буюм катары эсептелген. Байыркы кыргыздардагы кут түшүнүгүн дагы фетиштик түшүнүк катары кароого болот деген ойдобуз. Эпосто Манас өлгөндөн кийин Сайкалга тул салдырып берет:

Алтымыш катын кошокчу

Тул салдырып берди эми.
Ал күнү Сайкал конгондо
Таң  кашкайып сүргөндө,
Ордого жарык тийгенде,
Эр Болот ыйман айтыптыр.
Бир түнөбөй ордого,
Карачанын Сайкалы
Дүнүйөдөн кайтыптыр [143, 991-б.].

Албетте, мында тулдун фетиштик атрибутика катары келиши да, акыркы саптарда болсо улуу адам дүйнөдөн кайтканда аялы, кулдары, минген аты, буюмдары кошо көмүлчү көөнө сөөк коюу салты да камтылганы көрүнүп турат.

Окумуштуу Т.Д. Баялиева тул тууралуу: “ Ата-бабалар культу жана ага байланыштуу өткөн кишинин сөлөкөтүн жасап коюу адамдын сүрөтүн тартууга тыюу салган ислам догмаларына каршы келген салт катары түрк тектүү элдерде кеңири белгилүү болуп ага кыргыздар дагы кирген. Көөнө элестөөлөргө ылайык, дүйнөдөн өткөн эркек кишинин жаны бир жылга чейин *тул* деп аталган сөлөкөттө сакталган. Мындай сөлөкөттөр Кыргызстандын түрдүү жерлеринде ар түрдүүчө болгон. Биздин көз карашыбызда көбүрөөк байыркы негизге чаткалдык тулдар ээ. Тулду жыгачтан оюп, башы, колу-буту жасалган. Көчкөндө өлгөн адамдын жесири тулду атка мингизип өзү атты тизгинден алып жетелеп жүргөн”, - деген маалыматты берген. [17, 64-б.]. Кийинки жылдардагы башка эмгегинде окумуштуу тул маселеси боюнча оюн улантып, анын “Манас” эпосундагы ритуалдык скульптура катары келишин жана Манас баатыр өткөндө Бакай теректен тул жасаганынмисал тартат. [18, 15-б.]. Эпосто ошол тулду Бакай менен Каныкей көпчүлүктүн көзүнө баатырдын сөөгү деп кепиндетип көмдүрүп, чыныгы сөөктү Эчкиликтин тоосундагы үңкүргө кабар жасап койгондугу тууралуу баян бар.

Фетишизмге байланыштуу эпосто “жан” жөнүндө түшүнүк кездешет.Кыргыздардын мифтик түшүнүгүндө ааламдагы бардык эле затта “жан” болот. Ар кандай заттын денеси өлсө да, жаны башка бир нерсеге айланып (мисалы: айрым каармандардын жаны жети кара чымчык ж.б.) кетет деген түшүнүк болгон. Ошондуктан “өлтүрүү” деген сөздү “жанын алуу, жанын сууруу, жанын чыгаруу” деген сыяктуу сөз айкаштары менен туюнткан.

Кыргыздардын мифтик түшүнүгүндө асмандагы, жердеги, көйкаптагылардын баарында, бизди курчап турган чөйрөдөгү нерселердин бардыгында сүйлөй турган тил болот деп түшүнүшкөн. Ошондуктан, асмандагы ай, күн, жылдыздар, перилер, жердеги тоо, суу, дарак, айбанаттар да ой жүгүртөт, адамча сүйлөөнү билет, сөздү угат деген. Маселен эпостун “Семетей” бөлүмүндө Каныкей Манас баатыр дүйнөдөн өткөн соң баласын, кайненесин алып Букарга качып баратып Байтерекке туш келип, ага арманын айтып жардам сурайт.

Эпостогу каармандарда мейли алар адамдар болобу, мейли жаныбарлар же өсүмдүктөр болобу тилдик тосмо жок, алар тоо-таштар, асман телолору болгон ай, күн, жылдыздар менен ээн-эркин баарлаша беришкен. Бөтөн тил болот деген түшүнүк кийинчерээк, XIX-XX кылымда жашаган манасчылардан бизге жеткендеринен маселен С.Орозбаковдо бар. “Кошойдун окуяларында” Кошой Кырмусшааны каратууга барганда анын укмуштуу аспабын алып мойнуна илип алат, анын боорундагы буроосун бурап койсо бардык тилдерди түшүнүп калат. Мындан байкалып тургандай, алгач түз эле мааниде кабылданган түшүнүк бара-бара конкреттешип, мисалда көрсөтүлгөндөй, сюжеттик мотивге сыйкырдуу буюм тууралуу укмуштуу-кереметтүү жөө жомоктук элемент кирип калганы байкалат.

Эпостун сюжетинде бурканга сыйынууга байланыштуу окуялар берилген. Алардын бири катары Чоң казат бөлүмүндөгү төмөнкү окуяны мисалга тартсак болот. Коңурбайдын Калчасы мусулманча кийинип, селдесин ороп, куржунун асып Манасты көздөй жөнөйт. Кайтарып турган

Кыргыл чал да аны Чоң Бээжин кыдырган думана деп ойлойт. Ал барып, канча жылдан бери Манастын колунда мусулманмын деп алдап жүргөн Шуйкучу деген ашмачыга жолугат. Ал ашмачы Манастын кабары тууралуу айтылган катты нандын ичине салып берет. Аны алып барып Коңурбайга берет. Коңурбай катты окуганда, Шуйкучунун айтуусу боюнча Манасты бир гана таңга жуук азан айтып, намаз окуп жатканда өлтүрө аласың дейт. Анын кабарын уккан Коңурбай бурканына жалынып турган кези поэтизацияланат:

Тегерегин карабай,
Теңиз жанын аябай,
Карапчысын салынып,
Табынып турду Коңурбай
Бурканына жалынып:
“Кыйшыгым болсо оңдой көр, буркан!
Бурканым мени колдой көр!”
Тизеси жерге бүгүлүп,
Тилеп турду жүгүнүп,
Ыйлап турду буркурап,
Өкүрүп-өксөп даңгырап,
Бурканына жалынып,
Күндү күндө эсептеп,
Күн эсебин алды эми.
Ай эсебин эсептеп,
Ай эсебин алды эми.
Эсептеги жети күн
Эринбей санап болду эми [143, 803-б.].

Кыргыз элинин мифтик түшүнүгүндө ааламдагы кандайдыр бир зат сыйкырдык жөндөм менен кубулуп, бир нерседен дагы бир нерсеге айлана алат деген түшүнүк жашаган. Алсак, адамзаттын жөндөмдүүлөрү ак ккуга, балыкка, айбанатка айлана алат, же тескерисинче болот. Буга ачык мисал катары “Семетей” бөлүмүндөгү Айчүрөктүн ак куу болуп кубулушун

келтирүүгө болот. Айрым нерселер, заттар бирде пайда болуп, бирде кубула алат деген. Эпосто учураган мифтерде ушул түшүнүк боюнча айтылган баяндар арбын кезигет.

Сыйынуу жөнүндө толуктай кетсек,“кыргыз эли алгачкы жамааттык коомдо башка этностор сыңары эле ааламдык кубулуштар, заттардын жаралыш мыйзамдарын, жоголуу, өлүү, кырсыкка кабылуунун себептерин чечмелөөгө дарамети жетпеген. Бирок, шыбагасына баамчылдык жаралган пенделер катарында ааламды наристе тааным менен баамдап, баёо элестеткен. Кыргыздардын элестетүүсүндө ааламды, деги бардык эле заттарды “жараткан” бар, ал эми жаралгандардын теңири, ээси, колдоочусу болот деп түшүнгөнүнөн улам, алгачында кыргыздардын баштапкы дин ишеними жаралган. Жараткан, теңир, ээлердин образдары элестетилип, көркөм баяндалып, кыргыз мифтик таанымындагы сыйынуучу рух мифтер жаралган.

Кыргызда заттардын көптөгөн ээлерине сыйынуу (отко, сууга, тоо-ташка) табынуу дини жана мифтик түшүнүгү болгон. Кийин Көк Теңирге (көк теңири, ай теңири ж.б.) сыйынуучулук ишеним болду, андан соң ислам дини боюнча “бир кудайлык” динди тутунуп калды. Кыргыздардын сыйынган рух мифтерине төмөнкүлөрдү атап көрсөтүүгө болот.

Кыргыздардын мифтик түшүнүгүндө ааламды жана анын ичиндеги заттарды жасоочу, жаратуучу “жараткан” деген болот, ал элден мурда ааламды жаратып, андан соң асман, жер, жандуу-жансыз заттарды жараткан. Ал эми, ааламдын,  табияттын, инсанаттын керектөөсүнө ылайык “жараткан” топуракты, сууну, токойду, айбанаттар, жан-жаныбарды жаратат. Алардын ар бирине ырыскы, шыбага бөлүп, түрдүү тоюттарды, азыктарды жасаган деген түшүнүк болгон [40, 122-б.].

Жараткан заттарды, айбанаттарды өз колу менен жасайт деп түшүнүлгөн жана ошолор жөнүндө элестетилген, диний-мифологиялык баяндар айтылган. Кыргыздардын диний-мифологиясында “жараткан” эң эле баштапкы, эң алгачкы сыйынуучу руху болгон. Ал ааламдагы заттарды

жасап, жаратып эле калбай, кадыресе өзү жаратканда колдойт, сактайт деп ишенишкен. Бардык нерседен улук санап, “жаратканга жалынуу”, “жараткандан тилек кылуу”, “жаратканым колдо”, “жаратканым сакта”, “жаратканга тапшырдым” деген дуба иретиндеги касиеттүү сөздөрдү айтып келишкен. Буга ылайык, кыргыздардын табиятты “жаратылыш” деп атап калышы да “жараткандын” жаратылышы деген түшүнүк деп кароого болот деген ойдобуз.

Мифологиялык жана диний аң-сезимдин айкалышы жана өзгөчөлүгү эпикалык чыгармачылыкта айрыкча даана байкалат. Диний-мифологиялык аң-сезим - бул алгачкы жамааттын дүйнө тууралуу кудайлык компонент менен бирге алынган образдуу элестөөсү. Ал диндердин тарыхында алгачкы же архаикалык адамзаттын жамааттык синкреттик аң-сезимине байланыштуу колдонулат.

Алгачкы коомдун мифологиялык таанымы байыркы адамдардын бүткүл рухий-психикалык турмушун камтыйт, бул кийинки доорлордо коомдук аң-сезимдин өзүнчө формаларына, күндөлүк кадимки аң-сезим, дин, адеп-ахлах, илим, искусство ж.б. болуп ажыраган.

Байыркы мифологиялык аң-сезимден айырмаланып диний аң-сезим жекечелик мүнөзгө ээ, б.а. коомдук аң-сезимдин формаларына (кадимки аң-сезим, мораль, илим, искусство ж.б.) каршы коюлуп, татаалыраак болуп өзүндө теологиялык жана догматикалык компоненттерди алып жүрөт. Социумдун мүчөлөрүнүн аң-сезиминде түрдүүчө көлөмдө кездешет. Мындан айырмаланып мифологиялык түшүнүктөр жамааттык мүнөзгө ээ болуп, алгачкы жамааттык коомдун ар бир мүчөсүнүн аң-сезиминде жашаган. Кийинчерээк алгачкы коомдун соңку этаптарында жалпы социалдык дифференциянын жүрүшүнүн нугунда жөнөкөй адамдар менен культ чөйрөсүндөгү адамдардын, шамандардын, аярлардын, жайчылардын айырмалануусу башталган, кийинкилеринде мифологиялык маалыматтар көп болуп, өзгөчө ритуалдарды аткарышкан. Алсак, кыргыз элиндеги байыркы ишенимге ылайык кут ак шоола нур болуп теңир сыйлаган адамга жана үй-

бүлөгө түшөт экен. Кут түшкөндө анын үстүнө ак жаап, аксарбашыл атап мууздап ырымын кылып токтотот экен. Кут токтоткону коргошундан же калайдан киши кебетелүү келбетти куюп, кут түшкөн (шоола же нур) жерге жапкан касиеттүү чүпүрөккө ороп атадан балага мурас катары каткан. Бул тууралуу эпосто мындайча берилет:

Асмандан болсо кут түштү,
Кытайга жаман жут түштү.
Карап жатса бул шайтан,
Кут уюган бул жакта,
Аярга кабар бербестен,
Кубалап учту куу шайтан,
Адаштырды да кудурет,
Шама-шаар кыдырып! [147, 31-б.].

Дагы бир айтымда кут түндүктөн коломтого түшөт делет. Анын түсү кочкул кызыл түстөгү кичинекей килкилдек зат болуп, күнөөсү жок таза жүргөн киши алса, колуна тиер замат уюп “кут конот” экен. Күнөөлүү адам алса тезекке айланып калат имиш. Демек, кут элдик ишеними касиеттүү каралып кишилер ага сыйынган. Ал, бакыт, ырыскы, жакшылык алып келет, кырсыктан калкалайт деп ишенишкен. Адамга, малга илдет жармашканда куттуу тунук сууга жууп, анын суусун малга-жанга сепкен.

Элдеги “кут болсун”, “куттуу үйдөн кур чыкпа”, “кут консун” деген сыяктуу касиеттүү тилек сөздөр да кутка болгон сыйынуу, анын касиетине бек ишенүүдөн чыккан.

Ал эми далы көрүү менен келечектеги боло турган окуяны алдын ала айтуу дагы фетиштик ишенимге негизделген. Мында малдын далы сөөгүн төлгө салууда колдонушкан. Маселен “Манас” эпосунда далычы тууралуу, анын маалымат берүүчү функциясы тууралуу саптар кездешет:

Агыдай аттуу далычы
Далыны карап алганы
“Келген экен кол – деди, -

Аскер арбын мол – деди,
Амбал Чулу зор – деди,
Илебин, Чулу, Кашкели,
Акунбешим жиберген
Булагасын көп эли,
Сары кыяр калдайы
Аскерине келиптир
Аярлардын далайы.” [139, 57-б.].

Ал эми төлгөчү, анын аскердик жортуулдагы стратегиялык кызматы да чоң мааниге ээ:

Төрө Бакай кеп айтат:
“Төлгөчү, ботом, төлгөңдү
Тартып көрчү?!” – деп айтат.
Төлгөчү төлгө алыптыр,
Төрттөн бөлүп таш санап,
Төлгө тартып калыптыр.
Төлгөчүсү кеп айтат,
“Агыдайдын айтканы
Анык экен! - деп айтат,
Аскер арбын мол экен
Атасынын көрү каапырдын,
Алты жүз миң кол экен!” [140, 58-б.].

Төлгө тартуу жалаң эле согуш иштеринде эмес саясий маселелерде, эл-жерди баскынчылардан бошотууда, кандарды каратып алууда, алар менен мамиле түзүүдө да колдонулгандыгы эпосто орун алган. Маселен Шооруk канга каршы согушка аттанып жатканда Манас кырк чоросунун бири Төлөк төлгөчүгө төлгө тарттырат.

Төлгөчү Кара Төлөгү
Төлгөсүн салып калды эми.
Төлөгү туруп муну айтат:

“Күйүтү кымбат Шоорукка
Күрөштү мыктап салыпсыз,
Бели кындай, бети айдай,
Белгилүү сулуу бир кызын
Колукту кылып алыпсыз.
Көлөкөң жандар каптаган,
Байтерек болуп калыпсыз!” [143, 458-б.].

Адамдын табиятка таасир эте билүү тууралуу кыялынын өзгөчө атрибуту болгон жай таш түрк-монгол элдеринин фольклорунда фетиштик түшүнүк катары кеңири учурайт. Эпосто аба ырайын, жыл мезгилин өзгөртүп жиберүүчү касиетке ээ болгон жайчылык өнөр, анын негизги предмети болгон жайташ жөнүндө байыркы мотив бар. Аталган мотив адамзаттын жаратылыш кубулуштарын өзүнүн шартына жараша өзгөртүп пайдалана билүү тууралуу ой-кыялынан, эңсөөсүнөн келип чыкканы түшүнүктүү. Түбү барып бул мотив шамандык ишенимдерге такалат жана түрк-монгол эпосторунда анын предмети кыргызда жай таш, казактарда “жай тас”, монголдордо “сата” деген аталышта жолугат. Ал кыргыз элинде жаныбарлардын ичинен, койдун, уйдун карынынан табылган таш болгон. “Манаста” жайчылык өнөр аярларга тиешелүү болуп берилип, ажыдаардан билим алган Алмамбет баатыр бул өнөргө ээ болот. Чоң казаттын алдында Чоң Бээжинге чалгынга Алмамбет менен Сыргак барат. Алардын артынан Чубак барып Алмамбет экөө урушуп кетишет. Алардын артынан Манас барып жараштырганда Алмамбет өзүнүн келген жайын айтып берет. Алты жашка чыкканда ажыдаардан жайчылык өнөрдү үйрөнүп алганын айтат.

Төмөнкү жалгыз көздүн элинде,
Суук-Төр деген төрүндө,
Аверден деген көлүндө
Алтымыш баштуу ажыдаар-
Анын сырын окуп кел.
Күндүзү бүркөк, түнү ачык,

Бурганактап шыбыргак,
Кубултуп күндү бузуучу
Жайдын жайын окутат,
Атышка кирсең алдырбас,
Октун жайын окутат [143, 605-б.].

Алмамбет энеси Алтынайдын качып кет, Эсенкан сени атаңа өлтүрткөн жатыптыр деген катын алгандан кийин Чоң Бээжинден качып чыгат, ал Карыкандын жай ташын ала чыгат. Ал жай ташты дубалап суууга салганда:

Карыкандын жай ташты,
Бир чөйчөктө кара суу,
Суф дедирип ургамын.
Жердин башын каккылап,
Үзөңгүнү чапкылап,
Үч кыйкырып, үч үйлөп,
Үч ышкырып турганда,
Кабагым бүркөп калганда
Асмандан булут сабоолоп,
Жердин бетин камоолоп,
Асмандан булут тумчулап,
Алек болуп жаанга,
Учуп кетти асманга,
Канча кытай чыркырап.
Карагай кулап, тоо учуп,
Катуу бороон жүргөндө
Аскар бийик зоо учуп,
Жады окуп кытайдын,
Жайы күндү кыш кылдым.
Кийими жука кытайды,
Кылчылдатып суукка,
Кыңшылатып кыз кылдым.

Айла менен жай жайлап,

Күнүн, түнү-отуз күн,

Ойрон болгон кытайды,

Ошентип мен кыргамын [143, 618-б.].

Алмамбет баатырдын жайчылык өнөрдү кийин согуш иштеринде кандайча колдонгону төмөнкүчө сыпатталат:

Алмамбет жайын салды эле:

Ошондо бөксөнүн башы мөндүрлөп,

Жаканын баары жамгырлап,

Асмандын булут сабалап,

Көктөн булут күркүрөп,

Жер жүзүндө камалап,

Тик каптаган кытай журт

Күн көрөргө зар болуп,

Согуш кылган чоң майдан

Найза бою нар болуп,

Жай убакта кыш болуп... [140, 194-б.].

Коңурбай менен согушуп жатканда Алмамбет жай ташынын жардамы менен Күрпүлдөктүн чоң дайрасын тоңдуруп, аскерлерди аман суудан өткөрөт:

Алтын айдар, чок белбоо,

Азизкандын жалгызы,

Арслан тууган Алмамбет

Жарык күндү түн кылды,

Жайдын күнүн кыш кылды.

Күндү жайлап жаздырып,

Күрпүлдөктүн чоң дайра...[143, 746-б.].

Көрүнүп тургандай, душман сан жагынан өтө басымдуулук кылганда жайчылык өнөрдү колдонуу менен аларды туудуруп, аракет изденишине алып келип жеңишке жетүү аргасы колдонулган. Жайташты колдонууга

атайын окутулуучу дуба тууралуу да эскертилет. Бул эпосту далычылык, куучулук сыяктуу шамандык өнөрлөр менен бир катарда элдик жай турмушта да, согуш учурда да максатка жетүүнүн жолу катары кызмат өтөгөндүгүн байкоого болот. Манасчы С.Каралаевде башкы каармандардын бири Бакай да акылмандык сапатынан тышкары жайчылык өнөргө да ээ экендиги айтылат. Окуянын жүрүшүндө Ажыбай элчи болуп Керке ханга Аккелтени алганы барат. Керке алты айдан кийин берем дейт. Ажыбай кеткенден кийин жер ченчисин чакырып алып кетүүсүн буюрат. Алар алып кетип жатышканда Бакай жолун тосуп жайчылык өнөрү менен:

Караанын көрүп алардын,
Кабылан Бакай кыраанын
Арабча тил окуп,
Күндүн көзүн байлаптыр,
(Өзү жайчы, өткүр шер,
Өлчөсөң Бакай мындай эр).
Күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Күндүн куюн бузултуп,
Карагайдын үстүнө
Кара булут тундуруп,
Жер ченчинин үстүнө
Алты сай мөндүр куйдуруп,
Колоттон туман табылып,
Асмандан булут жабылып,
Кара булут асмандан
Казыр чыкты дүрүлдөп,
Төбөсүнөн жети сай мөндүр күрүлдөп,
Чөп айрылып кыбырлап,
Туш-туштан ала канчык шыбыргак.
Колот чуңкур аң болуп,
Алтымыш ченчи, кырк төрө

Бир карарга зар болуп,
Булуттун баары быркырап,
Туш-туштан муздак шамал зыркырап,
Жерден кара буу чыгып буркурап,
Жети күңгө толгондо,
Асмандан булут чачылып,
Кудайдын күнү жарык ачылып [143, 398-б.].

С.Каралаевде ошондой эле кыргыздарга баскынчылык кылган Жолойду Манас кууп жөнөгөндө, ал жай таш менен аба ырайын өзгөртүп качып кутулат:

Калмактардын кан Жолой
Өзү жайчы кул экен,
Токойго кирип барганы,
Күн жаадырчу жай ташты
Көтөрүп сууга салды эми.
Астыдан булут табылды,
Жер жүзүнө көгөрүп,
Жөө туман түшүп жабылды,
Туш-тушунан зыркырап,
Муздак шамал  урду эле,
Тоо башына дүмпүйүп,
Кара булут турду эле.
Булут учуп кыбырлап,
Асмандан  алты сай мөндүр куюлуп,
Ак ала жамгыр шыбыргак
Кудай бетин көргөзбө,
Тоо-тоонун башы жабылып,
Чуңкурдан туман табылды.
Бөксөөнүн баары мөндүрлөп,
Жаканын баары жамгырлап,

Аңгектин баары тыгындап,
Арыктын баары жыгындап,
Асман менен куюлган
Алты сай мөндүр шыбыргак,
Жердин үстү бузулуп,
Кыян жүрүп кыбырлап,
Коктудагы жыгачтын,
Дүмүрү чыгып короюп.
Тоонун баарын карасаң
Кыян жүрүп бузулуп.
Кызык кылып күн жайлап,
Кызыталак Жолой кутулуп,
Жолойду таппай кайгырып,
Кан ичер канкор зор Манас,
Алтайга тартты кайрылып [143,155-156-б.б.].

Ал эми манасчы Б.Сазанов айткан эпостун “Семетей” бөлүмүндө Абыке Манаска аш берем дегенде Эсенкан анда барып кыргыздарды басмырлайбыз, чабабыз дейт, алар келе жатканда Абыке элге кайрылып сөз айтып, кытайлардын жайчылык өнөрү жөнүндө эскертип, андай амалдан сак болууга чакырат:

Тигинтип жаткан көп кытай,
Үч түр чалып үйүнө,
Аңтарылды өзүнө,
Кара чабуул коёт дейм,
Бирден кармап соёт дейм.
Кудай кылган султаным,
Эми айла не болот,
Асманда булут чүмкөлдү,
Ачык күндөр тутулат.
О береги ордогу,

Киремин деп жутунат.
Качып келе жатканы,
Кантип мындан кутулат.
Арымы көп кытайлар,
Жай ташын суута салган бейм,
Күн жайлатып койгон бейм.
Туура туман курчалат,
Күнүңдүн жүзүн алган бейм,
Көктөн мөндүр салган бейм.
Булактын көзүн муңайтып,
Сегиз ай мөндүр шыпырган,
Тескери шамал дарылдап,
Учуруп кетчү эмедей,
Утур тетир ырылдап,
Уйгу-туйгу болот да...[148, 171-б.].

Бул мотив тууралуу баяндап жатканда маселен тектеш элдердин фольклоруна кайрылсак, алтай элинин эпосу “Ак-Тайчыда” Ак-бөрү уулу Ак-Тайчыны аттап-тондоп жерине узатып жатып жада ташын берет, аны керек учурунда өз колунан кан чыгарып кандап жиберип, катуу кыйкырып кар-бороон чакыр дейт [131, 301-б.].

Ал эми бурят элинин “Гэсэр” улигеринде Бухэ-Бэлигтэ көктөн жерге түшөрдө атасы Хан-Хурмастанэл башчыларынын кызыл ташын, башкача айтканда жай ташты сурайт, ал жердеги элди кыйнап жаткан Атай-Уландын сөөгүнөн таралган желмогуздарды жеңүүгө жардам берет [132, 127-б.]. Мындан байкалгандай, тектеш түрк-монгол эпосторунда жайташты суута же канга малып, дуба окуу менен бороон-чапкын, мөндүр, кар чакырып аба-ырайы суукtандырууга болору тууралуу эзелки элдик ишеним берилип жатат. Жай таш эпикалык чыгармачылыкта аба-ырайын өзгөртүү үчүн колдонулуучу сыйкырдуу предмет катары келип аны суу, кан же шилекей сыяктуу суюктуктар менен камдоо, дуба окуу аркылуу табиятка таасир эте

алышкан, жайташ суукту кайра кайтаруу үчүн да колдонулган. Эпосто анын берилиши жаратылыштын сырларын туюнууга, аларды адамдын максатына, эркине баш ийдирүүгө карата тилек болуп саналат [37, 132-б.].

Адамдын жаратылыштын бөлүгү экендигин сезүүсү анын жаныбарлар, өсүмдүктөр дүйнөсү, айрым предметтерге жасаган мамилесинен байкалат. Бул ритуалдын кыргыз, алтай, монгол варианттарында эч канчалык айырмачылыгы жок, дээрлик дал келет.

Жогоруда каралган чакан мотив да көп катмарлуу “Манас” эпосунун диний-мифологиялык катмарынын эпостун азыркы бизге жетип келген турпатындагы белгилеринин бирин алып жүргөндүгү менен баалуу.
Манас баатырдын “курама жыйып журт кылып. кулаалы таптап куш кылып”, Ата-Мекенди, эл-жерди боштондукка чыгаруучу чоң чабуулдардын алып баруусунда душмандын аскерлеринин санын, күчүнүн эсебин билүү, ага карата даярдык көрүүдө жогорудагы маалыматтар чоң роль ойногондугу мисалдардан көрүнүп турат. Ал эми эпостордогу мифологиялык персонаждар чыгарманын архаикалык өзөгүн ачуучу негизги элементтер катары изилдөөнүн мурдагы бөлүмдөрүндө каралып кетти.

Ошентип, мифология байыркы доордун аң-сезимдик деңгээли болуп, андан диний аң-сезимдин бөлүнүп чыгышы көптөгөн миң жылдыктарды камтыган десек болот. Байыркы доорлордун тереңинде мифологиялык түшүнүктөр диний аң-сезимдин алгачкы формасы болуп, дүйнөнүн бүтүн бир түшүнүгүн туюнуп турган жана ал туюнууда диний, практикалык, илимий, көркөм таанымдар али бири-биринен бөлүнө элек болгондугун фольклордук материалдар тастыктап турат.

Сюжеттик окуянын ырааттуу түрдө өнүгүшүндө, элдик идеяны элестеттүү чагылышында Манастын жакын чоросу Алмамбеттин жайчылыгы өз алдынча мааниге ээ. Ал Көкөтөйдүн ашында тулпарларды чабууга жиберер алдында Манастын өтүнүчү боюнча Аккуланын бир күндүк этин алып, табына келтирүү максатында жай таштын кереметин колдонот, баатырдын тулпарларынын байге алышына кол кабыш этет. Кошой менен

Жолой күнү-түнү күрөшүп, чаң-тозоңун сапырып жатканда балбандарга жана карап турган көпчүлүккө ыңгайлуу болуу үчүн жай таш менен жаан жаадырып абаны салкындадып, элди сергитет. Чоң казатка аттанганда албуут Уркун дарыясынан аскердин аман-эсен кечип өтүшүнө, Сыргак менен чалгынга баратканда душмандардын койгон кароолуна байкалбаш үчүн мүмкүнчүлүк түзөт.

С.Каралаевдин варианты боюнча тигил же бул окуяга, кырдаалга карата Алмамбеттин жайчылык өнөрүнүн көрсөтүү туруктуу орун алат. Бирок айрым деталдаштыруу жагынан, каармандардын жайчылыгын кырдаалга карата берилиши жагынан айырма болгону менен эпостогу Алмамбеттин фетиштик кереметке ээ болгон туруктуу сапаттары сакталып кала берет. Коңурбайдын “ажыдаар, жолборс, кайберен мергендеринен” койгон сыйкырдуу кароолчуларынын жай таштын жардамы менен жандыруу, Алмамбеттин “жайчылык өнөрдү, кереметти алтымыш баштуу ажыдаардан атайы окуп, үйрөнгөнү”, Кытайдан чыкканда “кереги тиет деп Карыкандын сыр бараңы менен жай таштарын ала чыгуусу” өңдөнгөн өзгөчөлүктөргө ээ [66, 195-б.].

Эпостогу жай таш жөнүндөгү маалыматтарды мындайча интерпретацияланышы айтуучулардын жекече талантына, түшүнүгүнө жана чеберчилигине байланыштуу түшүндүрүлөт. Бирок эки варианттагы фетиштик түшүнүк жай таш элдик ишенимди толук жана элестетүү чагылдырылганы менен анын табияты менен функциялары туурасында диний-мифологиялык түшүндүрмөлөрдү бергендиги менен жалпылыкка ээ. Эске ала турган жагдай: жай таш жылдын бардык мезгилин түрдүүчө өзгөртө алгандыгы жөнүндө элдик ишенимдин, байыркы түшүнүктүн эпостун системасында толук сакталышын көрсөтүүгө болот. Жай таш жай мезгилин кыш мезгилине өткөрүүгө, ооштурууга гана мүмкүнчүлүгү бар. Ошол себептен жай мезгилинин кайсы учуру болбосун жай таштын керемети менен бурганактап алай-дүлөй бороон, күн көрүнбөгөн түнгө алмашып, суулар тоңуп, сасык туман каптап, алаамат түшөт.

Жай таш жөнүндөгү фетиштик ишеним эпостун “Семетей” бөлүмүндө кандайдыр бир деңгээлде улантылат. Ал эпостун фантастикалык-мифологиялык катмарын өзүнчө бир ажардантып, жандантып туруучу күчкө ээ. Жайчылык өнөр терс каармандардын бири Мурадылга мүнөздүү нерсе. Ал Коңурбайдын жана чекке койгон кароолчуларынын башчысы Семетей өзүнүн чоролору менен Коңурбайды көздөй жүрүш жасаганда Мурадыл жай ташынның керемети менен аларды бир кыйла кыйынчылыкка дуушар кылат:

Каш карарып түн кирип,
Көзүн жылдыз ачканда.
Кырымдын уулу Мурадыл
(Анык жайчыл кул ушул).
Жай ташын суугa салганы
Жайлап туруп калганы.
Жай ташты көлгө урду дейт,
Жай дубасын күбүрөп,
Жайлап карап турду дейт,
Кара сууну уютуп,
Кайра колун сунду, дейт
Туруканын тунук көл,
Ого бетер тунду дейт [146, 194-б.].

Фетиштик түшүнүк жай таштын керемети эпостун башкы идеясы менен тикеден-тике байланышкан. Ал образдарды берүү, мүнөздөрдү түзүү, пейзаждык сүрөттөөлөрдө да көркөм-эстетикалык чоң кызмат аткарат.Байыркы ой жүгүртүүнүн мындай элементтери “Манас” эпосунун “Сейтек” бөлүмүндө учурабайт. Буюмдун, тигил же бул предметтин адаттан тыш сыйкыр күчүнө, кереметине ишенүү мотиви “Сейтекте” трансформацияга дуушарланганын көрүүгө болот.

Ошентип, фетишизм сыйкырлоо үчүн буюм деген мааниде келип, кээде этимологиясы латынь тилиндеги fatum – “тагдыр” деген сөзгө

байланыштырылып чечмеленет да адамды жакынкы чөйрөдө курчап турган предметтерге сыйынууну билдирет.

Элдик оозеки чыгармачылык коомдун жалпы маданий, адабий-эстетикалык жана диний-конфессионалдык тараптарынын бирдиктүү методологиялык контекстинде өнүгөт. Диний-культтук элестөөлөрдүн көркөм сөз өнөрүндө эстетикалык чагылуусун табуусу өзгөчө мааниге ээ. Иликтөөбүздүн актуалдуулугу берилген проблеманын кыргыз фольклористикасында, анын ичинде “Манас” эпосунда жетишсиз изилденгендигине байланыштуу. Бул темага кайрылуу улуттук маданиятыбыздын, этникалык салттарыбыздын кайра жаралуусу жана өнүгүшү, диний-культтук элестөөлөргө, диний жөрөлгөлөрдү аткаруунун түрдүү формаларына кызыгуунун өсүшү менен шартталат. Фетишизм адамды курчап турган жансыз предметтерге сыйынууга байланыштуу келип чыккан көөнө ишеним болуп саналат. Илимде алгач фетишизм Батыш Африканын урууларындагы диний ишеним катары сүрөттөлгөн. Терминдин өзү илимий айлампага XVIII кылымдын аягында француз колониалдык чиновниги Шарль де Бросс тарабынан киргизилип, XIX кылымда француз философу Огюст Конт тарабынан жайылтылган. Кыргыз фольклорундагы фетишизм тууралуу окумуштуулар С.М. Абрамзон, И.Б. Молдобаев, Т.Д. Баялиева ж.б. эмгектери бар [5, 76-17-б.].

Фетиштик ишеним өзүнүн жөнөкөйлүгү, элементардык жөрөлгөлөрү, басымдуу көбүрөөк индивидуалдуу мүнөзү менен айырмаланат. Анын негизинде предмет же нерсе тууралуу адамдын көчүрмөсү тууралуу элестөө жатат. Ал нерсе (фетиш) адамдык сезимдер, ой максаттарга ээ болуп, өз каалоосу менен адамга жагымдуу жана жагымсыз таасир этет. Бул фетиштин адамга ыраазы же нааразылыгынан келип чыгат деген түшүнүккө таянат.

Фетишизм француз тилиндеги “fetiche” – “керемет” деген сөзүнөн алынып, “Манас” эпосундагы адамдарга тиешелүү сапаттарды буюмдарга, нерселерге да таандык кылып, алардын кереметтүү күчүнө ишенген көз караш. Фетиш нерселердин (мисалы: тумар, крест) адам тагдырына таасир

берүүчү кереметине ишенүүдөн көрүнөт. Ошондой эле байыркы адамдардын дүйнө таануу жана түшүнүү жаатындагы мифологиялык-фантастикалык ой жүгүртүүгө негизделген идеологиянын өзгөчө бир формасы болуп эсептелет. Ал адамдарга гана мүнөздүү сапаттарды тигил же бул буюмга, нерсеге таандык кылып, алардын адаттан тыш кереметти бар деген диний ишенимге таянган көз караш катары пайда болгон жана жашаган. Фетишизм көптөгөн элдердин коомдук аң-сезиминде туруктуу орун алып, алардын материалдык жана маданий өнүгүшүнө өз таасирин тийгизген. Диний мифологиялык мындай түшүнүктөр менен ишенимдер кыргыз элинде да жашап келген жана анын калдыктарын “Манас” эпосунан кеңири жолуктурууга болот [3, 114-б.].

Фетиштик көз караштар менен ишенимдер эпостун биз изилдөө объектиси кара жаткан С.Каралаев, Б.Сазанов айткан варианттарында туруктуу орун алган, ошону менен бирге эпостун байыркылык негиздерин бекемдейт. Байыркы адамдар буюмду жана нерсенин керемет күчүнө табынышы жана ал ишенимдин бир көрүнүшү катарында эпикалык душмандардын идол катары бутка же бурканга сыйынгандыгын көрсөтүүгө болот *(2-тиркеме, 11-сүрөт).* “Манас” эпосунда бут жана буркан калмак-кытайлардын кудайынын сөлөкөтү катары сүрөттөлөт. Алардын керемет касиетине ишенүү эпосто кеңири орун алып, образдуу баяндалган. С.Каралаевде окуянын жүрүшүндө Акбалтай менен Жакып Жолойго кыздарды, малды тартуу тартып багыналыдеп кеңешет, Манас ага болбой урушуп душманды жеңет:

“Атаа, үч таш тулга, бир очок
Чанач мурун, чоң соргок
Этеги жерге тийбеген,
Эгемдин жалгыз экенин
Эч убакта билбеген,
Эртең менен турбаган,
Кызыталак, бүрүк ит
Эзелки кирин жуубаган,

Андай-мындай дебеген,
Мууздап малын жебеген,
Ыламасын бир кылган,
Малы арбын башы жок
Бурканын кудай дей берген.
Жыйылган кара калмагың
Каканчыдан Бээжиндин
Канынан буйрук алыпсың,
Калдай кара калмагың,
Каарды катуу салыпсың! - деп Манас Жолойго

каршы аттанат [143,145-б.].

Мында кыргыз эли байыркы доорлордо тескери иш же күнөө кылса, “Теңир урсун!”, - деп карганса, кытай-калмактар “Буркан урсун!” – деп каргангани байкалат. Эсенкан буйрук менен Жолойду баш кылып, Манаска кол аткарганында Жолой Манаска каршы жоортулга аттанган алптарыменен кошо бурканга сыйынышат:

Балбан Жолой баатыр - деп,
Бул айтканың акыл”-деп,
Чогулушуп болушуп,
Колодон чаап жасаган,
Колдураган бурканды
Көкүрөккө урушуп:
“Ушу буркан урсун!”- деп,
Чоң буйрукту тыңдашып,
Чогулушуп турушуп.
Чоң Жолой кебин угушуп,
Макул ойлоп алышып,
Балбанды бөлүп алышып.
Кайраттуусун, мыктысын
Как алдына салышып [143, 227-б.].

Ал эми С.Орозбаковдо эпикалык башкы терс каарман Нескара арык каздырып жаткан эпизоддо бут жөнүндө маалымдалат:

Бут койдуруп бултуйтуп,
Эки ууртун дулдуйтуп,
Алтындан кылган баштарын,
Осмодон койгон каштарын,
Көөхардан кылып көзүнү,
Көркүн оңдоп өзүнү.
Сары алтындан бой кылып,
Забар зерден кол кылып,
Инжиден сайып тиш кылып,
Жыргатчудай иш кылып,
Эрди, мурду зумурут,
Эртели – кечти кызматын,
Эрикпей кылып олтурат [139, 178-б.].

Мында буттун көрүнүшүндө “анын бултуюп, эки уурту дулдуюп” турушу, келбетин жана башын алтындан, көзүн көөхардан, колдорун забар менен зерден, тиштерин инжиден, эрди-мурду зумураттан жасалгандыгы сыпатталат да, ага башын уруп, анын “айтканын” жасап турууга милдеттүү экендиги баяндалат. Ал эми аны жамандоо, ага терс мамиле жасоо адам баласына жамандык, кырсык алып келиши мүмкүн экендиги эскертилет. Адамдын башына келген түрдүү оор кысталыш учурларда бут же буркан өз кереметти менен аларды сактап кала тургандыгы жөнүндө ишеним айтылат.

Бут менен буркандын касиетине, колдоочулук кереметине ишенүү мотиви эпикалык душмандардын аракеттеринде, согуштук сценаларда конкреттүү окуялар менен бекемделип жүрүп олтурат. Мисалы, Көкөтөйдүн ашында Кошой менен күрөшөрдө Жолой өзүнүн бурканына сыйынып, колдоо күтөт. Ошондой эле Коңурбай, Манас жана анын баатыр чоролору менен кандуу кагылышка чыгарда бутка же бурканга сыйынат. Бул фетиштик көз караш Манас баатырдын тегерегинде өткөн окуяларда активдүү

пайдаланылат. Эпостун “Семетей” бөлүмүндө фетиштик мындай буюмдар кеңири баяндалбаса да, “Каныкейдин жомогу” сыяктуу айрым бир эпизоддордо эскерилет. Ошондой эле Коңурбай Семетей менен беттешерде жеңишке жетишүү үчүн бурканына көмөк көрсөтүүнү сурап кайрылат.

Эпостогу баатыр Алмамбет Көкчөгө жолугуп аны таасири менен мусулман динин кабыл алган соң жаштыктын күчү менен атасына да ошол жаңылыгын кабарлап, алардын деле тез эле исламды кабыл алуусун көксөйт. Бирок бул алардын шартында мүмкүн эмес эле.Алмамбет атасына барып мусулман болууну айтат. Атасы баш тартат. Ошондо жини келген Алмамбет:

Сол кол менен бир чапчып,
Колодон соккон бурканын
Колунан тартып алгамын.
Жулуп алып кудайын,
Мундай сөздү салгамын:
“Колуң менен жасаган
Колоң кудай болобу,
Ушуга карап ишенип,
Жашаган адам оңобу?!
Макул ата,
Кудайың болсо болсун-деп,
Анык кудай бу болсо,
Мен эшиктен чыгарбай,
Астыңдан мени сорсун”, - деп,
Колумдагы бурканды
Казандай болгон кара таш
Алып уруп чапкамын,
Сол бутум менен тебелеп,
Жерге жанчып баскамын [143, 620-б.].

Сырткы жасалышы, кооздолушу, формасы жана сымбаты жагынан алып караганда калмак-кытайлардын бут жана бурканына окшош келген

фетиштик буюм, нерсе - тул кыргыздарда да кеңири колдонулганын эпостон жолуктурууга болот. Бирок, ага болгон ишеним мазмуну жана идеялык багыты бут менен буркандан кыйла айырмалуу. Тул байыркы кыргыздардын ишениминде туруктуу түрдө колдонулган жана кеңири тараган. Эри өлгөн аялдын эринин келбетине, кебетесине окшоштуруп, жасап, өлгөн күйөөсүнүн кийимин жаап, көшөгө тартып, бурчка отургузуп, анын чоң ашын бергиче сактоочу сөлөкөтү тул катарында эсептелип, анын арбагын сыйлоо, кастарлоо түшүнүгүн билдирген. Анткени, жан денеден бөлүнгөндөн соң ал өлбөй, улам өз үйүнө келип тууган-туушкандары анын арбагын канчалык сыйлап, урматтап жатканын байкап турат жана анын жарыкчылыкта калган адамдарга өзүнүн оң жана терс таасирин тийгизет деген ишенимге негизделген түшүнүктүн натыйжасы катарында чыккан [5, 223-224-б.б].

Жогорудагы мисалдардан байкалгандай, “Манас” эпосундагы көөнө диний ишенимдердин бири болуп эсептелген фетишизм чыгармадагы диний катмарлануунун тутумунда кездешүүчү туруктуу эпикалык мотив болуп, эпостун түптөлүшүндө жана өнүгүшүндө мааниге ээ.

Башка көөнө диний ишенимдердин ичинде фетишизм алгачкы жамааттык коомдун адамынын баштапкы диний элестөөлөрүнүн комплексинин калыптануу жараянындагы акыркы стадиясы катары келет. Фетиштин пайда болуусу магиялык күчтөрдүн убакыт жана мейкиндикте которулуу менен бирге эле реалдуу дүйнөнүн предметтеринде орун алгандыгын көрсөтөт [3, 38-б.].

Тарыхка көз чаптырчу болсок, эч бир доордо, эч бир коомдо адам ишенимсиз жашай албаганын байкайбыз. Ар бир пенденин турмушунда ишеним маанилүү роль ойноп, элдин динге болгон талабы доорлордо сакталып келүүдө. Коомдо материалист, атеист адамдар бар, бирок алар дагы өмүрүнүн кайсы бир кыйчалыш кырдаалында кудайды эске алаары маалым. Көөнө диндер, анын ичинде фетишизм адамдын жан дүйнөсүн тынчтандырууда, көңүл төтө кылар нерсени, фетишти негиз кылып алган ишеним катары биздин доорлорго чейин жетип келди.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз фольклорунда өзгөчө орунду ээлеген "Манастагы" көөнө диний ишенимдер, анын катарында фетишизм тууралуу маалыматтар эпостун сюжеттик катмарлануусунда сакталып калган. Эпостогу мифо-поэтикалык чыгармачылык адамдардын руханий турмушу жана диний элестөөлөрү менен тыгыз байланышта келет. Бул алгачкы жамааттык коомдогу адамдардын магиялык күчтөрдү буюмдарга, алсак тумарга ж.б. таандык кылуусу, анын колдоосуна ишенүүсү менен түшүндүрүлөт. Эпосто кыргыз элинен башка дагы көптөгөн этностор сыпатталат жана алардын маданияты, диний ишенимдери тууралуу маалыматтар берилет. Коңшу жашаган кытай, калмак сыяктуу элдердин бутка, бурканга сыйынуусу, алардын кереметтүү күчүнө ишенүүсү эпосто көркөм сүрөттөлөт. Доорлорду басып өтүп азыркы учурга көптөгөн катмарлануулар менен жетип келген элдик оозеки мурас катары "Манас" эпосундагы архаикалык ой жүгүртүүнүн фетишизм сыяктуу диний ишенимдик формасы анын сюжеттик тутумунда байыркы доорлордон бери жашаганын кыргыз элинин тарыхынын руханий жагдайдагы бир көрүнүшү катары кароого болот. Ошентип, фетишизм эпостогу көөнө эпикалык мотив катары келип, чыгарманын түптөлүшүндө, калыптанышында белгилүү орду бар, ошондой эле ал элдин аң-сезиминдеги байыркы ишенимдердин бири катары эпостун текстинде сакталып калган.

## 3.5. Теңирчиликтин кыргыз элинин руханий маданиятынын өнүгүү контекстиндеги орду

Байыркы доорлордогу көчмөн цивилизация элдерди бири-бири менен байланыштыруучу, алардын маданий, тилдик, соода-сатык, экономикалык, руханий, анын ичинде диний-конфессионалдык байланыштарын жүзөгө ашыруучу миссиясын аркалаган. Философия илиминдеги дүйнөдө кыймылда, аракетте болгон нерсе өнүгөт деген түшүнүктү эске алсак, көчмөн элдердин жашоо образы, дайыма жаңы чөйрөгө жылуу, аракетте болуу бир эле элдин өзүн жоодон сактоосу, малга жайыт которуусу эмес, анын башка этностордун маданияты, жашоо образы, ой жүгүртүүсү менен да тааныш болуусуна алып келгендиги анык. Маселени ушул жагдайдан алып караганда кыргыз элинин дүйнөкарашы, диний ишеним-ынанымдары тектеш түрк-монгол элдери менен бирдей шартта, бирок, өзүнө таандык өзгөчөлүктөрдө калыптангандыгын байкоого болот. Алсак, кыргыз элинде кудайлар пантеону, алардын татаал иерархиясы тууралуу элестөөлөр сакталбаган. Ал эми алтай, хакас, тыва, саха ж.б. элдердин мифологиясында, фольклорунда кудайлардын  татаал иерархиялык структурасы кездешет. Бул кыргыздардын Орто Азия чөлкөмүндөгү жашоосунда ислам дининин келип кириши менен мурунку көптөгөн көөнө диний түшүнүктөрдүн күңүрттөнүп, эстен чыгарыла берүүсүнө да байланыштуу болууга мүмкүн деген пикирдебиз.

Көк (асман) – мифологиялашкан космостун маанилүү бөлүгү. Көк жана жер жогору жана төмөндүн айкалышы, ал бардык нерсени “көрүп” турат жана дүйнөдөгү бардык нерсенин  “үйү”. Көк ошондой эле активдүү чыгармачылык күч. Ал кээде аялдык (Нут, Адити) башталыш, көбүнчө эркектик (Тянь, Ахурамазда, Тенгри, Нуми-Торум) башталыш катары келип, аба жандандыруучу рух катары эсептелет. Макро жана микро космостун кош жарыш жашоосунда көк универсумдун жаны катары элестетилип, абсолюттук руханийлик катары кабылданат. Көптөгөн космогониялык мифтерде көк хаостун бөлүнүшүндө келип чыккан делип, көк менен жердин ыйык никеси (салышт.) Гея жана Уран, Дъиаус жана Притхиви, Ан жана

Ураш, Дева жана Ниту ж.б. алардын баштапкы биримдигин берет жана ааламдагы жашоонун башталышы катары кызмат өтөйт [72, 666-б.]. Бул ойду уласак, “Манас” эпосундагы башкы каарман Манас  “асман менен жердин тирөөсүнөн, ай менен күндөн бүткөн” баатыр космологиялык сыпаттоолорго ылайык тирөөч кейипкер катары дүйнөлүк мифологияда Атлант деп эсептелсе, мында көк менен жерди тиреп турган тирөөч, устун катары, башкача айтканда, хаоско жол бербей дүйнөлүк тартипти сактаган жоокер катары көрүнөт.

Буга байланыштуу жогоруда белгиленгендей, көөнө доорлордон мифологиялык башат алган “Манас” эпосунда  диний-культтук түшүнүктөр өз ордун тапкан. Эпостун сюжеттик өзөгүндө, ички мотивдеринде, образдар системасындагы жана поэтикасында архаикалык катмарлануулар бар. Эпостогу диний ишенимдик катмарлануулар алардын курамында сакталып калгандыгы даана байкалат. Кыргыз элинин көөнө мифологиялык аң-сезиминде теңирге сыйынуу ишеними тотемизм, анимизм, фетишизм жана магия өңдүү элдик ынанымдар менен айкалышкан формада каралып жаткан “Манас” эпосунда эпикалык мотив катары кызмат өтөйт. Ошондой эле кийинки ислам дининин элементтерине аралашкан түрдөгү ритуалдар, жөрөлгөлөр жыш учурайт.

Ар бир адамдын, түрдүү коомдун жана жалпы адамзаттын руханий турмушунда дин, анын философиялык-мифологиялык көз карашы, үрп-адаттары жана ритуалдары, конфессионалдык салттары жана культтары чоң орунду ээлейт. “Дин” деген аталыш исламга чейинки Араб өлкөсүндө – бийлик, баш ийүү, салт дегенди билдирип, кийинчерээк ислам дини учурунда Аллага, анын чексиз бийлигине баш ийүү, өзүн кудайга арноо, диний шарттарды аткаруу, чын дилден ишенүү маанисинде колдонулган. Тактап айтканда, ишеним, өзүн кудайга багыштоо дегенди билдирип калган [4, 172-б.].

Адамзаттын эволюциясынын узак жараянында дүйнөлүк диндердин негизги постулаттары иштелип чыккан. Республикабыздагы азыркы учурдагы

геосаясий жана жалпы маданий кырдаал элдик оозеки чыгармачылыктагы конфессионалдык көз караштарды жана салттарды эркин жана объективдүү изилдөөгө мүмкүнчүлүк жаратты. XX кылымдын аягы жана XXI кылымдын башында дүйнөлүк жана республикалык коомдук турмушта жана илимий ишмердүүлүк чөйрөсүндө интеграциялык жана ааламдашуу жараяндары белгилүү боло баштады. Бул адамдын билиминин, илимий мектептердин изилдөөнүн методдорунун жана методологиясынын түрдүү тармактарынын биригүүгө умтулуусунан көрүндү. Аталган кырдаал түрк-моңгол элдеринде көптөгөн доорлордо жалпы диний ишеним катары келген Теңирге сыйынуу, теңирчилик дининин табиятына, аны илимий иликтөө маселесине кызыгууну жандантты.

Теңир – байыркы түрк-моңгол элдеринин эң жогорку кудайынын аты. Теңир алтай тилинде тенгри, тенгери; шор тилинде – тегри; хакас тилинде – тигер, тер; тува тилинде – дээр; чуваш тилинде тура; якут тилинде – тангара; моңгол тилинде – тэнгэр; бурят тилинде – тэнэри; калмак тилинде – тэнгэр түрүндө айтылат. Илимий чөйрөдө теңир дин катары б.з.ч. 3-кылымда Борбордук Азияда пайда болгон деп болжолдонот. Гунн тилинде ал “тенли” деп айтылып, “асман” деген маанини түшүндүргөн. Кийинки мезгилдерде изилдөөчүлөр анын тамырын байыркы “асманды” түшүндүргөн шумердик “дингир” менен байланышта карашууда. Аны кытайлык “тянь” – “асман” менен жарыш келтиришкен окумуштуулар да бар. Бул дин тууралуу кеп кылганда анимисттик ишенимге негизделген “асман ээси” жөнүндөгү ойду түшүнөбүз. Асман анын жашоочу жайы гана эмес, анын өзүн да түшүндүрөт. Түштүк Сибирь, Борбордук Азияда жашаган кээ бир элдердин түшүнүгү боюнча 99 теңир бар, алардын башкы ээси болуп Көк Теңир саналат. Байыркы түрк жазмаларында да да Көк Теңир адамдардын, элдердин жана мамлекеттердин тагдырын бийлеген кудай. Көкөтөйдүн ашында Жолой күрөшкө чыкканда, аны көргөн элдин баары Көк Теңирге табынышат:

Калмак, кытай, тарса, жөөт
Карап турган канча көп,

Өз дининче окунуп,
Күн чыгышка бет алып,
КөкөТеңир колдо деп,
Батасын кылды чокунуп [139, 186-б.].

Жогоруда белгиленгендей, теңирчилик акыркы он жылдыктарда постсоветтик мейкиндикте системалуу илимий изилдөөнүн предметине айланды. Анын катарында Кыргызстанда маданий феномен, диний идея, ачык дүйнө караш катары атайын изилдене элек. Ошол себептүү кыргыз элинин маданиятынын көркөм чагылышы катары "Манас" эпосунда теңирчиликтин дүйнө караш жагдайларын аныктоо зарылчылыгы бар. Эпосто теңирге сыйынуу, ага тилектерин багыштоо, табынуу кеңири кездешет. Каармандар жай турмуштук жана согуштук кыйын кырдаалдарда Көк Теңирге кайрылып, андан жардам сурайт. Ал эми Теңирди унутуп, туура эмес иш аракет жасаган каармандар тууралуу "Теңирин тааныбай калыптыр" деген айтым колдонулат. Ийгиликке жетишкен баатыр же эл башкаруучу тууралуу "Теңири колдоду" деген айтым колдонулат. Бул байыркы таш эстеликтери Күлтегинге жана Барсбек каганга арналган тексттердеги Теңирдин колдоосу тууралуу айтымдарга дал келет. Эпостогу согуштук эпизоддордо анын бири катары төмөндөгү мисалда баатырлардын урушка аттанаар алдындагы сыйынып камынганы да ушундайча берилет:

Алачык үйдөй чоюн баш,
Алды күүлөп колуна.
Алтын курбу калканды,
Тартып алды жонуна.
Көпкөк темир кийинип,
Көкө Теңир колдо деп,
Азыркысын жар бол деп [139, 82-б.].

Бул Сагымбай Орозбаковдун айтуусундагы эпостун вариантында Манастын Орго хан менен болгон согушу окуясында Орго хан Манаска каршы согушка аттанып жаткандагы учурун баяндаган эпизоддо айтылат.

“Манас” эпосундагы “Көкөтөйдүн ашындагы”, “Жолой менен Кошойдун күрөшү” окуясында эки тарап тең табынып, ар кими балбанын колдоону Көк Теңирден өтүнөт. Ал эми башка бир жеринде кырк жигит жөнүндө минтип айтылат: “Кийген тону көк темир, сыйынганы бир теңир”- деп эпостун С.Орозбаковдун айтуусундагы вариантында берилген. Зороастризм динин тутунгандар сыяктуу эле Теңирге сыйынгандар да өздөрүнүн башкы кудайын Чыгыштан нурларын чачыратып чыгып келаткан күн кейпинде элестетишип *(2-тиркеме, 12-сүрөт),* чыгып келаткан күнгө, алоолоп күйгөн отко табынышкан. Кийинки изилдөөчүлөрдө “теңиризм” – зороастризмдин чыгыш бутагы болгон болсо керек деген ойлор да бар. Кыргыз элинде “теңир” колдонулат. Борбордук Азиядагы “Теңир-Тоо”, “Кан-Теңир” деген тоо, чокулардын аттары да түрк элдери ушул динди тутунуп турган замандарда коюлган.

Эпостогу Көк Теңирдин культу, Байтерек, от, очок, үңкүр, булак культтарынын келип чыгышына шарт түзгөн. Кыргыз эпосторунда тектеш монгол, бурят, алтай ж.б. элдердин таасири менен курчап турган табигый чөйрө, дүйнө, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнө байланыштуу көптөгөн шамандык элементтер, буддизмдин катмарлануулары байкалат. Сөз культу, магия сыяктуу уруулук коомдун өнүгүшүнүн баштапкы учуруна тиешелүү ишнимдер дагы байыркы башаттарга ээ.

Түбөлүктүү Көк Теңир жогорку күч жана түзүүчү башат катары ой жүгүртүүгө кирип, адамдардын иш-аракеттерин жөнгө салып турат, бирок, ал түз мамиледе биз үчүн жабык, кол жеткис. Алар менен байланышка чыгуу үчүн биз ата-бабалардын арбактарына, шаман-бакшыларга кайрылуубуз керек. Кыргыздардын шаманисттик ишенимдеринде жалпы жана жекече, т.а. жалпы элдик (Көкө-Теңир), уруулук (жер ээси, булак ээси, уруулук энеси ж.б.) региондук өзгөчөлүктөр сакталган. Ошондой эле жалпы элдик культтар – арбактын, аттын, энелик, ак сүттүк, суунун ж.б. культтары жашап келет.
Абстракттуу түшүнүктөрдөн сөздүн культу, сакралдык сандардын культу бар (үч, жети, тогуз, кырк). Кыргыздардын исламды шарттуу кабыл алганы жана

өз турмушунда теңирчилик сыяктуу көөнө диндерди аны менен параллель, синкреттешкен формада алып жүргөндүгү тууралуу этнограф. С.М.Абрамзон өз эмгегинде бир нече жолу белгилеп кеткен [4,76-б.].

Байыркы шумерлер теңир түшүнүгүн дингир, кытайлар тянь, монголдор тенгри, буряттар тэнгэри, тэнгри, алтайлыктар тенгри, тенгери, хакастар тигір, тер, тувалыктар дээр деп айтышкан, булар жалпысынан көк (асман) деген түшүнүктү берет,булкийин асман кудайы маанисине абстракциялашканы байкалат. Теңир термини Борбордук Азия элдеринин эн байыркы мифологиялык фондуна таандык болуп, биздин эрага чейинки үчүнчү кылымда жана ага чейинки доорлордо хунну тилинде да кезигүү мүмкүндүгү белгиленет [75, 50-б.].

Теңир тууралуу элестөөлөр асман кожоюну, ээси тууралуу анимисттик ишенимдердге негизделип, көк анын өзү жана ал турган орун катары кабылданган. Ал адамдардын, уруунун, элдин тагдырын чечүүчү кудай катары түрк элдеринин фольклоруна мифтен башат алып кирген.

Теңирчиликти изилдеген Ч.Өмүралиевдин пикири боюнча: “Теңирчилик бул примитив дин эмес экен, көктү карап Күнгө, Айга табынуу же жер-суу таюу эле эмес экен, жан жаратылышка ызаат менен чектелбейт экен. Ал - тээ алмустактан үзүлбөй уланып келген, узак өнүгүү жолунда иштелип болгон керемет философиялык система. Булуттуу Көктүн жолу, муундуу чөптүн жолу эле эмес, Күлтегин баба айтмакчы экөөнүн ортосунан жаралган, учту түпкө жалгаган Киши уулунун да жолу-жосуну тууралуу акылман билги нуска экен. Адам турмушун, жүрүм-турумун, адеп-ахлагынын бардык тарабын жөнгө салган, аны улуу Теңирдин ыкыбал-ритмине жууруп салган, ажайып гармония жарлаган, конкрет маңызга канык турмуштук керемет окуу” [85, 9-б.].

Кыргыз эли жана башка коңшу жашаган элдердин бири-бирине тийгизген маданий, социалдык, диний-конфессионалдык ж.б. жактардан өз ара таасирлери элдик эпостордо чагылдырылып калган. Доорлор өтүп, улам жаңы кирген диндер мурункусун сүрүп чыгып, бирок, алдынкы диндин

элементтери кийинки диндин канондоруна аралаш жашап, элдин эсинде сакталып жүрө бергендиги элдик салт-санаалардан, оозеки чыгармачылыгынан даана байкалат.Буга окумуштуу Л.Н. Гумилевдун эмгегиндеги кыргыз элинин тарыхына байланыштуу бир мисал аркылуу деле саресеп салып коюуга болот: “Манихейчиликтин коом талабына дал келүүсү уйгурлардын коңшулар менен чырдашуусуна алып келген. Орто Азиядагы мусулмандар, Тибеттеги буддисттер, Кытайдагы конфуциандар, Кыргыз хандыгындагы шамандар – бардыгы жаңы окууну жапайы чектен чыгуучулук катары кабыл алышкан” [29, 381-б.].

Ар бир адамдын, коомдун, дегеле адамзаттын руханий турмушунда диндин, анын философиялык-мифологиялык жагдайларынын, үрп-адаттарынын, конфессионалдык салттарынын чоң орду бар. Адамзаттын узак эволюциясында дүйнөлүк диндердин негизги постулаттары иштелип чыккан. Элдик поэзиядагы бул багыттагы мотивдерди илимий изилдөөдө карап чыгуу өзгөчө кызыгууну туудурат. Элдик оозеки чыгармачылык маданий, адабий-эстетикалык, диний-конфессионалдык бирдиктүү контекстте өнүгөөрү айгине. Сөз өнөрүндө диний-культтук түшүнүктөр, элестөөлөр нукура эстетикалык ордун тапкандыгы айрыкча мааниге ээ. Фольклор өзгөчө, көркөм образда адам турмушун чагылдыруу менен коом турмушундагы өзгөрүүлөргө сезгич мамиле жасайт.

Дин, жаратканга ишеним – абстракттуу ой жүгүртүүнүн өнүгүүсүндө маанилүү таяныч болуп, адамзаттык аң-сезимдин өзгөчө өнүгүү формаларына жатары белгилүү. Байыркы кыргыздар төрт табигый кубулушка сыйынышкан: Көк Теңирге, Жерге, Отко жана Сууга. Көк түрктөр жана кыргыздар Күндү – Теңир деп аташкан. Асман атабыз, жер энебиз деп ошол күндөн бери айтылып келет.

Жыйынтыктап айтканда, элдик оозеки чыгармачылыкта, анын ичинде кыргыз эпосторунда диний культтарга, образдарга, сюжеттерге, мотивдерге кайрылуу дүйнө таануунун ыймандык-эстетикалык кеңири контекстте жакшылык, жамандык, өмүр, өлүм сыяктуу түбөлүктүү маселелерди андап

түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Эпостордун философиялык-диний проблематиканы чагылдыруудагы өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүнө карабастан алардагы диний-ыймандык мыйзамдар менен шартталган язычество, теңирчилик, шаманизм диндеринин өз ара бирине-бири жалгашкан улантуучулугу байкалат. Ошол доордун атмосферасына кирүү үчүн элдин дүйнөгө көз карашынын руханий турмушунун терең маңызын ачуу керек. Бул элдик эпостордун этностук турмушундагы гана эмес дүйнөлүк маданияттагы маанисин аңдоого мүмкүнчүлүк берет. Мындай терең жана кеңири кабылдоого жетишүү адамзаттын байыркы башаттарына, алгачкы коомго жана мифологиялык көз карашына кайрылуу менен гана жүзөгө ашмакчы. Ошондуктан диний-мифологиялык ой-жүгүртүү, сакралдуулук сыяктуу түшүнүктөр эпостун сюжетин коштоп жүрөт. “Манас” эпосунда дүйнөнүн моделинин диний-мифологиялык концепциясы биздин жер шартыбызга ылайык тоо, боз үй, арча жер үстүндөгү жана жер астындагы дүйнө, Көкө Теңир ж.б. камтыйт. Фольклордук-мифологиялык жана этнографиялык материалдар бизге адамзат тарабынан өткөн доорлордо иштелип чыккан руханий маданиятынын топтомун жеткирди. Фольклор, анын ичинде эпостор эл, этнос, алардын байыркы диний ишенимдери тууралуу көп жактуу маалыматты сактаган форма болуп саналат. Ушуга байланыштуу “Манас” эпосунун идея, мазмун, сюжет, образдарынын улам жаңы жактары ачыла бермекчи.

### 3.6. Эпостогу теңирчилик ишениминин мотивдери

“Манас” эпосунун поэтикасы эзелки көчмөн маданияттын эң түпкүрүнөн өнүп-өсүп чыккан жана көптөгөн тарыхый маданий катмарлардан турат, ал катмарланууда мифологиядан баштап тарыхый окуяларга чейин өз ордун тапкан. Мифологиялык башаттарына карабастан эпос тарых илимин толуктап турганы таңдандырбай койбойт. Мындай мифтик-эпикалык жана тарыхый маданият эстеликтеринин бири–бирин толуктап туруусу түрк-монгол эпосторунун өзгөчө бир сапаттарынан болуп эсептелет.

Өрчүү жана калыптануу жолу боюнча “Манас” эпосу абдан байыркы жана көп катмардуу болуп эсептелерин жогоруда белгиледик. Эпостун мындай өрчүп-өнүгүү жолун баштан-аяк карап көрсөк, төмөнкүдөй катмарланууну байкоого болот: байыркы катмар – архаикалык, мифологиялык катмар, мында ажыдаарлар, жалгыз көздүү дөө, мифологиялык жаныбарлар – аркар, түлкү, өрдөктөр, адамча сүйлөй билген канатчан аттар, сыйкырдуу көрүнүштөр, дарымдоолор, жайчылык өнөр ж.б., ортоңку тарыхый катмарда көп тарыхый идеялар күчтүү эпикалык образдарга айланып, эпикалык жанрдын мыйзамына баш ийдирилген, ал эми соңку тарыхый катмарда ислам дининин таасири мүнөздүү, мифологиялык образдар менен катар эле кээде ислам дининин мотивдери да учурайт. Ошону менен бирге мусулман динине дал келбеген элементтер деле алар менен катар аралаш кездешет.

Эпостун эң байыркы мифологиялык катмары кыргыз элинин көөнө тарыхын – элдин калыптануу этабын чагылдырылат. Эпостун байыркы катмарын баяндаган тили тумандуу, түшүнүксүз метафораларга жана символдорго бай. Ошол түшүнүксүздүгүнө жана табышмактуулугуна карабастан ал өзүнө тартып турары сезилет. Эпостун бул катмарында байыркы мифологиялык түшүнүктөр камтылган. Ааламдын үч бөлүктөн турган модели, байыркы адамдардын космогониялык түшүнүктөрү, бир сөз

менен айтканда, рухий маданияттын эң табышмактуу, аз изилденген тармагы. Ушул катмар эпостун башатында турат. Мында изилдөөчү Ч.Өмүралиевдин: “Көчмөн цивилизациянын табияты өзү руханий үчүн анын баары тең үзүлбөй, сүзүлбөй рухта бир чулу уюп калган... “Манас”– ошол цивилизациянын Алтын Кору”, - деген ою орундуу [86, 17-б.].

Теңир сөзүнүн этимологиясынан сөз кылаардан мурун, теңирчиликтин тарыхына токтолууну да туура көрдүк. Негизинен түрк тектүү элдердин сыйынган диндерин карап көрө турган болсок, теңирчиликтин изин кездештирүүгө болот. Теңир байыркы түрк элдеринин кудайынын аты болуп эсептелет. Теңир сөзүнүн түпкү мааниси улуу нерсени билдирип, адамдардын көзүнө эмне улуу көрүнсө ошол нерсени “Теңир” деп аташкан. Мисалга алып карай турган болсок, Ай, Күн, Жер, Суу, Асман адамдын көзүнө улуу көрүнгөн, “О, Көчмөн дух... Көчмөн дух... Сенин ордуң кайда? Же ырас эле жашоо мүнөздүн өтүшү менен күмүш бооңду тыткансыңбы? Күн теңирге учкансыңбы? Алтын бооңду үзгөнсүңбү? Ай теңирге сызгансыңбы?” [86, 19-б.]. Бул жерде да жогоруда айтып өткөнүбүздөй эле адамдардын көзүнө ай менен күн дайыма чоң улуу символ катары көрүнгөн. Ошондуктан Ай теңири, Күн теңири деп сыйынышкан. Кыскача айтканда, Теңир деген сөз улуу кудай дегенди туюндурган.

Ал эми эпостун башка бир жеринде кырк жигит жөнүндө мындайча айтылат: “Кийген тону көк темир, сыйынганы бир теңир”. Зороастризм динин тутунгандар сыяктуу эле Теңирге сыйынгандар да өздөрүнүн башкы кудайын чыгыштан нурларын чачыратып чыгып келе жаткан күн кейипинде элестетишип, чыгып келе жаткан, алоолоп күйгөн отко табынышкан. Кийинки изилдөөчүлөрдө теңиризм зороастризмдин чыгыш бутагы болгон болсо керек деген ойлор да бар [67, 277-б.].

Теңир - бул универсалдуу кубулуш. Ал натурфилософиялык субстанция катары - кудай, социалдык күч, тартиптин башаты, жамандык менен жакшылыктын булагы. Мында сыйынууга караганда чыныгы дүйнөгө болгон реалдуу көз караш басымдуулук кылат. Эгерде христиан кудайын,

табияттан сырткары турган адамзаттык инсан катары кабылдашса, ал эми Теңир бул объективдүү түрдөгү табият, жаратылыш катары кабылдаган. Ал эми ички маңыз, жан, чыныгы дүйнөнүн сыры. Динге ишенгендердин Теңирдин маңызын ушундайча түшүнүшкөндүктөрүндө позитивдүү билимдердин белгилүү бир элементтери камтылган. Мына ушул жагдай Ч.Валихановдун: "Шаманчылык табиятка толук жана жарым жартылай сыйынуу. Адам табияттын таасиринде жашайт жана аракет кылат. Ушул жагынан алып караганда шаманчылык алгачкы материализм болуп эсептелет", – деп белгилегенине негиз болгон сыяктуу [25, 29-б.].

Көрүнүп тургандай, табияттын сыйкырдуу күчүнө болгон ишеним бардык эле түрк тилдүү элдердин, анын ичиндеги кыргыздардын эчен кылымдарды башынан кечирген дүйнө туюмдарынын жана дүйнө кабылдоолорунун өз алдынча методологиясы жана моралдык сооротуучусу болгон. Колдо бар материалдар күбөлөп тургандай, Теңир, көпчүлүк түрк элдериндегидей эле кыргыздарда, болмуштун трансценденттик дүйнөсү, бир эле учурда рух, дене жана алардын биримдиги [79, 31-б.].

Теңир түшүнүгү философ Чоюн Өмүралиевдин убагында, адабиятчылардын, философтордун арасында көп кызыгууларды, талаш-тартыштарды жараткан. Ал эмес, улуттук идеологиянын негизгин түзүүчү чыгарма катары баа берилген, элибизге белгилүү "Теңирчилик" илимий популярдуу чыгармасындагы адам, коом Теңир ата, Жер эне, ортосунда адамзат уулу мындайча айтканда, Теңирчиликтин дүйнө таанымы жөнүндө сөз кылган. Ал биринчилерден болуп адам жана коом, адам укугу түшүнүктөрүнө, анын баалуулуктарына бизге кандайдыр бир деңгээлде "англосаксондук" цивилизацияладан таңууланган нормаларда, батыштык ориентацияда эмес, таза улуттук уңгудан, чыгыштык философиянын өңүтүнөн баа берилген.

Теңирге сыйынууга байланыштуу эпикалык мотивинде кыргыз элиин көөнө ишеними катары "Жараткандан" соң, Теңирге сыйынуучулук аябай күчтүү болгон. Теңир адамдарда эле эмес, ааламдагы күн, ай сыяктуулар да,

ал тургай аяз, от, айбанаттардын да теңирлери болот деген түшүнүк болгон. Кыргыздардын мифтик түшүнүгүндө "Теңир" асманда (көктө) болот делинип, теңирден тилек тилегенде, теңирге жалбарганда көккө карап сүйлөгөн. "Теңир" көктөн ырыскы, бакыт, таалай, тагдыр берет, адамзаттын айткан сөзүн, тилегин угат деп түшүнүлгөн. Күнөө, кылмыш өткөрсө теңир башка салат, каарына алат деп коркуп, аруу жүрүү теңирдин колдоосуна ээ болот деп каралган. "Теңир жалгасын, теңир урсун, теңир тепсесин, момундун ишин теңирим оңдойт", - деген касиеттүү сөздөр айтылат.

Теңирге сыйынуу кыргыздарда эзелтен эле пайда болгон. Теңир жөнүндөгү мифтик түшүнүктөн улам кыргыз мифтик баяндарында көптөгөн баёо элестөөлөрү жаралган. Алсак, Көк Теңири жана анын пери кыздары баатырларга жолуккандыгы, от теңири сыяктуулардын мифтик баяндары айтылат.

Кыргыз эпосу "Манаста" аң-сезимдин бир формасы катары диний ишенимдердин камтылышы табигый көрүнүш. Эпостун сюжетине кайрылсак, Манас баатырдын Текес ханды жеңген соң, анын иниси Тейишти ал элге хан шайлап, буга байланыштуу той берилет. Ошондо Манас менен кыз Сайкал эр сайышка чыгышат, кыз бала деп этияттаган Манасты Сайкал сайып түшүрүп коё жаздайт. Ачуусу келген баатыр чындап киришип, катуу сокку жеген Сайкал аттан түшө качып кайра сайышка чыкпай коёт. Анын кайра чыгуусун талап кылган Манас ага кайрылуусунда Теңирди эске алат:

Же жыгылсын, же жыксын,
Сааалыкпай Сайкал бат чыксын.
Тейиш кан менен Айдаркан,
Жыгылбай байге берем деп
Теңир урган кандай жан [138, 63].

Мындан көрүнүп тургандай, "теңир уруу" деген сөз айкашы терс сапаттагы, туура эмес аракет жасаган адамга карата айтылып, аталган сөз айкашында туруктуу кездешет. Түпкү маанисинде бул айтым теңирчилик

ишенимине негизделип, натуура иш жасаган кишинин Теңир тарабынан жазаланышы тууралуу көөнө түшүнүккө барып такалат.

Эпостогу сюжетке кайрылсак, Теңирдин колдоосу, тилектерди берүүсү тууралуу мисалдар арбын. Алсак, алардын бир катары Алмамбеттин уулдуу болуусу жөнүндөгү окуяда Шууту Таласка барып кабар алып келгенден кийин Алмамбеттин жанына келип алганың Арууке эркек төрөгөнү турат дейт. Аны уккан Алмамбет сүйүнгөнүнөн:

Коросонго кой айтып,
Баабединге бат айтып:
“Өлгөн менен арман жок,
Менде кенедей арман калган жок!
Айлансам болот Теңирге,
Мындай кабар тийген соң,
Томсоруп кантип калайын,
Жылкыдан тулпар Сарала
Ай туякка чалайын
Көңүлдөгү дартымды
Минтип ачып алайын!” – дейт [143, 791-б.].

Дин изилдөөчү, этнограф Э.Тайлордун пикири боюнча бүткүл мифологиянын негизинде примитивдүү анимисттик дүйнөкараш жатат, андан бүткүл дин өзүнүн мазмунун алган [108, 20-б.]. Ал эми этнограф-эволюционист Н. Харузин мифологиядан элдин диний ишенимдери үчүн башкы булакты көргөн, анткени мифологиялык материал культта колдонулат. Анын пикири боюнча алгачкы адамдын дүйнөкарашы катары мифологиясыз динди да түшүндүрүүгө мүмкүн эмес. Америкалык этнограф Д. Бринтонда мифология менен диндин тыгыз байланышын белгилеген [94, 39-б.]. Мындан байкалып тургандай, кандай болгон күндө да мифология диндин тарыхында маанилүү роль ойноп, диний ишенимдердин мазмуну үчүн материал бергени менен ал диндин эң маанилүү элементин түзбөйт, байыркы диндердин негизин ишенимдер, же догматтар эмес, бардык жамаат

мүчөлөрү катышуусу шарт болгон салттуу жөрөлгөлөр жана ритуалдар түзгөн.

Эми диний түшүнүктөргө өзүнчө токтоло турган болсок, дин – адамзат аң-сезиминин өнүгүшүндөгү өзгөчө форма, анын тарыхында көптөгөн баскычтар кездешет. Кыргыз эпосунан буга мисал катары ак түскө, ата-бабанын арбагына, жер-суу ээлерине, төрт түлүк малдын ж.б. пирлерине, колдоочуларына сыйынуу ж.б. кирет. Мында диний ишенимдердин ар түрдүү психологиялык таанып-билүүчүлүк табиятына ылайык компоненттерин белгилеп кетүүгө болот, алар диний ишенимдердин маалымат берүүчү, психологиялык жагдайлары катары кездешүүчү мифопоэтикалык мазмунга ээ болуусу, абстракттуу-логикалык мааниси жана интуитивдик-мистикалык мазмуну. Ошону менен бирге эле кайсы доор болбосун диний мазмун тигил же бул өлчөмдө коомдук аң-сезимдин башка бардык формаларына кирип кеткен, алар кадимки күндөлүк аң-сезим, искусство, этика, укук, философиянын элементтери болуп саналат.

Көрүнүп тургандай, чыныгы тумушта диний түшүнүктөрдүн психологиялык жашоо формалары ар түрдүү жана көп санда. Мындай табигый психологиялык ар түрдүүлүк диний мазмундун аң-сезимге кирип кетүүчү өзгөчө күчүн шарттайт [33, 129-б.].

Теология ( грек. кудай, сөз, окуу) – кудай таануу, кудай тууралуу, анын жашоодогу маани-маңызы, аракеттери, сапаты, белгилери тууралуу диний теориялык билимдердин системасы экендиги белгилүү. Айрым элдерде, маселен кыргыз элинин ата-бабаларында байыркы язычество, шаманизмде чагылган мифтик окуялар көрсөтмөлүү, эмоционалдуу, көркөм болуп, жөнөкөй адамдардын жан-дүйнөсүнө жеңил кабылданган. Ар бир диндин аң-сезимдик түзүмүндө кайсы бир деңгээлде мистикалык компонент жашайт. Биз сөз кылып жаткан кыргыз эпосторундагы диний түшүнүктөр изилдөө объектиси катары алынып отургандыктан, ата-бабаларыбыз тутунган байыркы диндер жана алардын элдик эпостордо көркөм-поэтикалык чагылышына көңүл бөлсөк.

Түрк-монгол элдеринин цивилизацияга багыт алышы түрдүү тарыхый формадагы мамлекеттик түзүмдөрдүн калыптанышына, натуралдык чарба системаларынын түзүлүшүнө, руникалык жазуулардын келип чыгышына эле эмес, салттуу диний-мифологиялык дүйнөкараштын чөйрөсүндө да маанилүү өзгөрүүлөр болгон. Буга биринчилерден болуп система түзүүчү элемент катары улуттук монотеизмге умтулган теңирчилик динин келтирүүгө болот. Эпостон дагы бир мисалга токтолсок:

Тең атанын уулубуз,
Теңиринин кулубуз.
Таягын жеп, тил угуп,
Тарап кетип тим болсок,
Теги болбойт мунубуз [140,10-б.].

Мында Көкөтөйдүн ашынан кийин ал ашта Манаска таарынып калган Үрбүнүн жети кандын чатагын уюштуруп жаткандагы сөзүндө бардык пенделер Теңирдин кулу экендиги, ал тарабынан жаратылгандыгы тууралуу түшүнүк келтирилет. Чоң казатка Бээжинге баруу маселеси ушул окуяга байланыштуу келип чыгат. Дегинкиси теңирчилик – көчмөндөрдүн эзелки доорлордон тутунган ишеними, алардын эркин духун курчуткан таянар руханий колдоочу күчү десек болот.Бул тирүүлүктө ар адамдын башына сөзсүз оор суроолор келип: “Мен неге туулдум? Киммин? Жашоодогу максатым эмне? Түйшүк, кайгыдан кантип кутулам? – деп ойлонот. Андай суроолорго жер каймактагандан бери жооп табыш үчүн эс акылы бар, алдастабаган ар адам кудайга, же ыйыктарга, же табиятка кайрылып, сыйынып келген.

Илгерки бабаларыбыз көчмөндүк жашоо-тумушунан, табиятка коюндаша жашаганынан, дегеле сергектигинен Теңирдин кудуретин башка элдерден эрте тааныган жана ага тайынууга бабалар күнгө сыйынуудан (зороастризмден) кийин өткөн деген божомол бар.

Кыргыздар алмуздактан (неолит доорунан) берки мифтик чыгармачылыгында, дүйнө таанымында ааламдагы жашоо-тиричилик үч

катмардан: үстү – Көк асмандан, ортосу – Жер үстүнөн жана төмөнкүсү – төшү түктүү кара жердин астынан турат деп ишенишкен. Ыйыктардын эң ыйыгы, Теңирлердин улугу Көкө Теңирдин буйругу менен кыбыр эткен жан-жаныбарга, желге ыргалган чөптөн чынар терекке, тамчы суудан дайрага дейре өсүп-өнүп тиричилигин улантат дешкен. Теңир Көктө, ал жактан жерди коргойт, атпай журтка бейпилдик жиберет, жоо-жоболондон колдойт; ханга адилет бийлик, акылмандык берет, ар пенденин бешенесине жакшылык ыйгарат; оорудан, жинден, өлүмдөн сактайт; адамдын өмүрүн узартат, күч-кубат берет, жолун ачат; кымындай күнөөңдү, а түгүл жиниң келгенин билип турат, дили жаманга жаза берет, жолун торойт деп ырым санашкан. Илгеркилерден буюрган насибин ооз тийгенде да, жолго чыкканда да, тойдо отурганда да, жоого аттанганда да, деле башка нечен жакшылык менен жамандык, кыйынчылык менен шаттык башынан өткөндө ири алды Теңир Ата ыйыкка сыйынган [40, 87-б.].

Теңирчиликтин өткөн жолуна сереп салсак, анын өнүгүп өсүш жолу жөнүндө төмөнкүдөй таржымал чийилет: эң алгачкы аңыз, көз боечулук, сыйкырчылык, ырым-жырым жол-жоболорунун жаралышынан, бакшылык үгүтүнөн, андан соң өркөнүбүз өсүп, акылыбыз жетилген сайын адамдын денеси менен жанынын бөлүнүшү жөнүндө түшүнүк (анимизм) кеңейип, жалган дүйнө, чын дүйнө ажырымы ачылып отуруп, акыры жогору күчтү, адам өзүнүн акыл оюн, кудуретин, мүмкүнчүлүгүн таанууга жол ачылган. Соңунда уруулардын башы кошулуп, социалдык түшүнүк кеңейип, эски жомок бүтүп, уруулук коомдон улуттун мамлекеттик коомго үткүн кезде, көп кудайдан (политеизмден) бир кудайды таануу (монотеизм) жолу ачылган.

Ал эми бабалардын дүйнө таанымынын баскан жолу бир, же көп кудайга ишенген, табияттан башка да сырдуу күч бардыгына ынанган, адамдын жалпы көз караштарынан, байыртан берки түпкүлүктүү диний аңдоосунан, адат-салттарынан, ыйык ишенимден жаралган жана өсүп өнүккөн. Акыры теңирчилик дини табияттагы жана коомдогу көрүнүштөрүн, чындыктын мыйзам турумун түз жолго салып келген.

Кыргыздардын б.з.ч. II кылымда эле Теңир динине сыйынганын байыркы кытай жазуулары тастыктайт. Буга чейин эле кыргыздардын түпкүлүктүү эле болуп, калыптанган дини бардыгы чындык. Анткени, ошол доордо кыргыздардын Алтайда Көкө Теңирге сыйынган ибадатканалары болгонун дагы эле кытай жазмалары далилдеп жатат.

Кытай тарыхчыларынын айтуусунда кыргыздар менен кошуна алакалаш, ирегелеш жашаган огуздар, хундар да, сактар, динлиндер, үйсүндөр да (усундар), дөөлөстөр да ж.б көчмөндөр Теңирге сыйынышкан экен. Байыркы бабаларыбыздын Көкө Теңирге сыйынганын бизге жеткен аңыздар аркылуу баяндап, элестетип көрөлү. Адегенде алар ыйык тоого чыгып, от жагып аластап, дасторконго айран, ак быштак, курут жайган. Кээ бир кезде кыргыз ханы да өзү тайынуунун башында туруп, жол-жобосун, жосунун жасаган.

Алкыштоону каган ак шырдакка ак чачып, көктү карап, колун жайып тилек кылган:

“О, Көкө Теңир!
Тогуз жалбырактуу ыйык кайык сайдык, Теңир!
Тогуз козу биз сойдук, Теңир!
Жакшылыкты жерге, элге жалга, Теңир!
Жамандыкты жерден, элден качыр, Теңир!
Жашообузду оңдо, Теңир!» - дешип, калган-каткан даам-ырыскыны улуу отко ташташкан. «Сыйынсаң сый аласың, сыйынбасаң бир балээге кабыласың”, - деген нарктуу сөз эл ичинде байыртан айтылат. Кыргыздардын Теңирге сыйынганы “Манас” эпосунда да айтылат эмеспи “Кийингени көк темир, сыйынганы бир Теңир”. Кыргыздар бала-бакырасына, келиндерине: “Теңирим жалгасын”, - деп жакшылыкка алкаган. Улуу “Манас” эпосунда баатырлар антташканда же каргыш айтканда: “Төбөсү ачык көк урсун, төшү түктүү жер урсун”, - деп айтышкан. Башка бирөөлөргө нааразы болгондо “кудай теңирин таанывай калды”, “теңирге койдум”

дешкен, же бейпилчиликте акыл-насаат айтканда “теңир сактасын”, “теңирге тетири иш кылба”, “теңирим берет” дешкен [40, 98-б.].

“Манас” эпосунда Манас менен Бакай табышкандан кийин Ажыбай келип аларга кошулуп, Манас менен антташып турган жеринен мисал алсак:

Капырга казат баштасак,
Бирибизди бирибиз
Караан болбой таштасак-
Кудайлашкан ант урсун,
Курга түйгөн кат урсун,
Аккелтенин огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун!
Акылдан кайта тартканды,
Убададдан кайтканды
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун! [143, 389-б.].

Ушул сыяктуу эле Манастын хан көтөрүлүшү тууралуу окуяда баатырдын жетекчилигинде болуп, биригүүгө багыт алган кандар ант берүүсүндө да ушул аталган айтым ойду берүүдөгү өзөк сөз катары колдонулат:

Төрө Манас көк жалдын
Төп айткан тилин албасак,
Төшү түктүү жер урсун.
Төбөсү ачык көк урсун!
Ак келтенин огу урсун
Ак милтенин чогу урсун!”-
Деп, ошондо бусурман
Катар турду буркурап,
Каргыш кылды чуркурап.
Тил албай койгон баатырга
Тим эле өлүп кетсин,- деп,

Ак буудай унун чайнашты,
Ак куранды кармашты.
“Көндүк, көндүк, көндүк!-деп,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эр Манаска бердик”, - деп,
Бычакты колго алышып,
Чыбыкты кыйып салышып
Ак боз бээни жарышып,
Ар кайсы кандар баарысы
Карысынан колдорун
Канга колун малышып,
Кеп ушундай болду, - деп,
Кеп ордуна конду, -деп,
Абасы Кошой карысы,
Канааттанды ошондо
Бусурмандын баарысы [143, 444-б.].

Мындай баатырлардын антташуусу эпосто кеңири кездешет десек болот.

Байыркы кыргыздар адамдын жаны, руху үзүлбөйт дешкен. Ошондуктан көзү өткөн бабалардын кудуреттүү арбактары урпактарын оору, кырсыктан, балээден сактайт деп караган. Теңирге табынган ар бир кыргыз баласы ата бабалардын арбагы улуу, ыйык касиет деп сыйлап, аларды ыраазы кылыш үчүн кабыр үстүнө мазар куруу, эстелик орнотуу парз экенин билген. Ата-энени, бабаларды көзү тирүүсүндө жана көзү өткөндө арбагын сыйлабаган урпактардын бактысы ачылбайт деп ынанышкан. Ата-бабанын арбагын сыйлоо жөнүндө нечен макал-лакап, осуят сөздөр, уламыштар, жомоктор, ырлар, дастандар, эпостор жана улуу “Манас” эпосунда да айтылат. Ата-бабанын арбагына арнап кыргыздар миң түркүн ырым-жырымдарды, сыйынууларды, табынууларды өткөрүшкөн.

Кыргыздар бабаларынын көрүстөндөрүнө, мазарларга барып арбактарга сыйынып, аларга арнап малды курмандыкка чалган. Бабалардын мүрзөлөрүнө барып, жыгачтарга ар түрдүү түстөгү чүпүрөктөрдү байлашкан. Ата-бабанын арбагы тирүү жандарды жаман ой-санаадан, каргыштан, бөөдө кырсыктан, оорудан, жаман ойдон, жоруктан, кордуктан сактайт деген элдик ишеним жашаган.

Көчмөн бабалардын байыркы жашоосунда бакшылык сырдуу, касиеттүү, элге зарыл өнөр болгон. Бабаларыбыз бакшы Теңирдин, Көк асмандын элчиси, периштелердин, пирлердин, арбактардын тилин түшүндүргөн дешкен. Теңир менен сүйлөшкөн кудурети бар адамдар деп ынанышкан. Алар наадандык менен караңгылыкты айдайт деп ишенишкен. Бакшылар элдик дарыгерликти, асман-жылдыздар аркылуу жылды эсептөөнү, жылдыз иликтөөнүбилген. Бул тууралуу “Манаста” сакталып калган элдик жөрөлгөлөр бар. Бакшылар балдардын атына жараша тагдыры болот дешкен, алар уста, окутуучу, ойчул, дарыгер, көзү ачыктар, салтты үйрөткөндөр болушкан.

Түрк-монгол элдеринин цивилизацияга өтүүсү мамлекеттик түзүмдөрдүн пайда болуусу менен эле эмес салттуу диний-мифологиялык дүйнөкараштын чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөр менен да шартталат. Мындагы теңирчилик деген аталыштын негизинде түрк-монгол элдеринин руханий маданиятынын салттуу системасынын базалык түшүнүгүнөн келип чыккан, Евразиянын борборундагы көчмөн цивилизациянын түрдүү этноконфессионалдык салттарынын башатында турган “теңир” түшүнүгү бар. Бул байыркы руханий түшүнүк Борбордук Азиядагы бардык салттуу диний түшүнүктөрдүн жана культтардын негизи болгон.

Саян-Алтай жана Борбордук Азияда жашаган түрк-монгол элдеринде “теңирчилик” жана “ак чаян” түшүнүктөрү үндөшүп келет. Мында ак чаян “ак ишеним” деген мааниде келет. Теңирчилик философиясын изилдөөчү И.С. Урбанаева бул тууросында мындайча белгилейт: “Шамандык мифология – бул теңирчилик рухий мурасынын бөлүгү. Бул ортоазиялык шаманизм

жана теңирчилик, б.а. Көк Теңир жөнүндөгү байыркы окуунун терең дүйнө караштык байланышы” [112, 24-б.].

Теңирчилик түшүнүгүн илимий иликтөөгө орто кылымдагы түрк-монгол коомчулугун изилдөөлөрүндө француз тарыхчысы Жан Поль Ру (1925-2009) киргизип, аны шаманизм түшүнүгүнөн бөлүп караган. Анын пикири боюнча саян-алтайлык түрктөрдө эки улуттук дин өкүм сүрүп, биринчиси теңирчилик империялык дин болуп, идеологиянын мамлекеттик формасы катары эсептелген, ал эми экинчиси шаманизм өзүнүн тарыхый-генетикалык уңгуларында палеоазиат жана тунгус-маньчжур этносторунун алгачкы жамааттык түзүлүшүнө барып такалат. Кийинки доорлордогу мал чарбачылыгына өтүүгө байланыштуу теңирчилик саян-алтайлык көчмөн цивилизациянын диний-дүйнөкараштык негизинде башкы түзүм болуп бейформал статус алып,  көчмөн федерацияларда, түрк-монгол элдеринин империяларында социалдык-уюштуруучу фактор катары роль аткарып калган [88, 67-б.]. Окумуштуунун келтирилген пикиринде теңирчиликтин көчмөн цивилизациядагы орду, ролу тууралуу таасын айтылган.

Теңирчиликте дүйнө (аалам) – жогорку дүйнө, анда кудайлар, ыйыктар жашайт, ортоңку дүйнөдө адамдар жашайт жана астыңкы дүйнө – өлгөндөрдүн жери делип бөлүнгөн. Бул байыркы дүйнөнү тааныткан түшүнүктү эл арасына теңирчиликтин үгүтчүлөрү болгон бакшылар (шамандар) жайган.

Бакшынын жашоо-тагдыры оор болгон, татаал жолду баскан. Көбү ата кесибин кууган, өнөр укумдан тукумга өткөн. Айрымдары кесипке жеке эмгеги же устаты аркылуу жеткен. Алардын көбүнүн өздөрү ооруп жүрүп, көздөрү ачылган.  Аларды ак бакшы, кара бакшы деп бөлүшкөн. Кара жиндүү бакшылар көбүнчө талмалуу же илешкени бар кишилерди карашкан. Адатта жиндерди чакырып, арбак менен сүйлөшүп, камчы, бычак же комуз, дап менен ооруну куушкан. Айрымдары күзгү менен же жиндери аркылуу дарылашкан. Тиш ооруганда, жылан чакканда өлөң менен бадик айтып

эмдешкен. Оорулуу адам менен малдын оорусун башкага көчүрмөккө куу сөөккө дартты байлап, алыска ташташкан.

Байыркы бакшылар ноокас адам жаткан боз үйгө кишилерди чогултуп, эшик, түндүктү жаптырып, комуз чертип, зикир чалган же дапты кагып, майда коңгуроолордун шылдыратып, чарк айлана үйдү тегеренип, короодогу малдардан секирип, түндүккө чейин чыгып, жинин чакырган. Колдоочулары күчтүүлөрү арбак менен сүйлөшкөн, ордунан так секирип, оозу-башын кыймылдатып, көзүн алаңдатып, өзүнчө алка-шалка түшүп, аса таягын силкилдетип, көрүнгөндү камчы, таягы менен сабап ийип, эбелек атып, акыры эси ооп жыгылып, көптү кыбырап сүйлөгөн.

Илгеркинин "бакшы" аталган окумуштуулары адамдарга жабышкан оору кандайдыр бир тышкы күчтүн таасири менен болорун баамдашкан. Жаратылыштагы заттардын ээси, пирлери болот деген түшүнүк боюнча, оорулардын да ээси болот, ал ээлерин таап, адамга жармашкан ооруну айдатып чыгарууга болот деген түшүнүк менен ошого ылайык көркөм, касиеттүү сөздөрдүн тизмектерин курап чыгышкан. Ошол касиеттүү сөздөрдү бакшылардын "чымындары" аткарып, адамга жармашкан илдет, ооруларды айдап, кууп чыгат деп түшүнүлгөн. Ошондуктан бакшы ар кайсы заттардын ээлерин чакырышкан. Алардын эм-дом аракеттери жабышкан илдетке сүр көрсөтүү аракеттерине негизделген. Аракет менен сөз касиети эм болот деп түшүнүшкөн.

Бакшы жазында, көктөм маалында арчадан албууттанта от жактырып, сапырылган жалындан секирткен, өзү оттун кызыл чогун жылаңайлактанып алып кечип кеткен. Отко бычакты кызартып, тили менен жалаган. Бакшы адамга келер жакшылыкты, коркунучту, уурунун келерин ж.б.у.с. аяндарды билип турган.

Алтайдагы кыргыздардын бакшыларынын колдоочулары, пири катары жан-жаныбар, Актайлак, куштар деп эсептешкен. Айрыкча маралды бакшы колдоочу, түп бабабыз деп айтышкан. "Манас" эпосунун "Семетей бөлүмүндөгү баатыр дүйнөдөн өткөндө ички душмандардын кордук

көрсөтүүсүнөн соң Каныкейдин Семетейди алып Букарга качкан жолунда маралдын колдоо көрсөтүүсү, бөбөк Семетейди эмизгени эскертилди.

Байыркы доордогу бакшылар менен кийинки, жалаң Теңирге ишенген кыргыздардын V-X кылымдардагы бакшылардын айырмасы асман менен жердей өзгөрүштөргө дуушар болду. Кийинкилер зор рухий өнүгүүгө жетишти. Кошуна катнаш уруулардын динине, салтына жана маданий дүйнөсүнө таасири тийди, алардын үгүтчүлүк милдети өстү.

Шаманизм теңирчиликтен бөлүнгөн дин эмес, анын бир бутагы, аны өздөштүргөн, жөрөлгө мисалында улаган агым десек болот. Шамандык, бакшылык кесип жана өнөр катары көөнө кыргыздардын арасында айрыкча VII-X кылымда өтө өнүгүп күчөгөн. Ал эми V-XII кылымда Батыш Сибирь элдериндеги манихейчилик, буддалык, ламалык диндерге моюн бербей теңирчилик дини жана бакшылык көчмөндөр арасында Энесай, Орхондо өсүп-өнүккөн. Кийинки кыргыздар Теңир-Тоого көчкөнгө Орто Азияда тамырлаган ислам дини бакшылыкка тоскоол болгону байкалат.

Тарыхый булактарга, таш бетиндеги жазма эстеликтерге токтолсок, теңирчилик тууралуу, анын колдоосуна элдин, аскерлердин ишеничи тууралуу мисалдарды жолуктура алабыз: “Колу алты миң эле, биз эки миң элек. Салгылаштык теңир алкады...жанган (кайткан) жолдо дагы өлдү. Андан кийин огуздар бардыгы келди (баш ийди) [3, 159-б.]. Теңир ишениминин канчалык эзелки экендиги ушул таш бетинде байыркы ата-бабаларыбыз калтырган тексттерден ачык көрүнөт. Анын колдоосуна ишенүү элге, жоокерлерге чоң руханий күч берген.

Башка дүйнөлүк диндердегидей теңирчиликтин ыйык китеби болбогон менен теңирчилик доорундагы элдик акылман ойлор бизге аңыз, уламыш макал-лакаптар, накыл-сөздөр, ырлар, дастандар, жүрүм-турум эрежелери катары жетти десек болот.

Эми Умай энеге сыйынууга келсек, элдик түшүнүктө Умай эне асмандан түшкөн деп берилип, ал өзү менен эки нерсени: куш менен даракты ала түшкөн дешет. Ошон үчүн дайыма “чынар” (жашоо) багында куш отурат.

Умай эне кыргыздардын сыйынуучу рухуна кирет, ал жөнүндөгү мифтик түшүнүк адамзаттын энелик доорунда пайда болгон. Кыргыз мифтеринде Умай эне жөнүндө баян айтылып, энени жана балдарды коргоочу, сактоочу ээнин образын жаратылган.

Курсакта балаУмай эненин касиети менен жарык дүйнөгө келет делген. Бакшылар: "Умай эне, алтын эшигиңди ач", - деп төрөп жаткан аялга кайрылган. Умай эне баланын эркек же кыз болушун белгилейт деген түшүнүк болгон, ал эне-баланы оору-сыркоодон сактайт деген түшүнүктөн улам балдарды эмдегенде, дарылаганда: "Менин колум эмес, Умай эненин колу", - деген сөздөр айтылып эмделген, учукталган. Үйгө бөбөктү жалгыз уктатып коюуга туура келгенде: "Умай энеге тапшырдым", - деп камсыз болушкан, ал эми бөбөктүн бетин "Умай эне жууйт" деп коюшкан.Буга ылайык кыргыз мифтеринде Умай эненин образы, баяны жөнүндө бир кыйла көркөм чыгармалар жаралган.

Элибизде табиятка табынууда байыркы кыргыздар көктө Теңир колдойт деп, жерде табият менен эриш-аркак, шайкеш жашоого, аны ыйык тутууга, андан кудуреттүү, күчтүү, ыйык касиетти табууга аракеттенген.

Ошондой эле элдекүнгө табынуу да орун алган. Ал ташка чегилген пиктографиялык жазууларда сакталы калган. Күн баштуу адамдар, эки колун көтөрүп Күнгө сыйынып жаткан адамдардын сүрөттөрү таш жазууларда арбын кездешет. Отко тайынуунун айрым элементтери элибизде азыр да сакталып калган. Кыргыздар арчадан от жагып табынган, аны касиеттүү деп эсептеген. Айрыкча, жазында, жаңы жыл келгенде оттон балдарды секиртишип, жамандыктан тазалашкан. Бул адат славян элдеринде да бар. Бекеринен бабаларыбыз от, ал жанган очок үйдүн ыйык бурчу делген. Үй ээси – от агасы, журт ээсин – от башы дешкен. Казактарда азыр да ушул формада колдонулат. Бейтап адамдарды от менен аластап дарылашкан. Жаңы келин-күйөөнү от жагып алып аны айлантып бастыруу салты азыр Кыргызстандын түштүк-батышындагы Аксы, Ала-Бука райондорунда сакталып калган, ошондой эле жаңы келген келинди отко май чачып,

жүгүнтүп, отко киргизишет. Бабаларыбыз очоктон аттабаган, суу төкпөгөн жана түкүрүп, акарат кылбаган,жаңы төрөлгөн баласы бар үйдөн от беришкен эмес,сыркоолоп калган адамды от, ысырык менен аластаган. Байыркы бабалар жылкыны дарт чалсаалоолонто жагылган эки оттун ортосунан айдап өткөргөн, ошону менен алар кеселден тазаланган. От жамандыкты айдап кетет, тазартат дешкен.

Тоого табынуу элибиздеги эң көөнө ишенимдерден болуп саналат. Бабаларыбыз тоого чыгып, садага чаап, конуп-түнөп, анын ээсине тайынышкан. Сактардын доорундагы Теңир-Тоодогу “Саймалуу таштагы”, Алтайдагы, Аглактагы, Монголиядагы Хайт Ценхер үңкүрүндөгү чийме сүрөттөр буга күбө. Илгерки санжыраны, оозеки чыгармаларды жана жазма тарыхты изилдесек, кыргыздар Теңир-Тоо, Алай, Алтай, Көгмөн (Саян) тоолоруна тайынышып-сыйынышып, сайран (майрам) өткөрүшкөн экен. Анткени кыргыздар Алтайды “Алтай-Кудай”, ыйык тоо жана бейиш жер катары көрүшкөн. Ага жетүүнү самашкан. Ала-Тоодон Алтайга, Көгмөнгө нечен күндөп, ат соорулап айлап жол жүрүп келип, аны бир көрүп кетүүнү, сыйынууну сыймык жана парз көрүшкөн. Ала-Тоолуктар Алтайды “алты ай” деп жол жүргөн күндүн санагы катары жорубастан, “Алтын ай” деп, алтындуу аймак катары, жердин соорусу деп эсептешкен. Алтайды эңсеген нечен ырлар, дастандар, күүлөр чыгарылган [39, 123-б.].

Теңирчилик ишениминде кыргыздар Улуу-Тоо ыйык дешип, аны ниет-тилектин, акылмандыктын, сулуулуктун туу чокусу катары ардакташкан. Кыргызда бакшылык доорунан берки нур сөз бар: “Улуу тоого чыккан барбы, улардын үнүн уккан барбы?” Бул максатына жеткендердин рухий дүйнөсү таза жана ыйык болушканын далилдейт.

Байыркы бабалар булут баскан Улуу-Тоого сыйынышкан. Асман тиреген ак карлуу чокусун тоолордун ээси дешкен. Ага чыккан кыргыздар малга-жанга жана элге жакшылык, ынтымак, ыйман, береке, өмүр жана бейпилчилик тилеген. Бабаларыбыз улуу инсандарынын сөөктөрүн, кабырын кыл чокуга, тоо бетине коюшкан. Кыргызстандын түштүк жергесиндеги

байыркы Ош шаарынын чок ортосунан орун алган Сулайман-Тоо буга ачык мисал боло алат. Аты айтып тургандай эзелки доорлордо бул тоодо Сулайман  пайгамбар мекендеп, адамдар жана жан-жаныбар, куштардын тилин билгендиктен алар менен да баарлашып, эсебин алып, сурагын жүргүзүп олтурчу экен.

Байыркылар өздөрү колдоочуларынын, пирлеринин, ыйык туткандарынын элесин, кыймыл-аракетин ташка чегишкен. Тоого канчалык көп сыйынышса, ошончолук жакшылык берет деп ишенишкен. Республикабыздын түрдүү регниндорунан табылган таш бетиндеги сүрөттөр, пиктографиялык жазуулар буга далил. Алардын бири - "Саймалуу-Таш" эстелиги. Анда элдик көөнө ишенимге негизделген аңчылыкка байланыштуу сюжеттер, теңирге сыйынуу, табынуулардын элестери чегилген.

"Манастагы" кайыптар дүйнөсү түшүнүгүнө токтолсок, кыргыз мифтик түшүнүктөрүндө "кайып болуу" жөнүндөгү ишенимдер арбын кезигет. "Манас" эпосунан карасак, "Кайыпчынын Кара-Тоо", кайыпчынын "Кара-Үңкүр" деген чөлкөмдөрдүн баёо ишенимдерин, түшүнүктөрүн кезиктиребиз. Анда эпосто баяндалышынча "кайып болуу", "кайыптан бүтүү" бүтүндөй ошол жерлерде болот делет.

"Кайыптан бүтүү" дегенде, ошол Кайыпчынын Кара-Тоо же үңкүрүнөн бир кайып күч чыгып белгилүү ургаачы затка насилденет (Адам же жылкыга көбүнчө айтылат), ошону менен "кайыптан туулат" деп айтылат. Мисалы үчүн айтсак, Манас баатырдын аты Аккуланын энеси "Кызыл чаар бээ" жөн үйүрлөрдөгү айгырлардан токтобойт, ал үч же жети жылда бир иреттен жоголуп кетип (Кайыпчы тоосуна кетип) кайыптан токтоп келет экен. Ошого, Аккула, Ачбуудан, Кылкара сыяктуу аттар "кайыптан бүткөн жылкылар" деп айтылат. Кайыптан бүткөн аттар "алтайлык жолго минсе, селт этип чөп жебей, кылт этип суу ичпей" чыдай берген [39, 26-б.]. Ошол сыңары кайыптан бүткөн нерселер, заттар кыргыз элдик ишенимдерде көп айтылат.

"Кайып болуу" деген сөз кыргыз мифтеринде "Кайыпчынын тоосуна, үңкүрүнө" кирип кетти деген мааниде баяндалат. Кайып кыргыз элинин

көөнө диний ишенимдеринде кереметтүү күч, нерсе катары элестелип, анда кандайдыр бир "кереметтүү күч" болорун, ал эч кандай сырткы күчтүн жардамысыз эле көзгө көрүнбөй кетүүсүнө баштапкы адамдар чын бүтүшкөн. Азыркы көз караштан алып караганда мындай жерлер башка өлчөмдөргө кирип кетүүчү порталдар болуп саналат.

"Кайып болуу" жөнүндөгү көөнө түшүнүк баёо ишеним болуп, адамдар өлүмдүн чыныгы себептерин, анын мыйзамдуулугун чечмелөөгө дараметтери жетпей, камкорчу баатырларынын, "ыйык жандуулардын" өлүмүн примитивдүү элестетип, мифтик тааным боюнча түшүндүрүүнүн аракетинде болгон. "Манас" эпосунда Алмамбеттин аялы Арууке перинин кызы деп берилет. Анын кыз кезиндеги кайып болуп кайра келгени тууралуу эпосто мындай саптар бар:

Кайсы күнү жатаарда,
Кай кеткенин жан билбейт.
Кайып болуп калат деп,
Кайсы күнү катарлаш,
Кыздар менен кысылып,
Кошо жатып алат деп [149, 215-б.].

"Манас" эпосунда сыйкыр же магия бир түрдүү "кереметтүү күч" катары элестетилет да, эч кандай сырткы көмөк, себепсиз эле, бир нерсени дагы бир нерсеге өзгөртө ала турган, кубулта коё турган жөндөмгө ээ өнөр катары сүрөттөйт. Диний-мифтик баяндарда, магиялык өнөрдүн эң кырдуу учу болуп, сыйкыр өнөрүн билчүлөр "сыйкырчы" аталган, сыйкырчы аярлар атайын үйрөнгөн, машыккан катары берилет. Сыйкырдын түрүн канча көп билгендер ошончо жөндөмдүүлөр эсептелет. Сыйкырчылык "Манас" эпосунда да кеңири кездешет. Эпостогу оң каармандардан Алманбет, Айчүрөк, Кененим, Асылбача, Бекбача, Сейит, Куйлусу сыяктуулар жеткен сыйкырчылар катары баяндалат. Терс каармандардан Коңурбай,

Шыпшайдар, Ыраңкүдүк дөө сыяктуу каармандар сыйкыр билишет. Демек, сыйкыр жөнүндөгү түшүнүк, ынаным эпосто басымдуу орунду ээлейт. “Манаста” Кызыр бакыт, таалай, ырыскынын ээси, пири катары элестетилет. Кызыр илгери кайып болуп кеткен заттан болгон имиш. Кызыр аруу жүргөн инсанга жолукса “кызыр даарыды” делип, бакыт, ырыскы келет экен. С.Каралаевдин айтуусундагы вариантта баатырдын колдоочусу катары Кызыр эскертилип турат, алсак, Алөөкөгө Манастын каршы аттанганы тууралуу баянда мындайча берилет:

Буудан Манас арсландын
Мурда түрүн көрө элек,
Кара чаар кабылан
Качырчудай октолуп,
Алдына түшүп алыптыр,
Чолок көк жал арслан,
Канкоруңдун жолдошу
Эки жагын каранып,
Эрди-мурдун жаланып,
Азыр алып салчудай,
Арслан эрдин жөкөрү
Катуу коштоп калыптыр.
Алп кара куш – зымырык
Азыр алып кетчүдөй,
Асмандан бутун салыптыр.
Кырк чилтен, Кызыр Ныязы
Кырк миң колдой көрүнүп,
Кылкылдатып айзасын,
Кырып ийчү эмедей
Кыр-кырынан сунуптур,
Жылаңач Кызыр олуя
Жылоо салып туруптур.

Колдогону бир тогуз
Колдоп алган кези экен [143, 425-б.].

Манас баатырдын касиеттүү жандыктарынын бири Желмаян төө да ушундай эле жол менен ээсин табат. Манаска Шай ата баш болгон беш кызыр белгилүү төө Желмаянды алып келип берет:

Таң кашкайып сүргөндө
Жерге жарык тийгенде,
Кутпа жагын караса
Белестен чыкты беш киши.
Беделине көз салып,
Берен Бакай караса
Шай атамдын өзү экен,
Карарган кара көзү экен.
Берениме берем,-деп,
Белгилүү төө - Желмаян
Алып  келген кези экен.
Ал  Желмаян жарыктык
Асыйы кыркка толуптур,
Алда Таала Манаска
Бурак кылып коюптур.
Иш белгисин аныктап,
Оңдогону жүрүптүр.
Шай атам Манас баатырды
Колдогону жүрүптүр.
Манастын көк жал экенин,
Ал Шай атам билиптир.
Жалпак өркөч кара нар
Ал Манастын өзүнө
Тартуу кылып келиптир [143, 519-520-б.].

Ошондой эле Манастын Таласка көчүп келип конгону окуясында атасы Жакып мени Алтайдан көчүрүп келип малымдын баарын талаттың дейт. Анда Манас:

Кара нээт Жакыпка
Чоң таарынып сүйлөнүп:
“Колдогонум Кожосан,
Колдойм-колдойм дечү элең
Колтугумдан азыр ал!
Аты Кызыр Дубанам,
Жолдош болом дечү элең,
Чылбырдан алып жолум чал,
Кырк чилтен баштык Шай атам,
Өз атам мага жоо болду,
Өзүң мени коштоп ал”!
Коңгураган көк жалың
Кара-Буура, Чаткалда,
Журт оор уйкуда жатканда
Каарданып таптанып,
Таалайлуу тууган артык шер
Таластан чыкты аттанып [143, 336-б.].

Кызыр баатырларга өзүнө ылайык бир өмүрлүк тулпар ат таап берүүдө да көмөктөшөт. Эпостогу башкы каармандардын бири Чубак баатыр өлчөөсүз эрдиги менен белгилүү. Ал эр жетип Меккеге барып келгенден кийин өзүнүн жалгыз экендигин жана ага ылайык тулпарды таппай издеп жаткандыгын айтып, кейип Медийен чөлүндөгү кайып булакка конуп уйку салат. Уктап жатканда Олуя Кызыр келип ага Көгала тулпарды берет.

Уйкуга Чубак кеткенде,
Ничке жолду төтөлөп,
Алып келди бир атты,
Кайып адам жетелеп.

Алып келип ошо жан
Аттын оозун бурганы,
Акбалтайдын Чубакка
Айкырык салып турганы.
“Моюнуңду бизге бур, балам,
Уйкудан өөдө тур, балам!”
Кайыптын кара көзүмүн,
Олуят чалдын өзүмүн.
Берен Чубак чыгат,-деп,
Бейлеп эчак билгемин,
Убагында берүүгө
Көгала багып жүргөмүн.
Кезигишип турганым,
Медийен чөлдүн талаасы,
Коштоп келген Көгала
Желкайыптын баласы.
Куйругу  саяң, жалы аз,
Куланды кууса куткарбас.
Капталында канаты,
Кагышка минсең камсыкпай,
Уча жүргөн адаты.
Тулпарлыктын белгиси-
Туягында тура жок,
Акбалтай уулу Чубагым,
Абайла менин кебимди,
Ушундан бөлөк мураа жок.
Туулганда чочконун
Капталында каты бар,
Катты окуп караса:
“Кабылан Чубак минет”,- деп,

Как өзүңдүн атың бар [143, 493-494-б.].

Мындан байкалгандай, Кызыр адам баласына жолукканда ар түрдүү кебетеде, кээде ак боз ат минген аксакал катары жолукса, кээде тулубун көтөргөн кайырчы катарында жолуга берет экен. Мисалы, жогорудагы Манастын Таласка көчүп келип конгону тууралуу окуядабаатыр Таластан аттанып жолго чыгып дубанага жолугат. Ал Манас менен биргеликте аштык айдоону айтат. Манас да макул болот:

Балам Манас, биле жүр,
Дыйкандар менен шерикмин.
Шердигиң каалап билемин,
Арыган атты  семиртип,
Ачкан курсак тоюнтуп,
Жер үстүндө береке
Алда Таала кудайдын
Милдетин алып жүрөмүн.
Бек олуя көзүмүн,
Береним, бейлей жүрөрсүң,
Берекенин өзүмүн,
Кадимки Бабадыйкандын
Караган кара көзүмүн,
Көзү турмак, мен өзүм
Караган кара өзүмүн.
Ай-Талаада кезигип,
Балам Манас, угуп тур,
Бабадыйкан бата алдың,
Жер үстүндө адамга
Зайыппуруш аталдың.
Андай- мындай дегиче,
Ачып көздү-жумгуча,
Жанындагы ак сакал,

Көздөн кайым болгону [143, 344-б.].

Ошентип баатырга Баба дыйкан жолугуп, экөө дыйканчылык кылып дан эгип, натыйжада Аккуланы данга алмашып алат:

Манас өөдө турганда
Көңүлү атка бөлүндү,
Жетелеген чоң кула
Бурак аттай көрүндү.
"Кечээ Бабадыйкан карынын,
Айтканы анык тушу экен,
Айтып кеткен Кула аты
Анык өзү ушу экен.
Кең көкүрөк, тайкы жал,
Кетмен туяк, кең соору,
Аркар аяк, капкан бел,
Алыска чыдаар мал экен.
Атасы тоонун кайыбы,
Энеси чөлдүн бууданы,
Куп келтирип, куп жасап,
Кудайдын буйруп турганы.
Кайыбынан кабылган,
Жасаган экен жараткан,
Жаныбарым Аккула
Кайманадан табылган!"[143, 348-б.].

Дегинкиси элде колдоочу, пирлер, алардын катарында Кызыр жолугуп, даарыган адам бат эле иши оңолуп, бакыт, кадыр-баркка ээ болуп кетет деп түшүнүлгөн. Ошого бата бергенде: "Кызыр колдосун", "Кызыр жылоолосун", "Кызыр даарысын", "жолдошуң Кызыр болсун" деген сөздөр айтылат. Кызыр жөнүндө түшүнүк, баштапкы коом адамдары "байлык", "бакытты" бөлүп берчү ээси болот деп баамдашкан. Байлык, бакыттын колго келишин

эмгектен эмес, кандайдыр бир Кызыр аталган кереметтүү күчтөн келет деп ишенишкен.

Ал эми Баба дыйкан эгиндин, дандын ээси, колдоочусу катары эсептелет. Бул байыркы грек мифологиясындагы Диониске окшоп Баба дыйкан үрөндүн өнүшү эгинге илдет аралабоосу, данга береке берүүсүн калкалап сактап турат делет. Кыргыздар дандын берекелүү болушун Баба дыйкандан күтүп, биринчи кызылды сузарда аны дөбөдөй кылып үйүп, кой союп, кызылдын үстүнө кан чачып Баба дыйкандын жолун жолдойт. Кызылды үймөгү менен түнөтүп, Баба дыйкан боз кептер болуп учуп келип үймөккө конушун күтөт. Боз кептер келип, кызылга конуп кетчү болсо данга береке берет деген ишеним жашайт.

Колдоочулар тууралуу элдик ишенимдер эпостун “Семетей бөлүмүндөгү окуяларда тыгыз кездешет. Каныкейдин Семетейди Букарга ала качышы, Тайторуну чапканы, Семетейдин Таласка кайра кайтканы окуяларын алсак,Каныкей менен Чыйырды Абыке Көбөштүн кысмагынан Букарды көздөй качып кетип жаткан жолдо жети күн ачка калышып, Сыр-Дарыядан өтө албай турганда Каныкейдин жалынып турган жери:

Кол бергеним - Кожакмат
Көзүңдү качан саласың,
Кол беришкен - кырк чилтен,
Оо, Кудай, качан бир колдоп аласың?
Кең дайра кемел бирлерим,
Кешиги жок канчыкты
Качан бир колдоп аласың?
Кара чаар кабылан,
Канкорумдун жолдошу
Капталымдан чамынчы,
Чолок куйрук арслан,
Канкорумду колдоп жүргөн бирлери,
Ушу бүгүн маа кабылчы!

Кырк чилтен, кызыр Илиясым,
Кысталдым бүгүн жол берчи.
Жыңайлак кызыл дубана,
Кайгыртпай мага кол берчи,
Күпүлдөп аккан чоң дайра,
Бүгүн күйүттүү жанга жол берчи!” [143, 73-б.].

Каныкей менен Чыйырдыга Бакай жолугуп, аларды Сыр-Дайрадан өткөрмөк болуп Бакайдын жалынып турган кезинде да колдоочулардын жөлөгүн күтүп жалынуу бар:

Сырттан Бакай камынып,
А дүйнө кеткен Манастын
Арбагына жалынып:
“Колдогонум Кожосан,
Колтугуман жөлө, - деп,
Кол бергеним Ак эшен,
Бет алдыма келгин, - деп,
Кара чаар  кабылан
Капталыман чамынчы,
Чолок көкжал арыслан,
Бөйрөгүмөн камынчы,
Суу атасы Бууракан,
Сайың чыгып жол берчи,
Алмамбет, Чубак аты уйкаш,
Жетимиңе кол берчи,
Кырк чилтен, Кызыр Илиястар
Кыйналып кеттим жол берчи!” [145, 97-б.].

Бул кайрылуулар жогоруда аталган жер-суу ээлерине, пирлерге  карата элдик көөнө ишенимди көрсөтүп турат.

Эпостожогоруда белгиленгендей, перилер түшүнүгү бар. Перилер көктөгү теңирлердин кызы деп саналып, алар жер үстүнө ак куу же сулуу кыз

кебетесинде түшүп, чыгуу мүмкүнчүлүгү болот экен. Алар көбүнчө асманда булуттарды кайтарат деп айтылат. Кыргыз эл оозеки  адабиятынын мифтик элестетүүсүүндө перилер асманда туруп, жер бетинде болуп жаткан иштерди, адамзаттын аракеттерин туюп, билип турат экен, алар адамзаттын баатырларына ак, адил жигиттерине ашык болуп, алардын кыйынчылык жана оор абалдарын жеңилдетүүгө жардам берет экен. Мисалы, “Манас” эпосунда Манастын колдоочусу Кызыл кыз ар кандай кезде Манасты  жылоолоп колдойт. “Семетейде” Айчүрөк пери образында (ак куу кебетесинде) укмуштай сүрөттөлөт. “Сейтекте” Куялы пери образында, “Кененимде” эң эле көптөгөн перилер сүрөттөлөт. Бекбача Ноопану аттуу пери кыз менен той жасайт, демек, “Манас” эпосунун сегиз бөлүмүндө тең перилердин кызматы, элеси көркөм сүрөттөлөт. Демек, пери кыргыз эл оозеки адабиятында жаркын жаралган образ болуп, ар кайсы жаныбарларда көп кездешкен кейипкер катарында саналат. Ошого кыргыз эл оозеки чыгармачылыгында перилер оң каармандардан болуп эсептелет. Кыргыздын кереметтүү жомокторунда, эпосторунда перилердин образдары жаркын жаралып, алардын кызматы, келбети берилген. Эпостогу аялдардын образдарынын эволюциясы тууралууу эмгегинде окумуштуу Н.Х. Бекмухамедова пери кыздары, алардын образдык өзгөчөлүгү, сюжет куруудагы кызматы тууралуу баяндап келип төмөндөгүдөй оюн билдирет: “Ошентип, “Манас” үчилтигинин монументалдуу варианттарында сыйкырдуу кыздардын тиби кеңири учурайт. Алардын арасынан жеткилең көркөмдүктөгү деп Көкмончок перинин, Алмамбеттин аялы Аруукенин, эпостун экинчи бөлүгүндөгү борбордук образ Сейтектин энеси, Семетейдин аялы Айчүрөктүн образын эсептөөгө болот. Бул типтеги каармандардын негизги ачык айырмаланган жактары – “кудай тарабынан жаралгандыгы”, сыйкырдуу башка нерсеге айлануусу, өзгөчө сулуулугу, магиялык касиеттери аркылуу курман болгон баатырларды кайра тирилтүүсү көпчүлүк архаикалык түрк-монгол эпосторунун аял каармандарынын мотивдери менен айкалышат, бул Борбордук Азиядагы

элдердин мифологиялык катмарларынын жалпы фольклордук генетикалык башаттары жөнүндө баяндайт" [19, 33-б.].

Кыргыз элинин мифтик түшүнүгү боюнча дөөлөр Көйкапты мекендеген адам кебетелүү, бирок, тулку бою өтө зор, жалгыз көздүүмакулук экени элестетилет. Дөө "Манас" эпосунда мындай деп туруктуу сүрөттөлөт: "Жылып жүргөн бир тоо бар, тообу десе дөбөдөй, маңдайынан бырышы, эл жайлоочу төр өңдүү, маңдайында жалгыз көз орто толгон көл өңдүү, каш кирпигин караса, карагай токой жер өңдүү, маңдайында жалгыз көз орто толгон көл өңдүү" [140, 143-б.].

Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгында дөөлөр Көк дөө, Кара дөө, Ак дөө, Сары дөө деген топторго бөлүнөт. Дөөлөрдүн бардыгы эркек болот экен да, алар жер үстүнө чыгып адамзаттын, көктө перилердин сулууларын алып качат экен. Кыргыз мифтеринде жөө жомокторунда баяндалган окуяларга караганда дөөлөрдүн кээ бирөө адамзат менен достошкон, алар үчүн кызмат кылып, душмандашкан дөөлөргө каршы күрөш жасоодо жардамдашканы баяндалат. Дөөлөр жөнүндөгү мифтик баяндар кыргыздардын жомокторунда, эпосторунда аябай көп кезигет. Алардын образдары таң калаарлык даражада көркөмдүктө сүрөттөлгөн. Кыргыздардын мифтик баяндарында, дөөлөрдүн жандары денелеринде эмес башка нерселерде болору айтылат.

Көөнө диний түшүнүктөрдө жиндер киши жашабаган ээн жерде, талааларда, булганыч жерлерде өмүр өткөрүшкөн. Адар адамдын денесине ооз аркылуу кирет экен жана ачык калган тамак-аштарга жабышып алат дейт. Оозун ачып, ээн жерде уктаса да жин ооздон адам денесине кирип кетет. Жиндерди бакшылар гана жөнгө сала алат экен. Жин тийген адамдарды бакшылар көргөндө өздөрүнүн жөндөмү аркылуу жин ээлерин таптырып, тийген жинди байлатып кетет экен. Кишилерге чалдыккан ооруу-сыркоолордун себептерин адамдар биле албаганда, аны түшүндүрүүгө дараметтери жетпегенде мифтик таанымга салып, примитивдүү элестетүүменен жин образын жаратып түшүндүрүүгө аракеттенип, ал тууралуу уламыш, жомок жаратып айтышкан.

Кыргыздар ошондой эле жылдыз, чагылган, куюн, жамгыр сыяктуутабият кубулуштарын, булак, көл, арашан, арча ж.б., ажайып кооз жайларды касиеттүү деп эсептешип,ошол ар бир мазарга табынуунун ырааты, айтар ниет-тилек сөздөрү, алкоолору, жол-жобосу болгон. Ата-бабанын арбагын таюу кыргыз рухунун баштапкы түшүнүктөрүнүн бири эсептелет. Биз карап жаткан "Манас" эпосунда Семетейдин, Сейтектин, башка каармандардын ата арбакка сыйынуусу тыгыз кездешет, ар кандай чоң ишти баштаар алдында курмандык кылып, бээ баштаган мал союп, кан чыгарып, ата-бабанын арбагын тайып, жараткан өзү жар болсун деп жалынып, жолдорунун ачылышын сураган жерлери дээрлик ар бир ири окуянын алдында орун алган.

Кыргыздардын мифтик түшүнүгүндө адам өлгөн анын арбагы ошол эле боюнча калат. Ал арбак ошол адамдын сөөгү коюлган чөйрөдө жүрөт. Ал урпактарынын, туугандарынын тиричилигине көз салат, билип турат. Арбакка тайынса, анын атына атап "түлөө чалса", арбак ар дайым колдоого даяр турат деген ишеним болгон. Арбакты таюу, аны ыйык билүү кыргыздарда тээ мифтик доордо, атап айтканда, айбандарды тотемдик сыйынган доордон башталса керек. Себеби кыргыздар көрүстөндөргө кулжа, бугу сыяктуу ыйык жаныбарлардын мүйүзүн коюшкан. Бул ата-бабанын арбагын ыйык тутунуп, тайынганын күбөлөйт. Кыргыз мифтеринде ата-бабанын арбактары бала-бакыранын, кийинки урпактарын колдоп, аларды кырсыктан жылоолоп чыккандыгы жөнүндө баяндар айтылат. Алар жөнүндө наристе элестетилген көркөм адабияттар жаралган. Ата-бабанын арбагына табынуу мифтик түшүнүктүн наристе элестетүүсү менен көркөм адабиятка көтөрүлгөн түрүн "Манас" эпосунан ырааттуу жолуктурабыз.

"Манас" эпосунда Манастан кырк чоросу, баатырлары, урпактары жоого аттанганда, кандайдыр бир оор абалга кабылганда Манастын күмбөзүнө түлөө өткөрүп, арбагына тайыган. С. Каралаевдин айтуусунда Семетей жортуулга барарда атасы Манастын жүрүшкө чыкканда алдырып жүрүүчү жан казанын кайнаттырып көрүп төлгө кылуусу бар, эгер казан

жакшы кайнап чыкса анда баатырдын жолу болот, тескериснче болсо анда жолго чыкпай эле койгону оң деп түшүнүлгөн. Манастын арбагы баатырларды дайым колдоого алган. Бул кийин салтка айланып, улам кийинки урпактары Манасты баш кылып, ата-бабаларынын арбактарына дайыма кайрылып турган. Арбактар да аларды оор абалдан куткарып кырсыктан сактаганы баяндалат.

Атүгүл 1941-45-жылдагы Ата Мекендик согушта кыргыз жоокерлери Манас баатырдын арбагына сыйынып, жардам сурашканы айтылып келет. Ошондой согуш ардагерлеринин биринин эскерүүсүндө, эртеси чабуулга чыгабыз деп турган түнү жатарда кыргыз жоокери Манастын арбагына кайрылып аман сактоосун тилеп жатат, Манас баатыр түшүнө кирип: “Оңго бурул”, - дейт, ошондон кийин ойгонуп кетет. Эртеси катуу согуш болуп ок жаап жатканда эсине түшө калып оңго бурула калат, снаряддын огу кайып өтөт да аман калат.

Ата-бабанын арбагы колдоого алганы кыргыз түшүнүгүндө эки түрдүү эсептелет. Биринчи түрү, арбагын чакырса, арман кылып эсине алса, ашкере көрүнүп келип колдоого алат деп элестеткен. Демек, кыргыз рухунда ата-бабанын арбагына таюу, сыйынуу, андан көмөк күтүү абдан кеңири орун алган. Ошого кыргыздардын мифтик баяндарында “ата-бабанын арбагы” жөнүндөгү көркөм элестетүүлөр арбын кезигет. Бул мистикалык компоненттин иликтөөгө алынган “Манас” эпосунда кездешкен эки жагдайда кароо максатка ылайыктуу деп ойлойбуз. Бул, биринчиден, чыгармалардын мазмунундагы диний мистикалык түшүнүктөрдүн берилиши, экинчиден, эпос айтуучулардын, манасчылардын экстаз абалында эпостун каармандары менен баарлашуусу. Бул эки аспект бири-бирин шарттап, манасчылык өнөрдөгү дааруу касиетин жана өзү “кайра жаратып” айткан чыгармадагы мифопоэтикалык туундуга эпос айтуучунун чын дилден берилгендигин да көрсөтүп турат. Мистикалык баарлашуу адамдын Кудайды сезгендигин, өзүнүн берген суроолоруна кудайдын жообун угуп-билгендигин, Актан (же асмандан, Көкө Теңирден) ага эмне айтышарын түшүнгөндүгүн билдирет.

Көкө Теңирден келген белги, манасчыга берилген эпосту элге төгүп айтуу миссиясы, ырчынын өмүрүндөгү эң жогорку чек, эң сыймыктуу, ыйык,баш тарта албай турган татаал жол болуп саналгандыгы көптөгөн манасчылар, алардын өмүржолу, чыгармачылыгынан байкалат. Алардын милдети – жогортон жөнөтүлгөн жарык идеяларды адамзатка жеткирүү, алардын жүрөгүн ачуу, аң-сезимин жаркытуу. Кыргыз элинин дүйнөтаанымындагы теңирчиликтин ордун изилдөөчү Ч. Өмүралиев аны абдан кеңири мааниде чечмелейт жана анын түпкү маанисин “тең” түшүнүгүнө байланыштырып карайт. Бул ааламдагы күн – түн, ак – кара,бар – жок, ич – сырт сыяктуу кош түшүнүктөргө негизделген. Мында теңирчилик цивилизация, андагы чексиз дүйнөкараш катары каралат [85, 27-б.].

Ошентип, теңирчилик азыркы түшүнүктөгү дин эмес, ал тотемизм, фетишизм, анимизм, политеизмдин белгилүү салттуу формаларында өнүккөн, бирок тарыхый себептерге байланыштуу монотеисттик динге өсүп жеткен эмес. Теңирчилик катып калган диний окуу эмес, тарыхый убакыттын өтүшү менен ал салттуу ишеним деңгээлинен мамлекеттик диндин деңгээлине чейин өнүккөн, андан соң магия-шаманизмдин деңгээлине чейин деградацияланган. Ал өзүндө адам менен жаратылыш чөйрөсүнүн трансценденттик реконструкциясын алып жүрүүчү ачык диний-философиялык көз караш катары чыгат.

Азыркы учурда теңирчилик түрк элдеринин ичинде либералдык ислам жана илимий дүйнөкараш менен тыгыз чырмалышкан. Теңирчилик деп азыр элдүүлүк, ата-бабанын, тоолуктардын, чөлдүктөрдүн салтын сыйлоо, түрктөрдүн культсуз, мекемесиз эркин дин тутуусун түшүнүшөт, маселен, ыйык жерлерди, ата арбакты сыйлоо. Жогоруда каралган эпостордун сюжеттик тутумунда кездешкен байыркы архаикалык ишенимдер адаптацияланып, жаңы диний системалар менен синтезге кирген. Диндердин алгачкы формалары анын ичинде масштабдуу теңирчилик ишеними таза диний көз караш болбогон, башкача айтканда, мифологиядан толук бөлүнүп чыга элек болгон деген пикирдебиз, ал эми мифология алгачкы адамдарда аң-

сезимдик деңгээлде болуп, ага адамдар чындык катары ишеним менен түз мамиле жасашкан. Теңирчилик доорунда бакшылардан (шамандардан) башка эл ичинен акылмандар, ойчулдар, жайчылар, жылдыз саноочулар чыгып, Көк Теңирге, жашоо-тиричиликке, табиятка, адамга карата накыл-сөздөрдү ой-санаттарды, ырларды, дастандарды, аңызды, уламышты, эреже-жоболорду жаратышты. Көптөгөн кылымдар өткөн соң, алар унутулуп, биздин доорго фольклордук жанрдагы этнопедагогикалык мааниге ээ болгон накыл сөз, макал-лакап түрүндө жетти.

Кыргыз эли исламга чейин тутунган теңирчилик дини элдин руханий өнүгүшүнүн маанилүү баскычы болгон. Ал адам ой жүгүртүүсүнүн конкреттүү кырдаалдагы тар алкагынан чыгып, жалпыланган абстракттуу ой жүгүртүү менен дүйнөнү таанып-билүүгө өтүүдө чоң роль ойногон. Мында бир жагынан табият менен коомдун мыйзамдарын таанып-билүүдөгү түшүнүктөр жана концепттердин жардамы менен эмпирикалык тажрыйбаны системалоо болсо, экинчи тарабынан жашоо динамикасы бирге алынгандыгы байкалат.

Алгачкы мезгилдерден тартып эле калган бардык түрк уруулары сыяктуу кыргыздар да Көк Теңирге ишенишкен. Көк Теңир ишениминде теңир баарынан жогору турган, кудуреттүү зат болуп эсептелген. Адамдын жашоосундагы ийгиликтер менен кыйынчылыктар, бактылуулук бактысыздык теңирдин буйругу менен болот деген түшүнүк орун алган.

Жыйынтыктап айтканда, теңирчилик дини мифтик аң-сезимдин деңгээлинде байыркы доорлордо пайда болуп, убакыттын өтүшү менен улам кийинки доорлордо абстракттуу ой жүгүртүүнүн деңгээлине көтөрүлгөн. Бир кудайга, Көк Теңирге ишенүү, ага тилектерин айтуу элдик аң-сезимде туруктуу орун алып, эстутумдан фольклордук чыгармачылыкка өтүп, көркөм чагылдырыла баштаган жана ишибизде каралып жаткан “Манас” эпосунан өз ордун тапкан.

## III глава боюнча корутунду

Диний ишенимдердин түпкү жаралышында адамзаттын алгачкы жамааттык коомдогу баёо аң-сезими өзөк болуп, өзүн курчап турган чөйрөдөгү түрдүү кубулуштарды көөнө ишенимдин негизинде түшүндүрүүсү берилген. Башкача айтканда, диний ишенимдер дүйнөнү таанып-билүүнүн илимге чейинки көз караштарынын синкреттик биримдигинен түзүлгөн.

3.1. Улуу эпос "Манаста" исламга чейинки байыркы диний түшүнүктөр кеңири кездешип, сюжеттик курамда эпикалык мотив катары кызмат өтөйт. Коомдук аң-сезимдин бир түрү катары диний ишенимдер эзелки доорлордон бери карай жашап келет жана кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында анын ичинде "Манас" эпосунда өз ордун тапкан. Эпостогу көөнө диний ишенимдердин ичинен тотемизм кеңири кездешкени жана байыркылыгы менен айырмаланат. Алгачкы коомдогу адамдардын дүйнөтаанымында тотемдик ишеним маанилүү орунду ээлеген. Байыркы эл катары кыргыздарда "бөрү" жана "бугу" тотеми өтө кеңири тараган. Бөрүнү өзгөчө баалоо "Манас" эпосунда көркөм жалпыланган формада ачык көрүнөт. Маселен, эпостун баш каарманы "көк жал Манас" деген эпитет менен мүнөздөлүп, таза тотемдик түскө ээ. Негизинен тотемисттик көз караште табият, андагы түрдүү жандуу, жансыз заттар менен адамдын биримдиги тууралуу ой жүгүртүү алгачкы диний ишенимдердин келип чыгышына түрткү болгон аларга мүнөздүү белги болуп саналат. Эпостогу тотемисттик байыркы ишенимдин сюжет курууда өзүнө таандык белгилүү деңгээлдеги ролу, кызматы бар. Ал каралып жаткан эпосто образ жаратууда да белгилүү деңгээлде роль аткарган жана көөнө элдик ишеним катары эпостун тутумунда сакталып биздин күндөргө жетип келди.

3.2. Кыргыз эпосу "Манаста" алгачкы диндик көз караштардын элементтерин, анын ичинде "Манас" эпосундагы анимизмдин белгилерин байкоого болот. Аталган диний ишеним кыргыз элинде эле эмес, тектеш түрк-монгол элдеринин фольклорунда бирдей учурайт. Анимизм

материалдык жана материалдык эмес бардык нерселер менен кубулуштар сыйкырдуу, керемет күчкө эгедер, алардын үстүнөнө башкарып турган жандардын бар экендигине карата ишеним болуп эсептелет.  Анимисттик көз караш боюнча бүт табигат ак санатай же кара санатай рухтар менен курчалган, ал эми табияттын кара күчтөрү фантастикалык рухий күч катары эсептелет. Кишилер тоо-ташта, бадалдарга, дарактарга, аска-чокуларга, күнгө, ай-жылдызга, жерге, сууга, отко, булактарга жана башкаларга сыйынышкан. Ошолордун ээсине арнап курмандык чалышкан. Анимисттик ойлоонуну элементтери “Манас” эпосунда да орун алган. Анимизмдин негизги жоболорунун бири - асман, жер жана суу эгесине, анын колдоочулугуна, зыян келтирүүчүлүгүнө ишенүү. Манастын төрөлүшү Жакыптын Теңир эгесине бала сурап жалынуусу жана арнап мал союп курман чалуусу менен мотивдештирилет. Адам денеси менен жанынын айырмачылыгы, жандын түбөлүк өлбөстүгү, анын башка формада жашашы өңдүү түшүнүктөр да анимисттик ойлоонун табигый жемиши болуп эсептелет.

3.3. Шаманизм кыргыз эли тутунган көөнө диний ишеним болуп саналат, анын белгилери, ритуалдары азыр да элибиздин турмушунда орун алып жашап келүүдө. Алгач алар түз мааниде, аң-сезим катары туура кабылданып келсе, кийинки доорлордо ритуал, ырым-жырым, жөрөлгө катары кабылданып калганы байкалат. Азыр ысырык салып, арча түтөтүп, анан түтүнү менен адамдардын жашаган жерлерин аластоосу, ээси бар делинген ыйык мазар жерлердеги дарактарга тилек тилеп, чүпүрөк байлоо, булактарга, үңкүр жерлерге ж.б. сыйынуу орун алган. Мындай түшүнүктөрдүн сакралдуулугу алардын башталыш, дүйнөнүн жаралышы тууралуу баяндагандыгында деп ойлойбуз. Эпосто шамандык өнөр, анын ритуалдары, элдик ынанымдары сюжеттик тутумда орун алган. Шамандык өнөр, же кыргызча айтканда бакшылык ырымдап-дарымдоо процессинде аткарылуучу жөрөлгөлөр, ритуалдар менен коштолот. Эпосто төрөттө кыйналган Чыйырдыга бүбү, бакшылардын чакырылгандыгы, аялдын бакан

кармап төрөөсү тууралуу баяндалат. Ал эми аялдын баканды таянып төрөшү баланын бакандай бекем адам болуусу жөнүндөгү тилектен, ырымдан келип чыккандыгы тууралуу элдик жөрөлгө экендигин белгилүү. Мында Умай эне бала менен энени кароо, колдоо, жардам берүү, сактоо функциясын аткарса, бакшылардын аткаруучу кызматы кыйла кеңири болуп, алар жин ооруларын сакайтуу, аба ырайына таасир этүү сымал функцияларды да аткарышкан.

3.4. Фетишизм – “Манастагы” көөнө диний ишенимдердин бири, ал тууралуу маалыматтар эпостун сюжеттик катмарлануусунда сакталып калган. Эпостогу мифо-поэтикалык чыгармачылык адамдардын руханий турмушу жана диний элестөөлөрү менен тыгыз байланышта келет. Бул алгачкы жамааттык коомдогу адамдардын магиялык күчтөрдү буюмдарга, алсак тумарга, тулга ж.б. таандык кылуусу, анын колдоосуна ишенүүсү менен түшүндүрүлөт. “Манас” эпосундагы архаикалык ой жүгүртүүнүн фетишизм сыяктуу диний ишенимдик формасы анын сюжеттик тутумунда байыркы доорлордон бери жашап, сакталып келгени элибиздин архаикалуу түпбашатынан кабар берет.

Көөнө диндер бири-бири менен генетикалык байланышта болуп, улануучулук (преемственность) мүнөзгө ээ. Алардын ар бир формасы өз тамырларында өнүп-өсүп, элдин материалдык жашоосунун белгилүү бир конкреттүү шарттарын чагылдырууда кызмат өтөйт жана алардын аталган функциясы эпостун тутумунда орун алган.

3.5. Байыркы доордун адамдары аалам кубулуштары, курчап турган айлана-чөйрөдөгүнерселердин табияты,оору менен өлүмдүн себептерин чечмелөөдө алсыз болушкандыктан баёо аң-сезимдик деңгээлде дүйнөнү таанып-билүүгө аракет жасашкан. Теңирге, жалпы бир көк (асман) кудайына сыйынуу, аны бардыгын жараткан ээбиз деп билүү менен катар эле жер бетиндеги адамдар, жаныбарлар, өсүмдүктөрдүн да өз алдынча ээси, колдоочусу болот деген ишенимде болушкан. Мындан отко, жер-суу ээлерине, баланын колдоочусу катары Умай энеге, жан-жаныбарлардын колдоочуларына, мазар катары айрым дарактарга, кийинчерээк аң-сезимдин

өнүгүшү менен абстракттуу түшүнүктөргө, маселен дыйканчылыктын, устачылык өнөрдүн пирлерине сыйынуу-табынуу орун алган, башкача айтканда, байыркы адам табиятты жана андагы өзү баштаган бүткүл жандууну бир бүтүндүк катары кабылдаган. Жаратылыштын сырларын, түрдүү касиеттерин үйрөнүүгө далалат жасоо менен, ага аздектеп мамиле жасоо элдин көркөм сөз өнөрүндө, мифтен башат алган эпикалык чыгармачылыгында кеңири чагылдырылган. Эзелки доордон көчмөн кыргыздарда Теңир ата – асман кудайы, Умай эне – жер кудайы болгон. Тоолуу өлкө болгондуктан, башка өлкөлөр менен алакажасоо солгун болуп, башка этностор басып өткөн теңирчилик жергебизде узакка сакталган.

Тарыхый булактарга таянсак, түрк-монгол элдери б.з.ч. экинчи миң жылдыктын башталышына чейин, башкача айтканда дүйнөлүк диндер келгенге чейин бирдиктүү, салттуу ишеним теңирчиликке сыйынган, анын ичинде ар бир этностун айырмачылыктары да болгон, теңирчилик дүйнөнүн жаралышы, ааламдын түзүлүшү, табият, адам тууралуу бай мифологияга ээ, бирок институтка айландырылган эмес. Исламга чейинки байыркы диндер стихиялуу көз караштардын топтому болуп, курчап турган айлана-чөйрө тууралуу байыркы адамдардын көзкараштарын камтыган, башкача айтканда, ал стихиялуу билим болуп акылмандыкка, уруунун турмуш тажрыйбасына негизделген. Дүйнөлүк тарыхта тенирчилик жеңерман элдердин ишеними катары белгилүү, алсак, орто кылымда түрктөр, монголдор жеңүүчүлөр болушкан, ошондой эле теңирчилик уюштуруучу,бириктирүүчү дин болгон, ал акырындап дүйнөлүк диндер тарабынан сүрүлгөн жана алар менен ылайыкташып биригип, синтездешкен.

3.6. Көчмөндөрдүн табигат менен болгон тыгыз байланыштары, тотемизм, шаманизм сыяктуу байыркы убактарда пайда болгон ишеним системасынын келип чыгышына себеп болгон. Ошондуктан шаманизм белгилүү бир негиздөөчүсү болбогон, табигый таризде өнүккөн жана дүйнөгө болгон эки тараптуу көз карашы менен табигаттан көзкаранды болуу өзгөчөлүгүнө ээ болгон ишеним системасы болуп эсептелет. Биз карап

жаткан “Манас” эпосу да бул сыяктуу көөнө диний ишеним-ынанымдарга бай. Фольклордук чыгармачылык алгачкы доорлордон келе жаткан ыйык ишенимдерге ылайык ар түрдүү байыркы диний ритуалдар менен коштолгон. Ал ритуалдарды аткарууда сакралдык сандар пайдаланылып, кайталануучу кыймыл-аракеттер жасалган. Маселен отту улуу жагып, анын жалыны, түтүнү тогуз кабат Көк Теңирге, ысыгы жети кабат Жер түбүнө жетсин делген, ошону менен көк менен жерди тайып, ыраазы кылууну көздөшкөн. Эпостогу каармандар бири-бирине болгон ишеничти, актыкты, берилгендикти далилдөө жана душмандар менен согуштарда жеңишке жетишүү үчүн теңирлерге табынышат. Ошол себептен сюжеттик окуянын өнүгүшүндө, каармандын мүнөзүн берүүдө “төбөсү ачык көк урсун, төшү түктүү жер урсун” деген ишеним кайталанып отурат. Каармандардын ой-тилегинин ишке ашпай калышы, согуштан жеңилиши, айрым жаңылыштыктарды да теңирдин каргышы менен байланыштырат. Ошентип, теңирчилик ишеними “Манас” эпосунун салттык сюжетинде өзүнүн туруктуу ордун таап, эпос түптөлгөндөн тартып жашап келе жаткан көөнө элдик ишеним болуп саналат.

# КОРУТУНДУ

Кыргыз эпосу “Манастагы” көөнө диний ишенимдик мотивдердин мифопоэтикалык-конфессионалдык чагылуусуна байланыштуу иликтөө төмөнкү жыйынтыктарга алып келди.

Аталган проблеманы чечүүдө изилдөөгө алынган эпосту этникалык жактан тектеш маданий-көркөм салттардын татаал контекстинде кароо зарылдыгы туулат. Мында кыргыздардын дүйнөгө көз карашы бир нече конфессионалдык башаттардан башталып, байыркы диндер болуп саналган тотемизм, анимизм, шаманизм жана теңирчилик ишениминин таасиринде калыптангандыгын эске алуу керек. Аң-сезимдин чагылыштагы тарыхый жана маданий парадигмасы бир мезгилде үч типтеги, тактап айтканда, мифологиялык, диний жана илимий ой жүгүртүүнүн болушу менен мүнөздөлөт. Булардан катар байланышта жашоочу дүйнөнүн, ааламдын ыймандык-эстетикалык, улуттук картинасы берилген өзгөчө көркөм ойлоону аныктап турары байкалат. Кыргыздардын анимисттик элестөөлөрүндө байыркы, жамааттык уруулук жана кийинки патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн мезгилдериндеги коомдук күчтөр чагылдырылат.

Коомду башкаруунун көчмөн цивилизациялык системасы, жөнөкөй адамдардын көөнө диний ишенимдери кыргыз элинде байыркы доорлордо эле калыптангандыгы эпостордогу мифологиялык башаттарда даана көрүнүп турат. Бул түзүмдүн калыптануусу ички, кыргыз коомунун өзүн байланышттуу жана сырткы, коңшу элдердин, алардын социалдык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү менен шартталат. Ата-бабаларыбыз Түштүк Сибирь, Урал тоолорунан тартып чыгышы Кытайга чейинки жердеги территорияларда көптөгөн элдер менен коңшу жашап, аларда болуп жаткан окуяларга катышта болуп, маданий, социалдык ж.б. тараптан сөзсүз таасирленгендиги буга күбө.

Мифологиянын фольклорго, диндик ишенимдик культтарга трансформациялануу көрүнүштөрү, алсак, Умай эне культу, ырым-дарым

айтымдары (кара курт, жылан чаккандагы дарымдоо, бадик айтуу ж.б.), жер-суулардын, мазарлардын (сакралдык жерлердин) ээси бар деп ага табынуу ж.б. келип чыккан деп айтууга толук негиз бар. Бул өңдүү эпикалык мотивдер кыргыз эпосу боюна сиңирип алган фольклордук жанрларда кеңири кездешет. Маселен “Манас” эпосундагы Умай эне культу, мазарга сыйынуу, элдик ырлар, сентенциялар ж.б.

Ал эми элде наркы дүйнө тууралуу түшүнүктүн жашоосу, байыркы өлүктү көмүү салттарында буддизм, манихеизм диндеринин таасири ачык көрүнүп турат. Буга мисал катары “Манас” эпосунанКөкөтай ханды көмүү, Манас баатырдын сөөгүн коюу ритуалдарын келтирүүгө болот. Мында маркумдун сөөгүнүн жакшы сакталышына кам көрүү менен анын жаны да калган эл-журтун колдоп турууга жөндөмдүү деген ой айтылат. Өткөн улуу маркумдарга атап мал союлуп эскерүү болуп турган. Манас баатыр өлгөндө Каныкей жана Бакай тарабынан ага даярдалган жай байыркы Египеттеги фараондордун сөөгү коюлган мастаба, андагы кийинки пирамидаларды эске салат.

Көркөм сөз өнөрүндөгү диний-культтук түшүнүктөр, кыргыз эпикалык чыгармачылыгындагы аталган элдик ишенимдерге кайрылганда ата-бабаларыбыздын көккө (асманга) айрыкча урматтоо менен карагандыгын байкоого болот. Бул жердеги жашоону, адамзатты башкарып турган улуу күч, Көк Теңирдин асманда экендигин туюнгандан келип чыккан. Ошондуктан көк (асман) культу, Жер, Күн, Ай, От, Суу культтары да турмуш күзгүсү болгон элдик оозеки чыгармачылыктан, кыргыз эпосторунан сыйлуу орун тапкан. Аалам, аркы дүйнө, жан, өлүм, шамандар жана алардын адамдар менен духтардын ортосундагы ортомчулугу, табият күчүн ыйыктыкка айландыруу кыргыз элинин “Манас”эпосунда өзүнүн көркөм чагылышын тапкан.

Конкреттүү эпикалык образдарды жана алар менен байланышкан маданий, турмуштук, диний, культтук салттарды изилдеп үйрөнүү биздин күндөрдөгү алардын жалпы социалдык-маданий жана этникалык

комплекстеги ордун, эл тарыхынын түпкү тамырын билүүнүн актуалдуулугу артып баруудa. Түрк элдеринин маданий-тарыхый, диний-культтук улантуу ж.б. мурастарына аң-сезимдүү, диалектилик мамиле жасоо тарыхый эволюциянын жараянында салттуу (ядронун) булактын модификациясын жана вариативдүүлүгү, динамикалык өзгөрүүгө жөндөмдүүлүк көрсөтүп турат. Бирок, эпостордогу, эпикалык чыгармачылыктагы архаикалык мотивдер сөзсүз түрдө курчап турган жаратылыштагы стихиялуу кубулуштар менен байланышта болгон. Мындан келип чыккандай элдик оозеки көркөм сөз өнөрүндө, эпостордо көптөгөн байыркы мифологиялык түшүнүктөр, культтар, ритуалдар жетишерлик көп кездешет.

Мифологиялык, диний-культтук түшүнүктөр эпостордо элдик үрп-адаттарда, мифологиялык образдарда чагылдырылып, алардын түпкү тамыры байыркы доорлорго кетип, кыргыз элинин, урууларынын маданий, чарбачылык өнүгүүсүн жаркын, ачык көркөм формада бере алган. Эпостогу чулу бойдон кездешкен жана кийинчерээк абстракцияланып трансформацияланган мифтик көрүнүштөрдө байыркы адамдар, ата-бабаларыбыз көптөгөн табигый, биологиялык, коомдук мыйзам ченемдерди өз алдынча түшүндүрүшкөн. Келтирилген мисалдардан байкалгандай, алар негизинен сыйкырдуу-фантастикалык, мифологиялык сюжеттерде берилген. Ошондой эле алар эпостогу Көк Теңирдин культу, ыйык дарак Байтерек, от, очок, үңкүр, булак культтарынын келип чыгышына шарт түзгөн. Кыргыз эпосторунда тектеш монгол, бурят, алтай ж.б. элдердин таасири менен курчап турган табигый чөйрө, дүйнө, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнө байланыштуу көптөгөн шамандык элементтер, буддизмдин катмарлануулары байкалат. Сөз культу, магия сыяктуу уруулук коомдун өнүгүшүнүн баштапкы учуруна тиешелүү ишнимдер дагы байыркы башаттарга ээ.

Түбөлүктүү Көкө Теңир жогорку күч жана түзүүчү башат катары ой жүгүртүүгө кирип, адамдардын иш-аракеттерин жөнгө салып турат, бирок, ал түз мамиледе биз үчүн жабык, кол жеткис. Алар менен байланышка чыгуу

үчүн биз ата-бабалардын арбактарына, шаман-бакшыларга кайрылуубуз керек. Кыргыздардын шаманисттик ишенимдеринде жалпы жана жекече, т.а. жалпы элдик (Көкө Теңир), уруулук (жер ээси, булак ээси, уруулук энеси ж.б.) региондук өзгөчөлүктөр сакталган. Ошондой эле жалпы элдик культтар – арбактын, аттын, энелик, ак сүттүк, суунун ж.б. культтары жашап келет. Абстракттуу түшүнүктөрдөн сөздүн культу, сакралдык сандардын культу бар (үч, жети, тогуз, кырк).

Алгачкы коомдогу көөнө диний мифологиялык аң-сезим байыркы адамдын бүтүндөй руханий-психикалык турмушун камтыган, анда кийинки доорлордо коомдук аң-сезимдин өз алдынча формаларына айланган кадимки аң-сезим, дин, мораль, илим, искусство бөлүнө элек мезгил болуп ширелишкен абалда турган. Элдик оозеки чыгармачылыкта, анын ичинде кыргыз эпосторунда диний культтарга, образдарга, сюжеттерге, мотивдерге кайрылуу дүйнө таануунун ыймандык-эстетикалык кеңири контекстте жакшылык, жамандык, өмүр, өлүм сыяктуу түбөлүктүү маселелерди аңдап түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Эпостун философиялык-диний проблематиканы чагылдыруудагы өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүнө карабастан андагы диний-ыймандык мыйзамдар менен шартталган язычество, теңирчилик, шаманизм диндеринин өз ара бирине-бири жалгашкан улантуучулугу байкалат. Ошол доордун атмосферасына кирүү үчүн элдин дүйнөгө көз карашынын руханий турмушунун терең маңызын ачуу керек. Бул элдик эпостордун этностук турмушундагы гана эмес дүйнөлүк маданияттагы маанисин аңдоого мүмкүнчүлүк берет. Мындай терең жана кеңири кабылдоого жетишүү адамзаттын байыркы башаттарына, алгачкы коомго жана мифологиялык көз карашына кайрылуу менен гана жүзөгө ашмакчы.

Ошондуктан изилдөөдө мифологиялык ой-жүгүртүү, дүйнөнүн моделинин мифологиялык концепциясы, сакралдуулук сыяктуу түшүнүктөр тыгыз колдонулду. Кыргыз эпосу “Манастагы” дүйнөнүн моделинин мифологиялык концепциясы биздин жер шартыбызга ылайык тоо, боз үй,

арча жер үстүндөгү жана жер астындагы дүйнө, Көкө Теңир ж.б. камтыйт. Фольклордук-мифологиялык жана этнографиялык материалдар бизге адамзат тарабынан өткөн доорлордо иштелип чыккан руханий маданиятынын топтомун жеткирди.

Көрүнүп тургандай, фольклор, анын ичинде “Манас” эпосу эл, этнос, алардын байыркы диний ишенимдери тууралуу көп жактуу маалыматты сактаган форма болуп саналат. Ушуга байланыштуу эпостун идея, мазмун, сюжет, образдарынын улам жаңы жактары ачыла бермекчи. Уруулук аң-сезим, салттар, тукум куучулук эстутум элдик булактардан руханий кайра жаралууга күч берген башат катары кызмат өтөйт. Элдик поэзия, эпостор убакыттан көз карандысыздыкта жашап, түпкү башталыш катары түбөлүктүү кала берери шексиз.

Корутундулап айтканда, “Манас” эпосундагы көөнө мотивдер, анын ичинде байыркы диний ишенимдер эпостун жаралышынын башаттарында турат. Эпостун салттуу сюжети аларды негизге алуу менен курулган жана алардын арасында көөнө мотивдердин өзөк катары сюжет куруудагы ролу зор, чыгарманын түптөлүшүндөгү орду ушуну менен аныкталат. Ошол көөнө мотивдер, анын ичинде элдик диний ишенимдерге байланышкан сюжеттик мотивдер эпостун түпкү уңгусу катарында алардын жоголбой сакталып биздин күндөргө жетип келүүсүндө кызматы зор. Албетте, мында алгач мифтер жаралып, андан диний мотивдер кийинчерээк, абстракттуу ойлоонун пайда болушу, өнүгүшү менен акырындап бөлүнүп чыккандыгы анык.

Жогорудагыларды корутундулоо менен диссертациялык иште төмөнкү жыйынтыктар алынды:

1. Көөнө диний ишенимдер боюнча иликтөө жүргүзгөн окумуштуулардын илимий пикирлери, алардын мазмунуна жана баалуулуктарына байланыштуу берген баалары каралды;

2. Түрк-моңгол элдеринин маданиятын, анын ичинде фольклорун изилдөөдө шаманизмге чоң көңүл бөлүнгөнү, теңирчилик жана тотемизм, анимизм, шаманизм, фетишизмдин айырмасы белгиленди, улуу “Манас”

эпосунда көөнө диний ишенимдердин орду эпикалык аспектиде анализге алынды;

3. Көөнө диний ишенимдердин мифологиясына көңүл бөлүнүү менен, дүйнөнүн жаралышы, ааламдын, адамдын жаратылышына ж.б. байланыштуу көөнө диний мотивдер эпостон алынган мисалдарда талданды;

4. Теңирчилик айрым диний булактарда бардык түрк-моңгол элдеринин дүйнөгө болгон көз карашы катары эсептелгени менен бул элдерди маданий жана руханий жактан бириктирүүчү универсалдуу кубулуш экендиги эпостун мисалында аныкталды;

5. Диндер феномени көптөгөн кылымдар бою түрк-моңгол элдерин уюштуруучу жана бириктирүүчү күч катары болуп келгендиги, айрыкча орто кылымдардагы буддизм, христиан дини жана исламга караганда эффективдүүлүгү белгиленди, алардын эпосто кездешүүсү мисалдарда каралды;

6. Орто кылымдарда теңирчилик ишениминин дүйнөлүк диндер тарабынан акырындап сүрүлүп чыга башташы, бирок, кыргыз элинде ушул күнгө чейин анын салттарынын жана ритуалдарынын сакталышы эпостун С.Каралаев, Б.Сазанов айткан варианттарынын негизинде көрсөтүлдү (согуштук аракеттердин алдында, урушка кирер алдында, узак жана татаал алыскы жолго чыгар алдында ж.б.);

7. Түрк элдериндеги, анын ичиндеги кыргыз элиндеги теңирчилик жана исламдын синкретизми, мусулман догмасынын жана Көк Теңирдин алдындагы бирдиктүү кудайга ишенүүгө негизделген көөнө ишенимдин айкалышып жашоосу “Манас” эпосунун аталган варианттарынын мисалында аныкталды.

# ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диссертацияда алынган илимий натыйжалар кыргыз фольклористикасында эпос жанрына тийиштүү эпикалык мотивдерди фольклор таануучулук мүнөздө изилдөө ишин жандардырууга, аны мындан ары өнүктүрүүгө, күчтөнтүүгө олуттуу өбөлгө, таяныч жана түркү болуп бере алат. Алсак, келечекте кыргыз эпосторун эпикалык көөнө диний мотивдердер сакталып калган үлгүлөр катары карап, көптөгөн маанилүү жана кызыктуу темаларда эпостаануучулук аспекттеги фольклор таануучулук изилдөөлөрдү жүргүзүүгө болот. Ошондой эле  кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгындагы элдик поэмалардан да диний эпикалык мотивдерди аныктоо ишмердүүлүгүн колго алууга толук мүмкүн. Ушул ж.б. иштер кыргыз фольклористикасынын ареалын кеңейтет, масштабын чоңойтот, анын жаңы багыттарда бутактанып өнүгүүсүндө түрткү, стимул болот.

Алсак, биздин болжолубузда келечекте кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын эпикалык үлгүлөрү боюнча төмөнкүдөй темаларда изилдөөлөрдү жасоого болот:

1. Кыргыз эпос таануусунда эпикалык көөнө диний мотивдердин багытынын түптөлүшү жана өнүгүшү

2. Кенже эпостордогу көөнө диний мотивдердин табияты

3. Кыргыз элдик поэмаларындагы диний мотивдердин орун алуусу

4. “Жаныш-Байыш” эпосундагы көөнө диний ишенимдер

5.“Жаңыл Мырза” эпосундагы көөнө диний эпикалык мотивдердин берилиши.

6. Жөө жомоктордогу көөнө диний мотивдер ж.б.

Эгерде зарылчылык туулса, кыргыз фольклорундагы көөнө диний эпикалык мотивдер жөнүндө изилдөөлөрдүн тематикасын мындан дагы байытууга жана арбытууга болот. Кыргыз фольклорундагы эпикалык диний мотивдердин изилдөө багытын өнүктүрүү улуттук илимдеги фольклор таануу тармагынын алкагын кеңейтет.

Ошентип,диссертациялык иштен алынган натыйжалардын практикалык маанисианын негизги жоболору кыргыз элинин көөнө диний ишенимдерин андан ары тереңдетип изилдөө жараянында колдонууга болооруна байланыштуу. Изилдөөнүн темасы окумуштуулар чөйрөсүнүн жана коомчулуктун кызыгууларын жаратат. Дин, маданият чөйрөсүндөгү саясат азыркы мезгилде объективдүү, илимий негизделген, перспективдүү жоболорго муктаж. Ошондуктан, каралып жаткан маселенин практикалык мааниси орчундуу.

## Айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү

**Абсун** - сыйкыр, дуба, кубулта турган дуба.

**Ажайып** - (араб. Азайем) - сыйкыр, дуба, сыйкырдуу окуу.

**Ай туяк** - түлөөгө, курмандыкка мал чалуу расмисинин көрүнүштөрүнүн бири. Бул жерде жылкы союлат. Айга (курмандыкка чалынуучу малдын туягы ак түспөлүнө ээ экендиги - ай туяк), ак түскө (курмандыктын талабына ылайык малдын ак түстө болуусу – ак боз бээ) табынуудан даана көрүнөт.

**Акырет** - (араб. ахерет) о дүйнө, тиги дүйнө. Ислам дининде акырет деп , исламга чейинки диний ишенимдерде аркы дүйнө деп аталган.

**Акыр заман** - (араб. ахира,) акыры, аягы. Бул дүйнөнүн аякташы. Исламга чейинки диний ишенимдерде алаамат, азаптуу, кыйын учурга туш болуу б.с.

**Алтын бут** - сыйынуучу кудайдын колдо алтындан жасалган кебетеси.

**Анимизм** – ( лат. Animus – жан, рух) – материалдык жана материалдык эмес бардык нерселер менен кубулуштар сыйкырдуу, керемет күчкө ээ, алардын үстүнөн башкарып турган жандардын бар экенине карата болгон ишеним.

**Ант** - бузулбас ыйык убада, бүтүм. Эпосто антташып достошуу салты бар. Каармандардын мындай антынан жомоктун чыгыш доорунда же андан кийинки диний ишенимдерде бологондугу жана сөздүн магиялык күчүнө ишенгендиги, шамандык түшүнүктүн болгондугун айгинелейт.

**Арбак** - (араб. арвах, “рух” деген сөздүн көптүк түрү, мааниси жан, тен дегенди билдирет). Арбак эпосто каармандарды кыйын шарттарда коргоп, аларга жардам берип дем берип туруучу сыйкырдуу, касиеттүү күчтүн милдетин аткарат.

**Аяр** – сыйкырчы, эпосто колдоочу, коргоочу деген да мааниси бар.

**Баабедин** - Бахауддин деген ысымдын кыргызча аталышы. Диний уламыш боюнча Бухара шаарынын колдоочу пири. Диний мүнөздөгү бул ырым-жырымда адамдар түрдүү кырсыктардан кутулуу үчүн тилек тилеп, Баабединге атап курмандык чалган. “Манас” эпосунда Баабедин дыйканчылыктын пири катары берилген.

**Бакшы -** (санскрит. мугалим, насаатчы). Эмчи-домчулук, кээде табыпчылык менен кесип кылган, көзү ачыктыгы, колдоочулары бар деп эсептелген адамдар.

**Бир, пир** – (ир. пир, араб. шайх) карыя, аксакал, колдоочу деген мааниде.

**Буркан** - (тени коло, жез буркан). Кудай, жараткан. Будда дининдегилер сыйынуучу, табынуучу металлдан (колодон же жезден) жасалган тулку, идол. Эпосто негизинен калмактардын кудайы катары эсептелинет.

**Дуба** - (араб. дуга - чакырык, дарым). Кыргыздарда өлгөн адамга карата ж.б. диний жөрөлгөлөргө, ырым-жырымдарга байланыштуу аткарылат.

**Дубана, думана** (ир. диване-жинди чалыш, келесоо. Тилемчи, колунда жок). Эпосто кайыптан кабар берген, болочокту мурунтан айткан, жаман кийинген, колунда таягы бар, сырдуу ак сакалчан карыя.

**Жадыкөй** - чоң сыйкырчы, дубакөй, көз боочу. Эпосто магиялык касиеттерге ээ адам катары кеңири сүрөттөлөт.

**Жай таш** - эпосто магиялык күчкө ээ таш. Аны менен дубалоо аркылуу аба-ырайын өзгөртүүгө болот.

**Жайчы** - жайташтын сырдуу магиялык күчү менен аба-ырайын өзгөртүп жиберүү кудуретине ээ адам.

**Жалаңкыч** - (ир. Жан "тын", кырг. "алгыч") Жанды, тынды алуучу, ажал периштеси (Азирейил).

**Жараткан**- кудайдын кыргызча аталышы. "Жарат" кандайдыр бир нерсени пайда кылуу, түзүү, жасап же иштеп чыгуу, дүйнөгө келтирүү. Ага кан мүчөсү уланнуу менен ал атоочтук формага өткөн жана затташкан мааниде кудайды түшүндүргөн.

**Кайым** - (араб. гайем) көрүнбөс, жашыруун, сырдуу.

**Кайып** - (араб. гайба) Жок болуу, жашыруун, көзгө көрүнбөй жашоо. Алданын өзүнө гана белгилүү (эч бир жандын акылы жеткис) жашыруун сыры, билими.

**Кайып эрен** - колдоочу пир.

**Календер** - (ир. галондер) тилемчи. Диний түшүнүктө бул дүйнөнүн жыргалынан кечип, тигил дүйнөдөн зор үмүт кылуу менен жакырчылыкты башынан атайылап өткөргөн, барган жеринде адамдарды ушуга үндөгөн, кайыр-садага сурап, эл ичин кыдырып жайсыз жүргөн адам.

**Камбар ата** - түрк тилдүү мусулман элдеринде жылкынын пири, колдоочусу.

**Кара басуу** - Кыргыздардын байыртадан бери келе жаткан эң эски ишенимдеринин биринен-аял төрөтүнө байланышкан оорунун ээси.

**Кара кийүү**- аза күтүү салты. Күйөөсү же башка тууганы каза болгон аял кара түстөгү кийим кийип, чачын жайып, башына кара жоолук салынып жүрүшү аза күтүү белгисин билдирет.

**Кудай** - алла менен маанилеш. Чексиз бийлөөчү дегенди билдирет.

**Көзү ачык** – кандайдыр бир рухтун жардамы менен купуя сырды, келечекте боло турган иишти алдын-ала биле алган адам.

**Кудурет** – (араб годрет) күч. Алланын эпитет ысымдарынын бири. Алла – таала кудурет, кудуреттүү кудай ж.б. айкалыштарда да учурайт.

**Кыдыр-кызыр** - (араб.хезра - жашыл). Адамдарга жакшылык, ийгилик, бакыт –таалай, байлык алып келүүчү, кыйынчылыкта колдоп жардам берүүчү касиетке ээ ак санатай күч.

**Кырк чилтен** - (ир. чилл - кырк, тен - дене). Кыргызча кырк адам, кырк колдоочу, кырк сыйкырдуу олуя дегенди билдирет. Адамдын көзүнө көрүнбөгөн, сүйгөн кишилерин сүйөмөлөгөн, жакшылык кылуучу касиеттүү дух.

**Лаайлама** - калмак кудайы.

**Лаанат** - бут. Ар түрдүү металдан жасалган адам келбетиндеги сөлөкөт.

**Магия** - “Манаста” сөздүн касиети аркылуу тигил же бул эпикалык сюжетке сыйкырдуу маани киргизүү. Мисалы, Манаста бутпарас дининин бир кыйла издери, ар түрдүү нерселердин магиялык касиетине ишенүү сакталган. Эпосто бир нече жолу магиялык сыйкыр аркылуу жоортулдун эмне менен аяктарын айткан дальчы тууралуу кабар берилет.

**Мазар - (**араб. товаф-табынуу, сыйынуу**) -** дин ишениминде сыйынуучу "ыйык" жер (күмбөз, булак, дарак) ж.б. "Манас" эпосунда кыргыздар ислам динин кабыл алганга чейин шамандык түшүнүктө болгондугун жана мусулман болгондон кийин да, шамандык түшүнүктөрдү сактап калган материалдар көп.

**Мөңдү -** калмакча "кел" деген сөз. Эпосто көбүнчө калмактардын уруш-урааны катары колдонулат.

**Олуя** - (араб. валий-кудайга жакын адам деген түшүнүк). Кең маанисинде келечекте боло турган окуяларды алдын ала даана билип, күн мурунтан болжоп айтып бере турган адам.

**Периште** – бериште, кудайдын элчиси. "Манаста" кездешүүчү мифтик түшүнүк. Мисалы, Умай эне бериште, урду келип баланы.

**Серчи -** сээрчи (араб. сыйкырчы, дубалоочу, дубакөй). Эпосто да сыйкырчы, көз боёчу деген да мааниде жолугат. "Жол адашпас жерчиден, көз байлоочу серчиден".

**Сыйкырчы** – көз боемочу, арбоочу, кубултуучу. Эпосто сыйкырчылардын мааниси кыйынчылык, татаал шарттарда дубанын, жана башка ыкмалардын күчү менен абалды өзгөртүү, чечүү учурларында көрсөтүлөт.

**Тул** - маркумдун адам сөлөкөтүндөгү жыгачтан жасалган тулку. Эри өлгөн аял эринин кебетесине окшоштуруп жыгачтан тулку жасап, ага өлгөн күйөөсүнүн чапанын жаап, үстүнө баш кийим коюп, көшөгө тартып бурчка отургузуп, ашын бергенче сактоочу сөлөкөт.

**Түлөө** - ("тилөө" деген сөздөн) адамдар жараткандан ырайымдуулук, жакшылык сурап, мал союп өткөрүлүүчү диний ырым-жырым. Алгачкы мезгилдерде адамдар табияттын сырларына, күчүнө көбүрөөк көз каранды болуп, андан кайрымдуулук суроого аргасыз болушкан.

**Теңир** - байыркы түрк-моңгол элдеринин эң жогорку кудайынын аты. Теңир алтай тилинде-тенгри, шор тилинде тегри, тува тилинде дээр, хакас тилинде – тигер, тер, чуваш тилинде тура, якут тилинде – тангара, моңгол тилинде – тэнгэр түрүндө айтылат.

**Тиги дүйнө -** Диний мифологиялык түшүнүктө бул ишеним өзгөчө айырмаланып турган. Элдик ишеним боюнча адам өлгөндөн кийинки экинчи дүйнө, өзүнүн түбөлүк жайы. Ошол жерде өмүрү уланып, кадимкидей жашай берет. Ошондуктан, эл жашап жаткан дүйнөсүн "жалган дүйнө", кийинки дүйнөнү "чын дүйнө", же болбосо тиги дүйнө деп бөлгөн.

**Төлгөчү** - төлгө тартуучу адам. Айлана-чөйрөнү, жаратылышты, адамдардын кулк-мүнөзүн айрыкча билген, кандайдыр бир буюмдардын кубулуштарын ж.б. белгилердин жардамы аркылуу алдыда боло турган окуяны, анын мүнөзүн алдын-ала чечмелеп берүүчү адам.

**Умай эне** - балдардын төрөлүшүн жана алардын төрөлгөндөн кийинки убактарындагы ден соолугун сактаган мифтик эне.

**Шаймерден** – (ир. шахи–шаа, колдоочу, пир, мардан-жигит) – баатырлардын колдоочусу, жигиттин пири.

# АДАБИЯТТАР

**I**

1. Абдылдаев, Э. «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары [Текст] / Э.Абдылдаев. – Фрунзе: Илим, 1981. – 265 б.

2. Абдыракунов, Т. Бабалардан калган сөз [Текст]: кыргыз фольклору жөнүндө макалалар / Т. Абдыракунов.– Фрунзе: Илим, 1981. – 163 б.

3. Абдыракунов, Т. Орхон-Енисей жазуулары жана рух башаттары [Текст] / Т.Абдыракунов. – Бишкек: Бийиктик, 2004. – 172 б.

4. Абрамзон, С.М.Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи[Текст]/С.М.Абрамзон. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990. – 480 б.

5. Абрамзон, С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / С.М. Абрамзон; котор. С. Мамбеталиев, Д.Сулайманкулов, С.Макенов. – Бишкек: «Кыргызстан-Сорос» фонду, 1999. – 896 б.

6. Айтматов, Ч.Т. В соавторстве с землёю и водою [Текст]: очерки, ст., беседы, интервью / Ч.Т. Айтматов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1978. – 314 с.

7. Акматалиев, А.А. Тандалган чыгармаларынын жыйнагы [Текст] /А.А.Акматалиев. – Бишкек: Шам, 1998. – Т. 2. –423 б.

8. Акмолдоева, Ш.Б. Древне кыргызская модель мира (на материалах эпоса «Манас») [Текст] / Ш.Б.Акмолдоева. – Бишкек: Илим, 1996. – 220 с.

9. Акмолдоева, Ш.Б. Манас ааламы [Текст] / Ш.Б.Акмолдоева. – Бишкек: Илим, 2003. – 160 б.

10. Анисимов, А.Ф. Этапы развития первобытной религии[Текст] / А. Ф. Анисимов. – М.; Л.: Наука, 1967. – 162 с.

11. Атеистический словарь[Текст] / А. И. Абдусамедов, Р. М. Алейник, Б. А. Алиева [и др.]; под общ. ред. М. П. Новикова. – М.: Политиздат, 1984. – 512 с.

12. Байбосунов, А. Донаучные представления киргизов о природе[Текст] / А. Байбосунов. – Фрунзе: Мектеп, 1990. – 185 с.

13. Байгазиев, С. Манастаануу [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек: [б-сыз], 2000. – 264 б.

14. Байжигитов, К. Кыргыз мифтери, уламыштары жана легендалары [Текст] / К. Байжигитов. – Фрунзе: Илим, 1985. – 171 б.

15. Байтур, А. Тянь-Шань кыргыздарынын коому жана маданияты [Текст] / А. Байтур // Кыргыздар. – Бишкек, 1993. – Т.1. – 621 б.

16. Бартольд, В.В.Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / В.В. Бартольд; түз. О Караев. – Бишкек: Кыргызстан-Сорос фонду, 1997. –456 б.

17. Баялиева, Т.Д. Доисламские верования и их пережитки у киргизов[Текст] / Т.Д. Баялиева. – Фрунзе: Илим, 1972. – 170 с.

18. Баялиева, Т.Д.Религиозные пережитки у киргизов и их преодоление. – [Текст] / Т.Д. Баялиева. – Фрунзе: Илим, 1981. – 101 с.

19. Бекмухамедова, Н.Х. Эволюция женских образов в эпосе “Манас.”[Текст] / Н.Х.Бекмухамедова. – Бишкек: Эркин Тоо, 1997. – 118 с.

20. Бекмухамедова, Н.Х. Эпос “Манас”: проблемы онейротопики и визионотопики (структура, функции, символика)[Текст]/ Н.Х.Бекмухамедова. – Бишкек: Ак-Кара, 2018. – 364 с.

21. Борбугулов, М. “Манас” эпосу[Текст]: башаттары, эволюциясы /М.Борбугулов. – Бишкек: Шам, 2004. – 159 б.

22. Бутанаев, В.Я. Энесай кыргыздары [Текст]: фольклор ж-а тарых / В.Я. Бутанаев, И.И. Бутанаева. – Бишкек: Кыргызстан-Сорос, 2002. – 228 б.

23. Вавилонская башня и другие библейские предания [Текст] / ред. К. Чуковский. – М.: Горизонт, 1991. – 159 с.

24. Валиханов, Ч.Ч. Очерки Джунгарии [Текст] / Ч.Ч. Валиханов //«Манас»: героич. эпос кирг. народа. –Фрунзе, 1968. – С. 38-41.

25. Валиханов, Ч.Ч.Записки о киргизах [Текст] / Ч.Ч. Валиханов // Собр. соч.: в 5 т. – Алма-Ата, 1985. – Т. 2. – С. 7-89.

26. Веселовский, А.Н. Историческая поэтика[Текст] /А.Н. Веселовский. – М.: Высш. шк., 1989. – 404 с.

27. Вико, Джанбатисто. Основание новой науки об общей природе наций[Текст]/ Вико Джанбатисто. – Л.: Гослитиздат, 1940. – 620 с.

28. Гринцер, П.А. Древнеиндийский эпос. Генезис и типология [Текст] /П.А. Гринцер. – М.: Наука, 1974. – 419 с.

29. Гумилев, Л.Н. Древние тюрки [Текст] / Л.Н. Гумилев. – М.: АСТ, 1993. – 576 с.

30. Гумилев, Л.Н. Этногенез и биосфера земли[Текст] / Л.Н. Гумилев. – Л.: Гидрометеоиздат, 1990. – 528 с.

31.Гусев, В.Е. Эстетика фольклора [Текст] / В.Е. Гусев. – Л.: Наука, 1967. – 319 с.

32. Джусупакматов, Л. Каталог пиктографических текстов петроглифов “Саймалы-Таша” [Текст]/ Л.Джусупакматов. – Ош: [б.и.], 2014. – Т.4, ч. 1. – 230 с.

33. Домусульманские верования и обряды в Средней Азии[Текст]/ отв. ред. Г.П. Снесарев, В.Н. Басилов. – М.: Наука, 1975.– 346 с.

34. Дыйканбаева, А. Кыргыз уламыштары [Текст] / А. Дыйканбаева. – Бишкек: КТМУ, 2005. – 348 б.

35. Емельянов, Н.В. Сюжеты якутских олонхо [Текст] / Н.В. Емельянов. – М.: Наука, 1980. – 375 с.

36. Еремина, В.И. Ритуал и фольклор [Текст] / В.И. Еремина. – Л.: Наука, 1991. – 208 с.

37. Жамгырчиева, Г.Т. Кыргыз эпосторундагы архаикалык мотивдер (“Манас”, “Эр Төштүк”, “Кожожаш” эпостору боюнча) [Текст] / Г.Т. Жамгырчиева. – Ош: Кагаз ресурстары, 2015.–305 б.

38. Жирмунский, В.М. Тюркский героический эпос [Текст] / В.М. Жирмунский. – Л.: Наука, 1974. – 727 с.

39. Жусубалиев, А. Кыргыздардын мусулмандашуу тарыхы [Текст] / А. Жусубалиев. – Бишкек: [б-сыз], 2016. – 317 б.

40. Жусупов, К. Кыргыздардын байыркы маданияты (эзелки доордон XII кылымга чейин) [Текст] / К. Жусупов. – Бишкек: Бийиктик, 2006. – 228

б.

41. Ибраимов, К. Көркөм дөөлөттөр дүйнөсүндө[Текст] / К. Ибраимов. – Фрунзе: [б-сыз], 1992. –168 б.

42. Ибраимов, К.Б. Мифологиялык архаика жана азыркы адабияттагы Адам – Табият концепциясы [Текст] / К.Б. Ибраимов. – Фрунзе: Илим, 1991. – 155 б.

43. Ибраимов, О. История кыргызской литературы XX века [Текст]: учеб. / О. Ибраимов. – Бишкек: Бийиктик, 2013. – Т.1. – 480 с.

44. Искендерова, С. Жеке чыгармачылык менен көркөм мурастын айкалышы [Текст] / С. Искендерова. – Бишкек: [б-сыз],2010. – 275 б.

45. Кайыпов, С.Т. Проблемы поэтики эпоса «Эр Тештюк» [Текст] /С.Т. Кайыпов. – Фрунзе: Илим, 1990. –Ч. 1: Гипербола. Сравнение. – 317 с.

46. Калчекеев, К.Б. “Манас” эпосунун түштүк варианттары [Текст] / К.Б. Калчакеев. – Жалал-Абад: [б-сыз], 2002. – 151 б.

47. Калчекеев, К.Б. “Манас” эпопеясындагы сюжеттин көрөңгөлүү салты жана анын ийкемдүү уланып өнүгүүсү [Текст] / К.Б. Калчакеев. – Бишкек: Улуу тоолор, 2016. – 247 б.

48. Кебекова, Б. Кыргыз, казак акындарынын чыгармачылык байланышы [Текст] / Б. Кебекова. – Фрунзе: Илим, 1985. – 234 б.

49. Кебекова, Б. Миф жана уламыштар [Текст] / Б. Кебекова // Кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 2004. – Т. 1. – 247 б.

50. Киргизский героический эпос «Манас» [Текст]: сб. ст. / редкол. М. И. Богданова. – М.: Изд-во АН СССР, 1961. – 378 с.

51. Киссель, М.А. Джамбаттисто Вико [Текст] / М.А. Киссель.– М.: Мысль, 1980. – 197 с.

52. Ксенофонтов, Г.В. Легенды и рассказы о шаманах у якутов, бурят и тунгусов [Текст] / Г.В. Ксенофонтов. – М.: Безбожник, 1930. – 123 с.

53. Кулбаракова, З.А. “Манас” эпосундагы жаныбарлардын көркөм чагылдырылышы жана тотемдик белгилери (С. Орозбаков, С. Каралаевдин варианттарынын негизинде) [Текст] / З.А. Кулбаракова // Автореферат канд.

дисс. – Бишкек: 2019. – 29 б.

54. Королев, К.М. Энциклопедия символов, знаков, эмблем [Текст] / К.М. Королев. – М.: Мидгард, 2005. – 600 с.

55. Кыдырбаева, Р. З. Эпос “Манас”. Генезис. Поэтика. Сказительство. [Текст] / Р.З. Кыдырбаева. – Бишкек: Шам, 1996. – 393 с.

56. Кыдырбаева, Р.З. “В начале было слово...” [Текст] / Р.З. Кыдырбаева. – Бишкек: [б.и.], 2013. – 323 с.

57. Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки [Текст] / жоопту ред. Ж. Таштемиров. – Фрунзе: Илим, 1973. – 706 б.

58. Кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст]. – Бишкек: Шам, 2004. – Т.1. – 683 б.

59. Кыргыз поэзиясынын антологиясы[Текст]: 2 т. / туз. К. Жусупов. – Бишкек: “Кыргызстан- Сорос” фонду, 1999. – 1 китеп. – 740 б.

60. Кыргыздар. Санжыра. Тарых. Мурас. Салт[Текст] / түз. К. Жусупов. – Бишкек: Кыргызстан, 1991. – 1 китеп. – 620 б.

61. Кыргызы. Этногенетические и этнокультурные процессыв древностии средневековье в Центральной Азии [Текст]: материалы Междунар. науч. конф. посвящ. 1000-летию эпоса “Манас”, 22-24 сент., 1994 г. – Бишкек: Кыргызстан, 1996. – 229 с.

62. Кыргыздардын улуттук маданияты [Текст] / [түз. К.Жусупов, Ж.Бакашова, К.Иманалиев, М.К. Өмүрбай уулу]. – Бишкек: Бийиктик, 2012. – 972 б.

63. Леви-Строс, К. Первобытное мышление [Текст] / К. Леви-Строс. – М.: Республика, 1994. – 382 с.

64. Лосев, А.Ф. Античная мифология в её историческом развитии[Текст] / А.Ф. Лосев. – М.: Учпедгиз, 1957. – 620 с.

65. “Манас” эпосун комплекстүү изилдөө маселелери [Текст]: Фрунзе ш. 1990-ж. 13-14-сент. өткөн бүткүл союздук симп. материалдары. – Бишкек: [б-сыз], 1994. – 276 б.

66. Манас [Текст]: энцикл. / башкы ред. А.Карыпкулов. – Бишкек:

Кыргыз энцикл. башкы ред., «Мурас» илимий пропогандалык ишкер долбоору, 1995. – Т.1: Аалам-Манастын музыкасы. – 440 б.

67. Манас [Текст]: энцикл. / башкы ред. А.Карыпкулов. – Бишкек: Кыргыз энцикл. башкы ред., «Мурас» илимий пропогандалык ишкер долбоору, 1995. – Т.2: Манастын сюжети-Ярупа. – 432 б.

68. Маничкин, Н.А. Шаманизм и духовно-магические практики кыргызов [Текст] / Н.А. Маничкин.–М.: ред. В.И. Харитонова.–Смарт Ивент., 2020.–264с.

69. Мелетинский, Е.М. Происхождение героического эпоса. Ранние формы и архаические памятники [Текст] / Е.М. Мелетинский. – М.: ИВЛ, 1963. – 462 с.

70. Мелетинский, Е.М. Поэтика мифа [Текст] /Е.М. Мелетинский. – М.: Вост. лит., 2000. – 407 с.

71. Мелетинский, Е.М. Миф и сказка [Текст] / Е.М. Мелетинский //Фольклор и этнография. – Л., 1970. – С. 139-148.

72. Мифологический словарь [Текст] / гл. ред. Е. М. Мелетинский. – М.: Сов. энцикл., 1990. – 672 с.

73. Мифология древнего мира [Текст]: пер. с англ. / отв. ред. В. А. Якобсон. – М.: Наука,1977. – 455 с.

74. Мифы народов мира [Текст]: энцикл.: в 2 т. / гл. ред. С.А.Токарев. – М.: Сов.энцикл., 1991. – Т.1. – 671 с.

75. Мифы народов мира [Текст]: энцикл.: в 2 т. / гл. ред. С.А.Токарев. – М.: Сов.эцикл., 1992. – Т.2. – 719 с.

76. Молдобаев, И.Б. Эпос «Манас» как источник изучения духовной культуры киргизского народа [Текст] / И.Б. Молдобаев. – Фрунзе: Илим, 1989. – 312 с.

77. Мусаев, С.“Манас” уруу түзүлүшү учурунда [Текст] / С. Мусаев. – Бишкек: [б-сыз],1998. – 108 б.

78. Мурзакметов, А.К. Кыргыз ырым-жырымдары [Текст] / А.К. Мурзакметов. – Ош: [б-сыз], 2005. – 107 б.

79. Мукасов, Ы.М. Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы [Текст] / Ы.М.Мукасов. – Бишкек: Илим, 2004. – 242 б.

80. Нарынбаева, Н.О. Миф. Оозеки кара сөздүн көөнө уңгулары[Текст]: моногр. / Н.О. Нарынбаева. – Бишкек: [б-сыз], 2011. – 238 б.

81. Наследие материальной и духовной культуры Кыргызстана [Текст] / – Бишкек: Илим, 2005. – 157 с.

82. Орозова, Г. Ж. Фольклордук жанрлардын өзгөчөлүгү [Текст] / Г. Ж. Орозова. – Бишкек: [б-сыз], 2021.- 444 б.;

83. Орозобекова, Ж.К. Айтуучулук өнөрдүн тарыхый өсүп-өнүгүү жолу [Текст] / Ж.К. Орозобекова. – Бишкек: [б-сыз], 2003. – 302 б.

84. Осмонов, Ө.Ж. Кыргызстан тарыхы (Эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин)[Текст]: окуу китеби / О. Ж. Осмонов, А. А. Асанканов. – Бишкек: [б-сыз], 2001. – 564 б.

85. Өмүралы уулу, Ч. Теңирчилик (Улуттук философиянын уңгусуна чалгын) [Текст] / Ч. Өмүралы уулу. – Бишкек: Крон фирмасы, 1994. – 288 б.

86. Өмүралиев, Ч. Теңирчилик. Коом. Мамлекет [Текст] / Ч. Өмүралиев. – Бишкек: Кыргыз Жер, 2012. – 304 б.

87. Петраш, Ю.Г. Тоо уламышы[Текст] / Ю. Г. Петраш; котор. Ш. Кулов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1991. – 44 б.

88. Пропп, В.Я. Поэтика фольклора [Текст] / В.Я. Пропп. – М.: Лабиринт, 1998. – 351 с.

89. Пропп, В.Я. Фольклор и действительность[Текст] / В.Я. Пропп. – М.: Наука, 1972. – 325 с.

90. Пухов, И.В. Героический эпос тюрко-монгольских народов в Сибире. Общность, сходства, различия [Текст] / И.В. Пухов // Типология народного эпоса. – М., 1975. – С. 12-63.

91. Радлов, В.В. Образцы народной литературы северных тюркских племен [Текст] / В.В. Радлов. – СПб.: [б.и.], 1872. – Ч.4: Наречия барабинцев, тарских, тобольских и тюменских татар. – 283 с.

92. Радлов, В.В. Образцы народной литературы северных тюркских племен [Текст]/ В.В. Радлов. – СПб.: [б.и.], 1885. – Ч.5: Наречие дикокаменных киргизов. – 599 с.

93. Религия в истории и культуре=Religioninhistoryandculture [Текст]: учеб.для студ. вузов / М.Г. Писманик, Р.Г.Балтанов, Г.Р.Балтанова[и др.]. – М.: ЮНИТИ, 2000. – 591 с.

94. Кислюк, К. В. Религиоведение [Текст]/К. В. Кислюк, О. Н. Кучер. – Ростов н/Д.: Феникс; Харьков: Торсинг, 2003. – 512 с. – (Сер. Учебники и учеб. пособия).

95. Рыбаков, Б.А. Язычество древних славян [Текст] /Б.А. Рыбаков. – М.: Наука, 1981. – 406с.

96. Сарыпбеков, Р. “Манас” эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы [Текст] / Р. Сарыпбеков. – Фрунзе: Илим, 1987. – 151б.

97. Сарыпбеков, Р. Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү [Текст] / Р. Сарыпбеков. – Фрунзе: Илим, 1977. – 149 б.

98. Сайф ад-дин ибн дамулло Шах Аббас Аксикенти жана анын уулу Нурмухаммед [Текст]: тарыхтардын жыйнагы (Мажму атут таворих). – Бишкек: “Акыл” мамконцерни, 1996. – 127 б.

99. Стеблева, И.Я. Поэзия тюрков VI-VIII вв. нашей эры [Текст] / И.Я. Стеблева. – М.: Наука, 1965. – 148 с.

100. Сулайманов, Э. Некоторые имена пиров-покровителей ремесел и домашних промыслов у киргизов [Текст]/ Э. Сулайманов //Ономастика Средней Азии. – Фрунзе, 1982. – Вып. 2. – С. 282-289.

101. Сулейменов, О.О. Язык письмо [Текст] / О.О. Сулейменов. – Алматы: Рим. RIAl., 1998. – 497 с.

102. Сулейменов, О.О. Аз и Я [Текст]: кн. благонамерен. читателя /О.О. Сулейменов. – Алма-Ата: Жазушы, 1975. – 346 с.

103. Солтоноев, Б. Кыргыз тарыхы [Текст] / Б. Солтоноев. – Б. Солтоноев. – Бишкек: Учкун, 1993. – 1- китеп: Тарыхый очерктер. – 208 б.

104. Сооронов, О. “Манас” трилогиясындагы эпикалык окуялардын сүрөттөлүш өзгөчөлүктөрү [Текст] / Тоголок Молдонун варианты; О. Сооронов. – Фрунзе: Илим, 1981. – 120 б.

105. Суванбеков, Ж. Кыргыз элинин баатырдык эпостору [Текст] / Ж. Суванбеков. – Фрунзе: Мектеп, 1970. – 261 б.

106. Сыдыков, А. “Манас” эпосу жана кыргыз оозеки чыгармачылыгынын маселелери[Текст] / А. Сыдыков. – Бишкек: Бийиктик, 2004. – 392 б.

107. Табышалиева, А. Вера в Туркестане: очерк истории религии в Средней Азии и Казахстане [Текст] / А. Табышалиева. – Бишкек: [б.и.], 1993. – 162 с.

108. Тайлор, Э. Первобытная культура[Текст] / Э. Тайлор. – М.: Изд-во полит. лит., 1989. – 573 с.

109. Токарев, С.А. Ранние формы религии и их развитие [Текст] / С. А. Токарев. – М.: Наука, 1964. – 398 с.

110. Токарев, С.А. Религии в истории народов мира[Текст] / С. А. Токарев. – М.: Политиздат, 1965. – 624 с.

111. Топоров, В.Н. О ритуале. Введение в проблематику [Текст] / В.Н. Топоров // Архаический ритуал в фольклорных и раннелитературных памятниках. – М., 1988. – С. 16-42.

112. Урбанаева, И.С. Центральноазиатский шаманизм: философские, исторические, религиозные, экологические аспекты [Текст]: материалы междунар. науч. симп., 20-26 июня1996 г., Улан-Удэ – оз. Байкал). – Улан-Уде: [б.и.], 1996. – 156 с.

113. Үкүбаева, Л. Чынгыз Айтматов жана кыргыз адабияты [Текст] / Л. Үкүбаева. – Бишкек: Турар, 2012. – 380 б.

114. Фиельструп, Ф.А. Из обрядовой жизни киргизов начала ХХ века[Текст] / Ф. А. Фиельструп. – М.: Наука, 2002. – 300 с.

115. Фрейд, З. Введение в психоанализ [Текст] / З. Фрейд. – М.: Наука, 1989. – 445 с.

116. Фрейд, З. Тотем и табу [Текст] / З. Фрейд. – М.: Олимп, 1997.–

448с.

117. Фрейд, З. Толкования сновидений [Текст] / З. Фрейд. – СПб.: Алетейя, 1999. – 664 с.

118. Фромм, Э. Душа человека[Текст] / Э. Фромм. – М.: Республика,1992. – 429 с.

119. Фрэзер, Дж. Золотая ветвь [Текст] / Дж. Фрэзер. – М.: Изд-во полит. лит., 1980. – 831 с.

120. Худяков, Ю.С. Кыргызы на просторах Азии [Текст] / Ю.С. Худяков; отв. ред. Т. К. Чоротегин.– 2-е, доп., испр.– Бишкек: Камекс-Детай; Фонд "Сорос-Кыргызстан", 1995.– 232 с.

121. Чоротегин, Т. К. Кыргыздардын жана Кыргызстандын кыскача тарыхы: (Байыркы замандан тартып бүгүнкү күнгө чейин)[Текст]: тарыхты окуп үйрөнүүчүлөр үчүн / Т.К.Чоротегин, К. Молдокасымов. – Бишкек: Мектеп, 2000. – 160 б.

122. Шериев, Ж. Байыркы жана орто кылымдар түрк адабияты [Текст] /Ж. Шериев. – Бишкек: Кыргызстан-Сорос фонду, 1996. – 199 б.

123. Штернберг, Л.Я. Первобытная религия в свете этнографии [Текст] /Л.Я. Штернберг; под ред. и предис. Я.П. Алькора. – Л.: Изд-во ин-та народов Севера, 1936. – 584 с.

124. Элиаде, М. Словарь религий, обрядов и верований. Миф, религия, культура [Текст] / М.Элиаде. – СПб.: Рудомино, 1997. – 412 с.

125. Эркебаев, А. Элдик эпостон адабий эпоско[Текст] / А. Эркебаев. – Фрунзе: Илим, 1990. – 248 б.

126. Юнг, К.Г. Бог и бессознательное [Текст] / К.Г. Юнг. – М.: Олимп, 1998. – 478 с.

127. Юнусалиев, Б.М. Тандалган эмгектер [Текст] / Б.М. Юнусалиев. – Фрунзе: Илим, 1985. – 509 б.

II

**Көркөм тексттер**:

128. Алпамыш [Текст]: казак эпосу. – Фрунзе: Мектеп, 1965. – 130 б.

129. Алтын-Арыг [Текст]: хакас.героич. эпос. – М.: Гл. ред. вост. лит., 1988. – 237 с.

130. Алтай кай чөрчөктөр [Текст]. – Туулуу-Алтай, 1985. – Т.1. –392 б.

131. Гэсэр [Текст]: бурят.героич. эпос. – М.: Худож. лит., 1968.– 278 с.

132. Джангар [Текст]: эпос. – Элиста: Калмыц. кн. изд-во, 1971. – 407 с.

133. Короглу [Текст].– Баку: Изд. АН Азерб. ССР 1959. – 143с.

134. Көкүл. Карач-Көкүл баяны [Текст]. – Бишкек: Шам, 2003. – 321 б. (“Эл адабияты” сер. 28-т.)

135. Маадай – Кара [Текст]: алтай. героич. эпос. – М.: Гл. ред. вост. лит., 1973. – 465 с.

136. Манас. Көкөтөйдүн ашы. Тыныбек. Семетей баатырдан бир бөлүм [Текст]:эпос. / түз. Р. Сарыпбеков). – Бишкек: “Ала-Тоо” бас., 1994. – 176 б.

137. Манас [Текст]: эпос / С. Орозбак уулунун варианты. – Фрунзе: Кыргызстан, 1978. – 1- китеп. – 296 б.

138. Манас [Текст]: эпос / С. Орозбак уулунун варианты. – Фрунзе: Кыргызстан, 1980. – 2 - китеп. – 449 б.

139. Манас [Текст]: эпос / С. Орозбак уулунун варианты. – Фрунзе: Кыргызстан, 1981. – 3 - китеп. – 346 б.

140. Манас [Текст]: эпос / С. Орозбак уулунун варианты. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 4 - китеп. – 366 б.

141. Манас [Текст]:эпос / С.Каралаевдин варианты. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984. – 1- китеп. – 240 б.

142. Манас [Текст]:эпос / С.Каралаевдин варианты. – Фрунзе: Кыргызстан, 1986. – 2 - китеп. – 262 б.

143. Манас [Текст]: эпос / С.Каралаевдин варианты. – Бишкек:Турар,

2010. – 1008 б.

144. Семетей [Текст]: эпос / С.Каралаевдин варианты. – Фрунзе: Кыргызстан, 1987. – 1- китеп. – 376 б.

145. Семетей [Текст]: эпос / С.Каралаевдин варианты. – Фрунзе: Адабият, 1989. – 2 - китеп. – 344 б.

146. Сейтек [Текст]: эпос / С.Каралаевдин варианты. – Фрунзе: Адабият, 1989. – 5 - китеп. – 352 б.

147. Манас [Текст]: баатырдык эпос /Б.Сазановдун варианты; А. Акматалиевдин жалпы ред. астында;түз. З.Кулбаракова. – Бишкек: [б-сыз], 2017. – 666 б.


148. Семетей [Текст]: баатырдык эпос /Б.Сазановдун варианты; А. Акматалиевдин жалпы ред. астында;түз. Тойчубек кызы Жазгүл.– Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 1-китеп. – 616 б.

149. Семетей. Сейтек [Текст]: баатырдык эпос / Б.Сазановдун варианты; А. Акматалиевдин жалпы ред. астында;түз. Тойчубек кызы Жазгүл, А. Бекболотов, К. Умурзаков. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 2 китеп. – 460 б.

150. Нюргун Боотур Стремительный [Текст]: героич. эпос / ред. Г.У.Эргиса. – Якутск: ЯКГИЗ, 1947. – 387 с.

## ТИРКЕМЕЛЕР

*1-тиркеме*




*2-тиркеме*

**Къънъ диний ишенимдерди чагылдырган с\ръттър**


*(1-с\рът)*


*(2-с\рът)*


*(3-с\рът)*



*(4-с\рът)*


*(5-с\рът)*


*(6-с\рът)*




*(7-с\рът)* *(8-с\рът)*




*(9-с\рът)* *(10-с\рът)*




*(11-с\рът)* *(12-с\рът)*